Үч жаштан жети жашка чейинки балдарды өнүктүрүү жана окутуу боюнча

# КОЛДОНМО



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

unicef

Үч жаштан жети жашка чейинки балдарды өнүктүрүү жана окутуу боюнча

# КОЛДОНМО

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

unicef

БИШКЕК 2014

Колдонмо балдарды окутуунун жана өнүктүрүүнүн курактык көрсөткүчтөрү боюнча зарыл маалыматтардын концепциялык жыйындысын билдирет. Ал педагогдордун, ата-энелердин жана кенже курактагы балдарды өнүктүрүүгө таламдаш бардык адамдардын практикалык иш-аракеттерине багыт берүү жана жакшыртуу менен балдарды окутуунун жана өнүктүрүүнүн түпкү максатын жана күтүлгөн натыйжаларын чагылдырат.

Бул колдонмодо балдарды өнүктүрүүнүн ар кандай жактары жана аларды окутууга карата ыкмалар кең-кесири сүрөттөлгөн, балдардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жумушчу эксперттик топ иштеп чыккан колдонмонун индикаторлору, ошондой эле ата-энелер жана педагогдор үчүн сунуштар келтирилген.

Бул колдонмону мектепке чейинки мекемелердин тарбиячыларынын квалификациясын жогорулатуу үчүн, педагогикалык ЖОЖдордун студенттерин окутууда, жеке практикада, кенже курактагы балдарга билим берүүнүн жана аларды багуунун сапатын жакшыртуу максатында ата-энелердин педагогикалык компетенциясын жогорулатуу үчүн окуу курал катары колдонууга болот.

мукаба, макет Эмиль ТИЛЕКОВ, Айым ТИЛЕКОВА
калыптоо Айым ТИЛЕКОВА

нускасы 1200

© The United Nations Children's Fund (UNICEF) 2014

# МАЗМУНУ


7 1 БӨЛҮК **ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО**

- ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО
- ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМОНУ ИШТЕП ЧЫГУУНУН ЖАЛПЫ ПРИНЦИПТЕРИ
- КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО
- КОЛДОНМОНУ ИШТЕП ЧЫГУУНУН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ
- КОЛДОНМОНУ ИШТЕП ЧЫГУУ
- БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМОНУН ПРИНЦИПТЕРИ
- БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМОНУН МАКСАТТАРЫ
- БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМОНУН ТҮЗҮМҮ
- КОЛДОНМОНУ ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА СУНУШТАР ЖАНА МАМИЛЕЛЕР

21 2 БӨЛҮК **ӨНҮКТҮРҮҮ ТАРАПТАРЫ ЖАНА ОКУТУУГА МАМИЛЕЛЕР**

- ДЕНЕ-БОЙДУН САЛАМАТТЫГЫ ЖАНА МОТОРИКАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ
- СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ
- КОГНИТИВДИК ӨНҮКТҮРҮҮ
- ОКУТУУГА МАМИЛЕЛЕР
- ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАНА ЭСТЕТИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ

37 3 БӨЛҮК **АТА-ЭНЕЛЕР ЖАНА ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР**

- АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР
- ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

45 4 БӨЛҮК **ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ОКУТУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КОЛДОНМО**

# КИРИШҮҮ

**Ымыркай кезден жети жашка чейинки курактагы балдарды өнүктүрүү жана окутуу** ата-энелердин, педагогдордун жана бүткүл коомдун биргелешкен жана координацияланган күч-аракеттеринин маанилүү багыттарынын бири болуп саналат, анткени дал ушул куракта балдардын социалдык, эмоциялык, дене бой жактан, когнитивдик жана эстетикалык өнүгүшү алда канча ыкчам жүрөт.

Кенже курактагы балдарды өнүктүрүү жана окутуу үчүн жооптуу адамдардын бардыгынын аракеттери макулдашылышы жана алар менен ишенимдүү, натыйжалуу жана ар тараптуу иштөөнү билдириши өтө маанилүү. Дал ошондуктан балдардын ата-энелери, балдар менен иштеген кесипкөй адистер, ошондой эле кенже курактагы балдарды окутууга жана өнүктүрүүгө кызыкдар болгон Кыргызстандын бардык жарандары пайдалана ала турган колдонмо өтө маанилүү жана заманбап болуп саналат.

**Үч жаштан жети жашка чейинки балдарды өнүктүрүү жана окутуу боюнча колдонмо**[1] — бул мамлекеттик жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүн, балдарды наристе кезинен өнүктүрүү жаатындагы эксперттерди, жергиликтүү жана эл аралык изилдөөчүлөрдү жана консультанттарды, практик-педагогдорду жана ата-энелерди камтыган ведомстволор аралык команданын көп жылдык эмгеги.

Бул колдонмодо балдарды өнүктүрүүнүн ар кандай жактары жана аларды окутууга карата ыкмалар кең-кесири сүрөттөлгөн, балдардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жумушчу эксперттик топ иштеп чыккан колдонмонун индикаторлору, ошондой эле ата-энелер жана педагогдор үчүн сунуштар келтирилген.

Бул колдонмону мектепке чейинки мекемелердин тарбиячыларынын квалификациясын жогорулатуу үчүн, педагогикалык ЖОЖдордун студенттерин окутууда, жеке практикада, кенже курактагы балдарга билим берүүнүн жана аларды багуунун сапатын жакшыртуу максатында ата-энелердин педагогикалык компетенциясын жогорулатуу үчүн окуу курал катары колдонууга болот.

[1] Үч жаштан жети жашка чейинки балдарды окутуу жана өнүктүрүү боюнча колдонмо «Наристе курактагы балдарды өнүктүрүү максатында тамактандыруу жана багуу» долбоорунун алкагында нөлдөн үч жашка чейинки балдар үчүн колдонмону иштеп чыгуу демилгесин Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги өзүнө алгандыгына байланыштуу иштелип чыкты.



1 БӨЛҮК

# ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО

- ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО
- ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ОКУТУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КОЛДОНМОНУ ИШТЕП ЧЫГУУНУН ЖАЛПЫ ПРИНЦИПТЕРИ
- КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО
- КОЛДОНМОНУ ИШТЕП ЧЫГУУНУН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ
- КОЛДОНМОНУ ИШТЕП ЧЫГУУ
- БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМОНУН ПРИНЦИПТЕРИ
- БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМОНУН МАКСАТТАРЫ
- БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМОНУН ТҮЗҮМҮ
- КОЛДОНМОНУ ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА СУНУШТАР ЖАНА МАМИЛЕЛЕР

# ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО

**Үч жаштан жети жашка чейинки балдарды окутуу жана өнүктүрүү боюнча колдонмо** — бул балдарды тарбиялоонун жана окутуунун мазмунуна, балдардын өнүгүү деңгээлине коюлуучу минималдуу ченемдердин жана талаптардын системасы.

Колдонмо бала төрөлгөндөн тартып жана мектепке барганга чейин баланы үй-бүлөнүн алкагында, ошондой эле балдарды наристе кезинен тартып өнүктүрүүгө тиешеси бар башка чөйрөлөрдө: мектепке чейинки билим берүү программаларынын, балдардын укуктарын коргоо программаларынын, медициналык, социалдык жана эл аралык программалардын алкагында окутуу жана өнүктүрүү үчүн иштелип чыкты.

Колдонмо балдарды окутуунун жана өнүктүрүүнүн курактык көрсөткүчтөрү боюнча зарыл маалыматтардын концепциялык жыйындысын билдирет. Ал педагогдордун, ата-энелердин жана кенже курактагы балдарды өнүктүрүүгө таламдаш бардык адамдардын практикалык иш-аракеттерине багыт берүү жана жакшыртуу менен балдарды окутуунун жана өнүктүрүүнүн түпкү максатын жана күтүлгөн натыйжаларын чагылдырат.

Колдонмо балдарды наристе кезинен өнүктүрүү жаатында заманбап изилдөөлөргө, окутуунун жана тарбиялоонун мыкты практикаларына, кенже курактагы балдарды өнүктүрүү жаатында иш алып барган педагог-практиктердин, илимпоздордун жана эксперттердин улуттук жана эл аралык тажрыйбаларына, ата-энелердин жана жамааттардын сунуштарына негизделди.

Балдарды окутуу жана өнүктүрүү боюнча колдонмону иштеп чыгууда баланын кайталангыстыгы, аны өнүктүрүүнүн *бүтүндүк* мүнөзү, баланын жеке өзгөчөлүгү (индивидуалдуулугу) жана анын окууга жана өнүгүүгө муктаждыгы, баланын негизги укуктары менен кызыкчылыктарын сактоо зарылдыгы жана кенже курактагы балдарды окутууга жана өнүктүрүүгө катышкан чоң кишилердин жоопкерчилиги эске алынды.

# ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМОНУ ИШТЕП ЧЫГУУНУН ЖАЛПЫ ПРИНЦИПТЕРИ


## БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА ЖАЛПЫ КОЛДОНМО ТӨМӨНКҮДӨЙ ПРИНЦИПТЕРГЕ НЕГИЗДЕЛДИ:



Кенже курактагы балдарды окутууда жана өнүктүрүүдө үй-бүлөнүн/ата-энелердин, педагогдордун, жамааттын жана өнүктүрүүчү чөйрөнүн өз ара эриш-аркак аракеттенүүсүнүн маанилүүлүгүн таануу.

Ар кандай курактык топтордогу балдардын курактык жөндөмдөрүнө шайкеш келген жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алган индикаторлорду ишке киргизүү.





Окууга жана өнүгүүгө ар бир баланын мүмкүнчүлүгүн жана жөндөмдүүлүгүн таануу.

Окуу жана өнүгүү процессинде балдар оюн, кыймыл-аракет жана сабактар аркылуу айлана-чөйрөнү жигердүү иликтеп жана таанып-билип, педагогдор жана ата-энелер менен эриш-аркак аракеттенет.





Колдонмо коомдун мультимаданияттуулугун: тилдик жана маданий айырмачылыктарды эске алат.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ОКУТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО

## КОЛДОНМОНУ ИШТЕП ЧЫГУУНУН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

Кыргызстан — «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» боюнча мамлекеттик стандарты расмий кабыл алган советтик мезгилден кийинки мейкиндиктин аймагындагы алгачкы мамлекеттердин бири, Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» боюнча мамлекеттик стандарты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 16-январындагы №17 токтому менен бекитилген. Азыркы учурда бул стандарт жеткире иштелип чыккан жана бекитилген. Ал алты айдан жети жашка чейинки курактагы балдарга мектепке чейинки билим берүүгө жана аларды кароого, анын ичинде мамлекет жана башка таламдаш субъектилер (жамааттар, жеке жактар ж.б.) көрсөтүүчү билим берүүчү, медициналык, юридикалык, уюштуруучулук кызмат көрсөтүүлөргө жана иш-чараларга коюлуучу бирдиктүү талаптарды белгилейт.

«Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» боюнча мамлекеттик стандарт балдарды тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн, педагогикалык кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатуу максатында, ошондой эле мектепке чейинки курактагы балдарга билим берүү кызматын көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү үчүн ар кыл мектепке чейинки билим берүү программаларында колдонулушу мүмкүн болгон зарыл критерийлердин сыпаттамасын камтыйт. Бирок «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» боюнча мамлекеттик стандарт ченемдик, укуктук документ болгондуктан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген регламентке ылайык ага кенже курактагы балдарды өнүктүрүү стандарттары кирбей калган, ошондуктан мындай өнүктүрүү стандартын иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыкты. Стандарттар баланын курагына жана өнүктүрүүнүн дене бой жагынан, психологиялык, эмоциялык, социалдык ж.б. багыттарына ылайык баланы өнүктүрүү индикаторлорунун кең-кесири сыпаттамасын камтууну көздөйт.

Балдарды наристе кезинен өнүктүрүүнүн балдарды өнүктүрүү багыттарын жана компоненттерин ийне-жибине чейин компетенттүү сыпаттоону камтыган стандартын иштеп чыгуу зарылдыгы мындай стандарт алгачкы жолу иш-



телип жаткандыктан, ага колдоо көрсөтүү өтүнүчү менен бир катар адистердин ЮНИСЕФке кайрылышын шарттады.

## КОЛДОНМОНУ ИШТЕП ЧЫГУУ

ЮНИСЕФтин демилгеси боюнча 2006-жылы жумушчу топ түзүлгөн, анын курамына Билим берүү министрлигинен, Саламаттык сактоо министрлигинен, Эмгек жана социалдык коргоо министрлигинен, Финансы министрлигинен, Кыргыз билим берүү академиясынан, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинен балдарды наристе кезинен өнүктүрүү маселелери боюнча эксперттер, өкмөттүк эмес сектордун өкүлдөрү, ошондой эле психологдор, логопеддер, практиктер (балдар бакчаларынын методисттери жана тарбиячылары) жана эл аралык деңгээлде наристе балдар жаатында иштеген адистер кирди. Жумушчу топ Япония, Израиль, АКШ жана башка бир катар алдынкы өлкөлөрдөгү балдарды наристе кезинен өнүктүрүүнүн эл аралык стандарттарын иштеп чыгуунун тажрыйбасын иликтеди.

2007-жылы жумушчу топтун мүчөлөрү Колумбия университетинин Педагогикалык колледжинин (АКШ) профессору Шарон Линн Кагандын жетекчилиги астында Ташкент шаарында (Өзбекстан) өткөн наристе кезинен окутуу жана

өнүктүрүү стандарттары боюнча эл аралык семинарда окуудан өттү. Семинардын катышуучулары баланы наристе кезинен өнүктүрүү жаатындагы теориялык мамилелерге, ошондой эле балдардын курагына ылайык стандарттарды иштеп чыгуунун практикалык билимдерине ээ болушту.

Семинардан кийин жумушчу топ улуттук стандарттарды иштеп чыгуу үчүн маалымат топтоо максатында Кыргызстандын облустарында бир катар региондук семинарларды өткөрдү. Андан соң стандарттарды иштеп чыгуу жаатында региондук өкүлдөрдөн, ошондой эле алдынкы эл аралык эксперттер — Шарон Линн Кагандан (Колумбия университети) жана Пий Бриттодон (Йель университети) алынган сунуштарды жана рекомендацияларды эске алуу менен стандарттардын алгачкы (долбоордук) варианты иштелип чыкты.

Эл аралык эксперттер стандарттардын иштелип чыккан варианты эл аралык принциптер менен ченемдерге төп келет жана балдарды наристе кезинен өнүктүрүү жаатындагы соңку изилдөөлөрдү түшүнүүнү жана эске алууну чагылдырат деп белгилешти, ошондой эле балдарды өнүктүрүүнүн индикаторлорун жана ата-энелер менен педагогдорго сунуштарды камтыган түзүмүн жактырды. Иштелип чыккан документ республиканын бардык региондорунда сыноодон өткөрүлдү.



## КОЛДОНМОНУН ПРИНЦИПТЕРИ

### ЖАКШЫ НИЕТТЕГИ МАМИЛЕ

Кичинекей баланы социалдык жана эмоциялык өнүктүрүү анын когнитивдик өнүгүшү үчүн негиз болуп саналат. Балдар өзүнүн физиологиялык муктаждыктары канааттандырылган жана өзүн корголуу, уникалдуу инсан деп сезген чөйрөдө эң жакшы окуйт. Бул аларга жаңы көндүмдөрдү жана билимдерди мыкты өздөштүрүүгө жана аларга ээ болууга мүмкүндүк берет. Наристе кезде билимдерди өздөштүрүү баланын зиректиги, баарына кызыгуусу, чыгармачылдыгы, өз алдынчалыгы, кызматташууга даярдыгы жана өжөрлүгү менен өбөлгөлөнөт.

Жеке өзүнүн «менин» калыптандыруу жана аны курчап турган дүйнөнү билүү фактысын аңдап-түшүнүү баланын курдаштары жана чоң кишилер менен эриш-аркак аракеттенишүүсүнө байланыштуу. Балада өзүнө оң жана жогорку баа берүүнү калыптандыруу, ошондой эле анда өзүн адекваттуу кармай билүүнү жана башкалар менен өз ара аракеттенишүүдө өзүнүн милдеттерин аңдап-түшүнүүнү иштеп чыгуу өтө маанилүү болуп саналат. Эреже катары, бала наристе курагында көргөн мээримдин жана камкордуктун натыйжасында өзүнө өзү ишенүү, күмөн санабоо (самодостаточность) сезими калыптанган балдар мектепте жакшы окуйт. Ошондой эле чоң кишилер жана курдаштары менен өз ара мамилелерди түзүүгө мүмкүндүк берүүчү социалдык көндүмдөрү жана жүрүм-турумунун ваританттары иштелип чыккан балдар да жакшы окуйт.

### БАЛДАРДЫ АНДАН АРЫ ОКУТУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН НЕГИЗ

Балдар өздөрүн курчап турган дүйнөнү жигердүү таанып билишет. Дүйнө таанууда алар адамдар менен, өздөрүн курчап турган дүйнөдөгү объектилер жана буюмдар менен өз ара аракеттенишүү тажрыйбасына таянышат. Оюндардын, жаңы маалыматтардын жана бир нерселерди билүүгө дилгирлигинин натыйжасында алынган тажрыйба үйрөнүү үчүн негиздерди түзөт. Наристе курактагы балдарга аларда өздөрүн курчап турган дүйнөнү түшүнүүсү калыптаныш үчүн ар кандай материалдарды иликтөөгө, конкреттүү аракеттерди аткарууга, теңтуштары жана чоң кишилер менен өз ара аракеттенишүүгө мүмкүнчүлүк берүү керек. Андан ары окутуу үчүн мыкты негиздер балдар өздөрүн курчап турган чөйрө менен эриш-аркак аракеттенишүүнүн көп түрдүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болгондо түптөлөт.

Оюн бардык чөйрөлөрдө окутуунун жана өнүктүрүүнүн каражаты болуп саналат. Бул балдарга алардын келечек жашоосунда керек болуучу көндүмдөрдү өнүктүрүүдө тажрыйба топтоого мүмкүндүк берет. Баланы наристе кезинен

окутуу боюнча адистер жана ата-энелер аңдап-түшүнүлгөн оюн окутуунун негизги каражаты боло турган шарттарды түзүүгө тийиш.

## ПЕДАГОГДОРДУН ҮЙ-БҮЛӨ МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНИШҮҮСҮНҮН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Педагогдор менен ата-энелердин бирдиктүү иши — педагогикалык процесстин ажырагыс бөлүгү.

Үй-бүлөдө баланын окууга жана өзүн курчап турган дүйнөнү түшүнүүгө мамилеси калыптанат. Балдар өзү менен кошо үй-бүлөдөн окуу чөйрөсүнө алып чыккан тил менен маданият аркылуу алар өздөрүн курчап турган дүйнөнү, келип түшкөн маалыматты кабылдашат. Баланы наристе кезинен окутуу боюнча адистер үй-бүлө менен дайыма баарлашуу аркылуу балдардын үйүндө үйрөнгөндөрүн байытат жана балага билим берүүгө катышкан теңдеш өнөк катары үй-бүлөлөрдү өнүктүрүүнү колдойт. Баланы наристе кезинен окутуу боюнча адистин иши үй-бүлөнүн этностук маданиятын эске алып, аны менен эриш-аркак аракеттенгенде гана алда канча натыйжалуу болот.

Педагогдор менен ата-энелер максаттуу установкаларда, талап коюуда бирдиктүү болууга, баланын кыйынчылыктары жана өзгөчөлүктөрү тууралуу өз ара маалымат алмашып турууга, анын инсандыгынын оң жактарына таянуу менен, баланын кичинекей оң ийгилигин бекемдеп турууга тийиш.

Педагогдор менен ата-энелер баланын курактык калыптануу мыйзам ченемдерин билүүгө, баланын дене бой жагынан жана психикалык ден соолугун чыңдоого багытталган бирдиктүү иш-чаралардын планын белгилөөгө тийиш.

Заманбап адамдын психологиясынын өнүгүшү наристе кезден түптөлөт жана ага коомдун таасир тийгизүүсүнүн, айланасындагы адамдардын, баарынан мурда анын жакын адамдарынын, үй-бүлөсүнүн таасир тийгизүүсүнүн педагогикалык мүнөздөмөлөрү менен алдын ала аныкталат.

## БАЛАНЫ ОКУТУУНУН ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮНҮН АР КЫЛ ЖАКТАРЫНЫН ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШЫ

Баланы окутуунун жана өнүктүрүүнүн бардык жактары бири-бири менен өз ара тыгыз байланышкан, бир тарабын өнүктүрүү башкасын өнүктүрүүгө түрткү болот, ошондуктан кенже куракктагы балдарды бир эле учурда бардык жагынан өнүктүрүү (инсанды бүтүндөй өнүктүрүү) керек.

Интеграцияланган, бирдиктүү билим берүү баланын өсүшүн жана өнүгүшүн камсыз кылат. Ар бир тармак башкаларына таасир этет жана алардын та-

асиринде болот. Мисалы, жаңы моторикалык жөндөмдүүлүктөрү — чуркоо, секирүү билгичтиги (дене боюн өнүктүрүү) — баланын когнитивдик өнүгүшүн жакшыртат.

Жашоо — бул кыймылдар системасы. Баланын ички дүйнөсүнүн бардык процесстерин (канааттануу, таңдануу, көңүл коюу, чыгармачылык изденүү д. у. с.) кыймыл менен билдирүүгө болот. Сиздин балаңыз канчалык көп нерсеге жетүүгө тийиш! Ал төрт түрдүү дүйнөнү: жаратылыш дүйнөсүн, адам колунан жаралган дүйнөнү, адамдардын дүйнөсүн жана өзүнүн «Мениnин» ички дүйнөсүн таанып-билүүнүн алдында турат. Жок дегенде ушунун үч пунктунун өнүгүшү баланын дене бой жагынан жигердүүлүгүн камсыз кылат.

Мектепке чейинки мезгил ургаалдуу өнүгүү мезгили болуп саналат, бул мезгилде баланын дене бой жагынан, психикалык ден соолугунун жана адеп-ахлактык жүрүм-турумунун негизи түптөлөт. Баланын келечеги көп жагынан ал кандай шарттарда өткөнүнө байланыштуу болот. Анын үстүнө инсандын социалдашуусуна таасир тийгизүүчү көптөгөн факторлор дал ушул убаланын мектепке чейинки өнүгүү мезгилинде түптөлөт жана калыптанат.

## КОЛДОНМОНУН МАКСАТТАРЫ

- Кенже курактагы балдарды окутуунун жана өнүктүрүүнүн сапатын жакшыртуу, кенже курактагы балдарды өнүктүрүү *маселелери боюнча* педагогдордун кесипкөйлүгүн жана ата-энелердин компетенциясын жогорулатуу, мектепке чейинки окутуунун жана өнүктүрүүнүн альтернативалуу *программаларын* өнүктүрүү.

- «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» боюнча *Кыргыз Республикасынын* мамлекеттик *билим берүү* стандартын жүзөгө *ашырууга көмөктөшүү.*

- Бардык балдардын кызыкчылыктарын эске алган жана өнүктүрүүнүн индикаторлорун, жекече *өзгөчөлүктөрүнө* жараша ар бир баланын өнүгүү темптерине байкоо жүргүзүү жана прогрессине баа берүү боюнча сунуштарды камтыган документти түзүү.

- Педагогдорго жана ата-энелерге балдардын өнүгүшүнүн курактык деңгээлине туура келген, жекече өнүгүшүн, ошондой эле үй-бүлө жана коом менен социалдык кызматташуусун өбөлгөлөгөн жана колдогон ар кандай ыкмаларды жана материалдарды пайдалануу менен балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү боюнча сунуштарды берүү.

- Кенже курактагы балдарды окутуу жана өнүктүрүү үчүн курчап турган ко-

опсуз чөйрөнү сактоо; кенже курактагы балдардын кызыкчылыгында улантуучулук жана кызматташтык принциптеринде мектепке чейинки жана мектептеги билим берүүнүн байланышын өнүктүрүү.

- Баланын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен үй шартында аны өнүктүрүү боюнча окуу куралы катары колдонмону пайдаланууга үй-бүлөлөргө мүмкүнчүлүк берүү.

- Инсанды ар тараптан өнүктүрүүгө, анын ичинде акыл-эс, дене бой жагынан, эмоциялык жана социалдык өнүктүрүүгө багытталган окутууга интеграцияланган мамиле боюнча сунуштар.

## КОЛДОНМОНУН ТҮЗҮМҮ

Колдонмо баланы өнүктүрүүнүн беш негизги тарабын камтыйт. Өз кезегинде, алардын ар бири бир-эки тарапчаны камтыйт, тарапчалар өнүктүрүүнүн бирден төрткө чейинки компонентин камтышы мүмкүн, компоненттердин ар бири бирден төрткө чейинки стандарттардан (өнүктүрүүнүн күтүлгөн көрсөткүчтөрүнөн) турат, стандарттар «үч-беш жаштагы бала» жана «беш-жети жаштагы бала» деп аталган курактык мезгилдерге бөлүү менен жөнгө салынат.

<table>
<tr><td colspan="3">ЖАК</td></tr>
<tr><td colspan="3">ЧАКАН ЖАК</td></tr>
<tr><td colspan="3">КОМПОНЕНТ</td></tr>
<tr><td colspan="3">СТАНДАРТ</td></tr>
<tr><td>Курак боюнча индикаторлор:<br>3-5 жаш<br>5-7 жаш</td><td>Педагогдор үчүн сунуштар</td><td>Педагогдор үчүн сунуштар</td></tr>
</table>

Баланы өнүктүрүү **ЖАГЫ** төмөнкүдөй конкреттүү багыттардан турат: «Социалдык-эмоциялык өнүктүрүү», «Дене-бойдун саламаттыгы жана моторикасы өнүктүрүү», «Окутууга мамилелер», «Чыгармачыл жана эстетикалык өнүктүрүү», «Когнитивдик өнүктүрүү».

Жактардын концепциясы окутуунун жана өнүктүрүүнүн баланын ар тараптуу өнүгүшүндө маанилүү роль ойноочу бардык багыттарын ар тараптан камтуусуну камсыз кылат.

**ЧАКАН ЖАК** — бул жактарды топчолорго бөлүү. Окутуунун жана өнүктүрүүнүн негизги тараптары өнүктүрүүнүн белгилүү аспекттерин камтыйт жана алардын конкреттүү багытын көрсөтөт.

**КОМПОНЕНТ** (конкреттүү аспект) — бул андан ары бөлүү, ал чакан жактардагы бирдиктер болуп саналат, мисалы, «Социалдык өнүктүрүү» «Турмуштук көндүмдөр» жана «Чоң кишилер менен өз ара мамилелер» деп бөлүнүшү мүмкүн.

Компоненттердин мазмуну жактын жана чакан жактын идеялары менен максаттарын чагылдырат, ошондой эле стандарттардын мазмунуна жана максаттарына таасир этет.

**СТАНДАРТ** — бул бала белгилүү курактык деңгээлге жеткенде анын билимине, билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө келечектүү баа берүү (мисалы, үч-беш жаштагы балдар өзүн-өзү тейлөөнүн билгичтиктерин жана көндүмдөрүн көрсөтөт).

Стандарттар конкреттүү багытка ээ; тарапчанын максаттарын жана идеяларын чагылдырат; түшүнүктөргө так аныктама берет; баланы окутууда жана өнүктүрүүдө биз эмнеге жетишүүнү каалаганыбызды аныктоого жардам берет; өлчөө үчүн негиздерди белгилейт; мектепке даярдыкка баа берүү үчүн аспап боло алат.

**ИНДИКАТОР** — бул тиешелүү курактык топ менен өлчөнүүчү жана ага төп келген жүрүм-турумду жана билимдерди келечектүү баалоо (мисалы, беш жашка келгенде бала кийимин өз алдынча кийгенди жана чечкенди билүүгө тийиш).

Индикаторлор стандарттын маани-маңызын толук чагылдырат жана бүт аспекттерин камтыйт; баланын курагына шайкеш келет; тактыгын жана стандарт менен ошондой эле өз ара шайкештигин көрсөтүп турат; бул байкоого (угууга, көрүүгө) боло турган нерселер, алар балдардын аракеттеринен, сөздөрүнөн, жүрүм-турумунан көрүнүп турат жана байкоо үчүн жеңил болууга тийиш; мурдагы индикаторго карама-каршы келбейт, башкача айтканда, алар бир эле курактык топ үчүн мурдагы индикатордон жеңил болууга тийиш эмес.

Ата-энелер жана педагогдор үчүн **СУНУШТАР** — булар ата-энелерге, үй-бүлөлөргө жана педагогдорго тиешелүү стандарттарга жана индикаторлорго жетишүүгө өбөлгө болуучу кеңештер.

Ата-энелерге жана педагогдорго сунуштар бири бирине дал келиши мүмкүн, бирок кесипкөйлөргө академиялык мамиле (подход) ыкма, ал эми ата-энелерге алардын жеке жана үй-бүлөлүк тажрыйбасына, үй-бүлөнүн, ошондой эле бүтүндөй алганда жамааттын салттарына жана этностук-маданий дөөлөттөрүнө негизделген мамиле (подход) сунуш кылынат. Сунуштар өз ара аракеттенүү жана алмашуу принциби боюнча иштелип чыкты: ата-энелер педагогдордун *сунуштарын* ийгиликтүү колдоно алат жана тескерисинче.



## КӨҢҮЛ БУРУҢУЗДАР

- Стандарттар өзү багытталган курактык топтордун көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн толук өлчөмдө билдирет.

- Баланы окутуунун жана өнүктүрүүнүн бардык тараптары бири-бири менен тыгыз байланыштуу, бир тарапты өнүктүрүү башка тарапты өнүктүрүүгө көмөктөшөт, ошондуктан кенже курактагы балдарды бир эле учурда бардык тараптан өнүктүрүү (*бүтүндөй* өнүктүрүү) керек. Өнүктүрүүнүн бир тарабына көңүл топтоо башка жактардын өнүгүшүнө терс таасир этет.

- Өнүктүрүүнүн ар бир тарабынын өз өзгөчөлүгү жана ага гана мүнөздүү максаттары менен милдеттери бар, өз кезегинде, бул максаттарга жетишүү өнүктүрүүнүн башка тарабынын максаттарын жана милдеттерин турмушка ашырууга алып келет.

## КОЛДОНМОНУ ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА СУНУШТАР ЖАНА ЫКМАЛАР

Колдонмо практикалык, көмөкчү жана сунушталуучу материалдарды камтыйт, аларды үй-бүлөлөр, педагогдор, кенже курактагы балдарды өнүктүрүү боюнча адистер, билим берүү уюмдары, жамааттар, өкмөттүк эмес уюмдар (ӨЭУ), ошондой эле кенже курактагы балдарды өнүктүрүүгө кызыкдар ар кандай жактар пайдалана алат.

Кыргызстанда кенже курактагы балдарды өнүктүрүү маселелеринде ата-энелер жана педагогдор үчүн окутуудагы дифференциацияланган мамиле, ошондой эле ата-энелер менен педагогдордун эриш-аркак аракеттенүүсү улуттук стратегиянын артыкчылыгы болуп калат.

Колдонмону пайдалануу боюнча сунуштар үй-бүлөлөр, педагогдор жана балдар дайыма жана практикалык түрдө эриш-аркак аракеттенген учурда гана майнаптуу болот. Мындай мамиле балдардын табигый ынтызарлыгын жана окууга дилгирлигин арттырат.

Колдонмо окуу программасы эместигин, ал сунуштоо мүнөзүндө экенин белгилеп коюу маанилүү. Колдонмонун маанилүүлүгүн үч жаштан баштап жана мектепке киргенге чейинки ар бир баланын өзгөчөлүктөрүн: өнүгүүнүн ар кандай темптерин, дене бой жактан, эмоциялык жана акыл-эс жактан жөндөмдүүлүктөрүнүн бирдей эместигин эске алгандыгында турат.

Бул окуу куралы *өнүгүнүн* стандарттарын улуттук деңгээлде, ошондой эле уюмдардын, жамааттардын, ӨЭУлардын, эл аралык долбоорлордун жана айрым жактардын жана башкалардын төмөнкү багыттарда колдонушу боюнча сунуштарды камтыйт:

- билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясат;
- улуттук мониторинг (улуттук прогрессти контролдойт);
- программаларды баалоо;
- баланын өнүгүшү жөнүндө коомчулуктун маалымдар болушу;
- ата-энелик көндүмдөрдү жакшыртуу боюнча программаларды иштеп чыгуу;
- мектепке чейинки программаларды кайра карап чыгуу жана жакшыртуу;
- педагогдорго баа берүүнүн критерийлерин кайра карап чыгуу;
- баа берүү программаларын жана аспаптарын иштеп чыгуу;
- мектепке даярдоонун индикаторлорун иштеп чыгуу;
- балдарды окутуунун сапатын жогорулатуу;
- балдарды тарбиялоо көндүмдөрү;
- педагогдорду даярдоонун сапаты;
- балдарды наристе кезинен өнүктүрүү.

## КӨҢҮЛ БУРУҢУЗДАР

### КОЛДОНМО ТӨМӨНКҮЧӨ ПАЙДАЛАНЫЛУУГА ТИЙИШ ЭМЕС:

- баланын өнүгүшүн ыкчамдатуу же басаңдатуу үчүн;
- балдарды, педагогдорду же алардын үй-бүлөлөрүн сындоо, четтетүү же оолак-татуу үчүн аспап катары;
- ченемдик документ катары;
- окуу программасы катары;
- догма жана жетишкендиктердин толук маалымдамасы болуп саналбайт.



2 БӨЛҮК

# ӨНҮКТҮРҮҮ ТАРАПТАРЫ ЖАНА ОКУТУУГА МАМИЛЕЛЕР

- ДЕНЕ-БОЙДУН САЛАМАТТЫГЫ ЖАНА МОТОРИКАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ
- СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ
- КОГНИТИВДИК ӨНҮКТҮРҮҮ
- ОКУТУУГА МАМИЛЕЛЕР
- ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАНА ЭСТЕТИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ



# ДЕНЕ-БОЙДУН САЛАМАТТЫГЫ ЖАНА МОТОРИКАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ

Үч жаштан жети жашка чейинки курак координациялык жөндөмдүүлүктөрдүн жигердүү өнүгүшү менен мүнөздөлөт, бул баланын табигый өсүшү жана анын организминин системаларынын жана функцияларынын тиешелүү өнүгүшү менен шартталган. Дал ушул куракта координациялоочу кыймыл-аракет көндүмдөрү калыптанат. Ошондуктан аларды дал ушул учурда өнүктүрүү керек. Белгилүү болгондой, координациялоочу кыймыл-аракетти калыптандыруу көңүл бурууну өтө күчөтүү менен байланышкан, ошондуктан адегенде балдарда тигил же бул кыймыл-аракет жөнүндө түшүнүктү түзүү зарыл.

Баланын дене бой жагынан толук ткандуу өнүгүшү — бул баарынан мурун, кыймыл көндүмдөрү менен билгичтиктерин убагында калыптандыруу, кыймылдын ар түрдүү, баланын мүмкүнчүлүгү жете турган түрлөрүнө кызыгуусун өнүктүрүү, инсандык адеп-ахлактык, эрктик оң мүнөздөрдү тарбиялоо.

Буга баланын (үй-бүлөнүн) жакынкы өнүгүү зонасы менен социалдашуу зонасынын — мектепке чейинки билим берүү уюмунун мейкиндигинин шайкештиги менен жетишүүгө болот. Балага жакын адамдардын мектепке чейинки билим берүү уюмунун чөйрөсү менен өз ара аркеттенишүү канчалык тыгыз болсо, баланын дене бой жактан шайкеш өнүгүү процесси ошончолук оңой жана майнаптуу жүрөт.

Бул теманын актуалдуулугу азыркы заманда балдардын психологиялык зор жүк көтөрүп жүргөндүгү, турмуштун ыкчам темпи чыдамдуулукту жана дене бой жактан чың болууну талап кылгандыгында турат. Бардык чоң адамдардын милдеттери балдарды дене тарбия маданиятына үйрөтүү, спорттук турпатты сактоо — бул табигый жана үзгүлтүксүз процесс экендигин түшүндүрүү.

Ушул курактагы балдардын координациялоочу жөндөмдүүлүктөрүнүн деңгээлин жогорулатуу үчүн сабакты көңүл чордонун ээлеген жана кызыктуу оюн формасында өткөрүү керек, мисалы, ыргактуу гимнастика комплекстерин пайдаланып, координациялык кыймылды үйрөнүүгө болот. Балдар музыканын коштоосунда гимнастиканы өтө канааттануу жана ынтаа менен жасап, ар кандай кыймылдарды алда канча сапаттуу аткарат, анткени окутуу «жөнөкөйдөн татаалга карата» принциби боюнча жүрөт.

Моторика (латынча motor — кыймылга келтирүүчү) — организмдин, анын органдарынын же системаларынын (бөлүктөөрүнүн) кыймылдоо активдүүлүгү.



Моторика ири жана майда деп ажырымдалат.

Моториканы өнүктүрүүнүн маанилүү милдеттеринин бири баланын денесинин бүтүндөй системасынын кыймылдарын жана кыймылды координациялоонун көрүү, угуу, сезүү, кыймылдоо, сүйлөө билгичтиктеринин ортосундагы байланыштын түзүлүшүнө өбөлгө болуучу жеке системаларынын (кол — көрүү, көрүү — угуу, кол — көрүү — угуу, угуу — сүйлөө ж.б.) кыймылын жөнгө салуу болуп саналат.

Ири моторика кийин майда моториканын кыйла татаал жана назик кыймылдары кошулуучу негиз болуп саналат.

***Ири моторика*** — бул кайсы бир милдетти аткаруу үчүн аракеттердин топтому. Чуркоо, боору менен жылуу, секирүү, ийилүү, бурулуу — мунун баары ири моторикага жатат.

Ири моторика бул негиз, бала адегенде ири моториканы өздөштүрөт, андан кийин ага майда моториканын көндүмдөрү акырындык менен кошула берет.

***Майда моторика*** — бул кол-буттун манжаларынын майда жана так кыймылдарды аткаруусундагы нерв, булчуң жана сөөк системаларынын, көп учурда көрүү системасы менен айкалышкан, координацияланган кыймылдарынын топтому.

Майда моторика наристе кезинен баштап ири моториканын негизинде табигый түрдө өнүгөт. Бала адегенде предметти кармаганды, андан кийин бир колунан экинчи колуна алганды (“кыпчып” кармоо) ж. б. үйрөнөт, эки жашында сүрөт тартууга, кыл калемди жана кашыкты туура кармоого жөндөмдүү болот. Мектепке чейинки жана башталгыч мектеп курагында моторикалык көндүмдөрү кыйла ар түрдүү жана татаал болуп калат. Ар кандай кыймылдардын өз ара аракеттенүүсү сүйлөөнүн өнүгүшүн камсыз кылат, окуу, жазуу, эсептөө көндүмдөрүн калыптандырат. Логикалык ой жүгүртүү көндүмү, анын тездиги жана натыйжалуулугу колдун манжаларынын моторикасынын өнүгүшүнө байланыштуу болот.

## БАЛДАРДЫН ДЕНЕ БОЮНУН ӨНҮГҮШҮНҮН КӨБҮРӨӨК МҮНӨЗДҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

### үч-беш жашта

Кыймылдоо ишмердиги — бул кенже курактагы ар бир бала үчүн табигый зарылдык. Бирок үч-беш жаштагы бала күн сайын таза абадагы дене тарбия көнүгүүлөрүн, спорттук машыгууларды жасоого, кыймылдуу оюндарды ойноого муктаж. Топ ойноо, чуркоо, секирүү анын дени сактыгын чыңдайт, денесинин кыймылын контролдоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт, организмдин бардык системаларынын өнүгүшүнө жагымдуу таасир этет, дене тарбия жана спорт менен машыгууга баланын дилгирлигин калыптандырат.

Балага ашыкча күч келтирүүгө (айрыкча буттарга) болбойт.

### беш-жети жашта

Беш-жети жаштагы баланын «дене боюнун жетилишинин» көрсөткүчтөрү болуп төмөнкүлөр саналат: гигиенанын негизги эрежелерин билиши, дененин эртең мененки дене тарбия көнүгүүлөрүн, денени чыңдоочу процедураларды жасоого дилгирлиги. Беш-жети жаштагы бала күн тартибин сактайт, басуудагы, чуркоодогу, секирүүдөгү, ыргытуудагы, өйдө чыгууга, топту кол менен жана тээп берүүдөгү өзүнүн кыймылдык билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өркүндөтөт. Анын эрежелери бар кыймылдуу жана спорт оюндарына кызыгуусу жана эрежелерди сакташы мүнөздүү болуп саналат.

Балдарда таяныч-кыймыл аппараты активдүү калыптанат. Алардын омурткаларынын табигый уңкул-чуңкулдары бекемделип бүтө элек болгондуктан, баланын келбетинин тууралыгына көз салуу абдан маанилүү.

Ар кандай кыймылдардын өз ара аракеттенишүүсү сүйлөөнүн өнүгүшүн камсыз кылат, окуу, жазуу, эсептөө көндүмдөрүн калыптандырат. Логикалык ой жүгүртүү көндүмү, анын тездиги жана натыйжалуулугу колдун манжаларынын моторикасынын өнүгүшүнө байланыштуу болот. Беш-жети жаш куракта балдар кыймыл көндүмдөрүн, анын ичинде моториканы: ири моториканы (чуркоо, секирүү, предметти ыргытуу ж.б. амплитудасы чоң кыймылдарды жасоо жөндөмдүүлүгү) жана майда моториканы (амплитудасы кичине так кыймылдарды жасоо жөндөмдүүлүгү) өркүндөтүшөт. Назик моториканын өнүгүшүнө жараша балдардын өз алдынчалыгы улам жогорулайт. Моториканын өнүгүшү балага эркин басууга, өзүнө өзү кам көрүүгө жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.



# СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ

Наристе жана мектепке чейинки курак — бул эмоция баланын жашоосунун бардык тараптарына үстөмдүк кылып, баланын психикалык башка бардык функцияларын башкарып жана жөнгө салып турган курак.

Мектепке чейинки курак — адамдын өмүрүнүн эң кыска мезгили, болгону алгачкы жети жыл. Бирок ушул жети жыл өз маанисин эч качан жоготпойт. Бул мезгилде өсүү өтө күчтүү жана тез жүрөт. Алсыз, эч нерсе жасай албаган жандан салыштырмалуу өз алдынчалыкка ээ, активдүү инсанга айланат. Баланын психикасынын бардык тарабы белгилүү өсүүгө ээ болот, муну менен баланын андан аркы өсүшүнүн негизи түпатөлөт. Мектепке чейинки курактагы психикалык өнүгүүнүн негизги багыттарынын бири инсандын калыптануу негизинин түзүлүшү болуп саналат.

Социалдашуу бала туулгандан башталат жана балалык чакта өзгөчө маанилүү, анткени наристе куракта бала курчап турган чөйрө менен өз ара аракеттенише баштайт. Бул процесс чоң кишилердин да, балдардын да жигердүү катышуусун талап кылат. Чоң кишилер тууроо үчүн балдарга үлгү болуп саналат, алар ошондой эле социалдык контексттерди тандайт жана түзөт, алардын алкагында балдар курчап турган чөйрөнү жана социалдык эрежелерди үйрөнөт. Балдар — бул процесстин жигердүү катышуучулары. Алардын эмнеге үйрөнөрү — жарым-жартылай курчап турган чөйрөгө жана өз тажрыйбасы менен таанып-билгендерине жана алар үчүн модель болуп калгандарга байланыштуу.

Социалдаштыруу кээде ар түрдүү факторлорго ээ болгон ар кандай турмуштук кырдаалдардын үч-жети жаштагы баланын инсандыгына стихиялуу таасир эткен шартта, ошондой эле тарбиялоодо, башкача айтканда, инсанды максатка багытталган калыптандыруу учурунда жүрүшү мүмкүн. Тарбиялоо социалдаштыруунун жетектөөчү жана аныктоочу негизи болуп саналат.

Баланын психикалык функцияларын өнүктүрүү анын социалдык-эмоциялык чөйрөсүнүн өнүгүүсүнөн ажырабайт. Эмоциялык процесстер баланын психологиялык болмушунун (бытиесинин) кабылдоо, көңүл буруу, эске тутуу, ой жүгүртүү, элестетүү жана башка бардык калган функцияларын ойготуучу жана жөнгө салуучу чөйрөсү болуп саналат. Эмоциялык образдар жана эмоциялык контроль — тарбиялоонун максаты жана продуктусу.



Оюн үч-жети жаштагы баланын социалдык статусу көрүнө турган чөйрө болуп саналат, баланын биргелешкен иш-аракетке катышуу ниети, жолдошторунун кызыкчылыктарын эске алууга, келип чыккан чыр-чатактарды башкалардын пикиринемакул болуу аркылуу «тынчтык» жол менен чечүүгө умтулуусу жана билгичтиги дал оюндардан көрүнөт. Балдарга жана алардын жүрүм-турумуна чоң кишилер жана теңтуштары берген баанын өңүтүндө өзүн-өзү аңдап-түшүнүү жана өзүн-өзү баалоо келип чыгат.

## БАЛДАРДЫ СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮНҮН КӨБҮРӨӨК МҮНӨЗДҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

### үч-беш жашта

Үч-беш жаштагы бала дайыма тышкы эмоциялык таасирлердин жана өзүнөн өзү келип чыккан сезимдердин бийлигинде болот. Аны бир нерсеге тартуу оңой, бирок андан алагды кылуу да жеңил. Анын сезимдери тез пайда болот жана ошондой эле тез жок болот. Балдар болуп жаткан нерселерге эмоциялуу мамиле кылат, бирок алардын эмоциялары туруктуу эмес.

Үч-беш жаштагы балдарга мээримдүүлүк жана камкордук менен мамиле кылуу керек. Бала чоң кишилер аны жакшы көрөрүн жана аны менен баарлашуудан ырахат ала тургандыгын сезүүгө тийиш.

Бул куракта баланын ыза болгон балага же коркунучта калган жаныбарга боор ооруганы жана жаны ачыганы, чогуу ойноодон ырахат алуу үчүн теңтуштарынан оюнчуктарын аягысы келбегени байкала баштайт. Ал ошондой эле башкаларга карата өзүнүн мамилесинин натыйжасын аңдап-түшүнө баштайт.

**Үчтөн беш жашка чейинки баланын эмоциялык өнүгүшүнүн чечүүчү учурлары:**

– эмоция наристе кездегидей эле туруксуз жана өзгөрмөлүү;
– эмоция баланын жүрүм-турумунун мотиви болуп саналат, баланын жүрүм-турумунун импульстуулугу ушуну менен түшүндүрүлөт;
– интеллектуалдык, эстетикалык жана

### беш-жети жашта

Беш-жети жаштагы баланын чоң кишилер менен баарлашуусунун басымдуулук кылган формасы өз ара түшүнүшүүгө жетишүүгө багытталган инсандык өз ара аракеттенишүү, чоң кишиден өзүнүн инсандык касиеттерине жана сапаттарына баа алуу, өзү жөнүндө түшүнүк алуу болуп калат. Анда өзүнө өзү контролдук кылуу жана ыңгайлашкан социалдык жүрүм-турум калыптанат.

Беш-жети жаштагы баланын сезимдери акырындык менен импульстуулуктан арыла баштап, маанилик мазмуну кыйла тереңдейт. Ошентсе да ачкалык, чаңкоо сыяктуу органикалык керектөөлөр менен байланышкан, кыйындык менен контролдолуучу эмоциялар дагы эле сакталып калат. Мектепке бара элек баланын иш-аракеттериндеги эмоциянын ролу да өзгөрөт. Эгер онтогенездин мурунку этаптарында ал үчүн негизги багыттагыч чоңдордун баасы болсо, эми өзүнүн иш-аракетинин оң натыйжасына жана айланасындагылардын жакшы маанайына кубана алат.

Бул курактагы балдардын теңтуштары менен мамилелеринин мүнөзү сапаттык жактан өзгөрөт: өзүнүн инсандыгын аңдап-түшүнүү пайда болот; башка адамдардын арасында өз ордун табуу жана алар үчүн пайдалуу болуу аракети жасалат; олуттуу иштерге, сабактарга, чоң кишилердин тапшырмаларына

адеп-ахлактык эмоциялар кыйла ургаалдуу өнүгө баштайт, бул мезгилдеги бийик эмоциялардын ичинде өзгөчө орунду сыймыктануу, жактыруу, жан тартуу жана уялуу сезимдери ээлейт;
– сөз өзгөчө шарттуу-эмоциялык мааниге ээ болот, ал тигил же бул сапаттардын же жорук-жосундарды баалоонун каражаты болуп калат.



кызыгуу пайда болот; баарлашуу үчүн теңтушту тандай баштайт; достук байланыштарды түзүүгө умтулуу өсөт.

Беш-жети жаштагы бала үчүн мектепке даярдануу социалдык жактан маанилүү болуп калат. Балдар мектеп — бул бейтааныш чоң кишилер, теңтуштар менен жолугушуулар жана алар менен жаңы мамилелер экенин түшүнөт. Жаңы социалдык шарттарга ийгиликтүү ыңгайлашуу үчүн балага чоң кишилердин — педагогдун, ата-эненин жардамы жана колдоосу зарыл.

Өзүнүн жүрүм-турумун башкаруу мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүү — беш-жети жаштагы баланын эмоциялык өнүгүшүнүн анын мектепте окууга психологиялык даярдыгын калыптандыруучу социалдык-олуттуу учурларынын бири.

**Бештен жети жашка чейинки баланын эмоциялык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү:**
– бала сезимди билдирүүнүн социалдык формаларын өздөштүрөт;
– эмоциянын баланын ишмердигиндеги ролу өзгөрөт, эмоциялык алдын ала сезип кубануу калыптанат;
– бийик эмоциялар — адеп-ахлактык, интеллектуалдык, эстеткалык эмоциялар калыптанат;
– өзүнүн иш-аракеттеринин эмоциялык натыйжасын алдын ала баамдоо жөндөмдүүлүгү пайда болот;
– башка адамдарга жаны ачуу менен, мектепке бара элек бала эмоциялык мамилелердин субъектисине айланат.

# КОГНИТИВДИК ӨНҮКТҮРҮҮ

**Когнитивдик өнүктүрүү** — бул баланын маалыматты үйрөнүү жана кабылдоо, эске тутуу, түшүнүктөрдү калыптандыруу, маселелерди чечүү, элестетүү жана ой жүгүртүү процессинин бардык түрлөрүн өнүктүрүү аркылуу көйгөйлөрдү чече алуу жөндөмдүүлүгү.

Үч жаштан жети жашка чейинки куракта балдардын кабылдоосунда, көңүл буруусунда, эске тутуусунда, ой жүгүртүүсүндө түп тамырынан өзгөрүүлөр жүрөт — бул процесстер аргасыздык абалдан атайылаган, эркин абалга айланат. Бул куракта баланын алдында аңдап-түшүнүлгөн максаттар — эстеп калуу, бөлүп көрсөтүү, жалпылоо, көңүл буруу жана башкалар турат.

Чоң кишилер (ата-эне, педагогдор) балдарды интеллектуалдык эмгектен ыракат алууга үйрөтүүгө, акыл-эс жактан өнүгүүгө муктаждыкты жана окутуу процессинин өзүнө оң мамилени калыптандырууга тийиш. Бул үчүн окутуунун коюлуп жаткан милдеттери, ошондой эле окуу материалдарынын татаалдыгы бул куракта балдардын тааным процесстеринин өнүгүү деңгээлине ылайык келиши зарыл.

## БАЛДАРДЫ КОГНИТИВДИК ӨНҮКТҮРҮҮНҮН КӨБҮРӨӨК МҮНӨЗДҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

### үч-беш жашта

Үч-беш жаштагы баланын өнүгүшүнүн мүнөздүү көрсөткүчү болуп тили саналат. Балада сөздөрдүн запасы көбөйөт, бала аларды жигердүү колдоно баштайт. Бул куракта кабылдоо көп учурда буюмду таануу, формасын жана түсүн атоо менен чектелет. Объектилерди бүтүн катары кабылдайт, майда-барат жактарын анча байкабайт, аларды өз ара байланыштыра албайт, башкача айтканда, кабылдаган касиеттерди системалуу талдоо аларга оорчулук келтирет.

### беш-жети жашта

Беш-жети жаштагы балдар объектилерди толук кабылдашы үчүн иш жүзүндө аларды өзү билгениндей прайдаланууга мүмкүндүк берүү зарыл. Балдар конкреттүү тажрыйба аркылуу, баарынан жакшысы — көрүү, даам татуу, угуу, жыт сезүү сыяктуу сенсордук сезимдери, ошондой эле өз денесинин кыймылы аркылуу үйрөнөт. Дүйнө кандай түзүлгөнү жөнүндөгү өз билимдерин иретке келтирүү үчүн аларга бир топ сенсордук тажрыйба зарыл.


Үч-беш жаштагы бала кызыкчылыктар боюнча аракеттерди тандоодо: китеп окууда, сүрөт тартууда, пазлды чогултууда көбүрөөк өз алдынчалыкты көрсөтөт. Бул курактагы балдар сөзсүз эрежелери бар жана кандайдыр-бир тапшырманы аткарууну караган стол үстүндө ойнолуучу оюндарга кызыга баштайт. Мындай оюндар баланын акыл-эс жөндөмүн өнүктүрөт жана мектепке даярдоодо зарыл болгон көндүмдөрдү калыптандырат. Бирок балдардын ой жүгүртүүсү али өзүмчүл болгондуктан, алар башкалардын көз карашын оорчулук менен кабылдайт.

Үч-беш жаштагы бала объектилерди бир белгиси боюнча гана ажыратат, мисалы, формасына карабастан, бардык кызыл кубиктерди же түсүнө карабастан, бардык чарчы кубиктерди бирге топтойт.

Бала байланышкан предметтерди классификациялайт жана топтойт, нерселерди бийиктиги, узундугу, туурасы боюнча айырмалайт жана бөлүштүрөт, предметтерди түсү, чоңдугу, формасы, саны боюнча жыйнайт. Төрт сөздөн турган сүйлөм түзөт, бешке чейин санайт, геометриялык формаларды (үч бурчтук, чарчы, айлана) билет, мейкиндикте багыт алат, көңүл буруусунун көлөмү кыйла чоңоёт, башкы жана экинчи даражадагы окуяларды бөлүп көрсөтөт. Онго чейин санайт, убакытты ажырата алат, эрежелерди сактоо менен топто ойнолуучу оюндарга катышат.

Беш-жети жашында, айрыкча көрсөтмө материалдар пайдаланылганда, балдар татаал эмес себептик-натыйжалык байланыштарды белгилөөгө жөндөмдүүтүү. Аларды жөнөкөй тыянак чыгарууга үйрөтүүгө болот. Бул курактагы балдарда ою менен учурдагы кырдаалдын чегинен чыгуу жөндөмү пайда болот. Жөнөкөй окуяны жүрүш ыраатын жана окуя болгон жерди сыпаттоо менен деталдарына чейин айтып бера алат. 5–6 сөздөн турган сүйлөм түзөт, керектүү сөздөрдү колдонуу менен өзүнүн суроо-талаптарын билдирет.

Беш-жети жаш курактагы балдардын элестетүүсү алардын интеллектуалдык өнүгүүсүнөн кыйла алдыда болот, анткени элестетүү ой жүгүртүүгө караганда алда канча мурда калыптана баштайт. Баланын элестетүүсү бир аз тышкы түрткү болгондо эле дароо келип чыгуучу көптөгөн образдарга жык толгон. Ушуну эске алып, ошондой эле баланын жөнгө салуу функциялары али жетишерлик калыптана электигин эстен чыгарбай, оюн жана көрсөтмө материалын ашыкча колдонбоо керек экендиги жөнүндө тыянак жасоого болот.



# ОКУТУУГА МАМИЛЕЛЕР

Мектепке даярдоо — бул окуганды жана санаганды эле билүү эмес, бул баланын өз алдынча ой жүгүртө алгандыгы, жаңы билимдерге ээ болууга даяр экендиги, ар нерсени билүүгө дилгирлиги жана байкагычтыгы. Табият мернен таанышуу, оюндар, эмгек балага мектепке толук даярдык менен келүүгө жардам берет.

Өзүнүн табияты боюнча кичинекей бала кыйла ышкыбоз жана өжөр болот. Чоң кишилер балдардын оюндарын уюштурууда жана өнүктүрүүдө, алардын жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык алардын күчтүү жактарын, кызыкчылыктарын, окутуудагы прогрессин баалоодо өзөктүү роль ойнойт. Дал ошондуктан окутуунун темалары бала үчүн маанилүү болууга жана практикалык мааниге ээ болууга тийиш. Жекече мамиле кылуу менен, балдарды канчалык кызыктырат жана даярдайт тургандыгы көбүнчө чоң кишиге байланыштуу. Айланадагы чоң кишилер менен өз ара мамилелер туура болгон учурда бала жигердүү окуйт жана окуунун алдыга коюлган милдеттерине жетишет.

## БАЛДАРДЫ ОКУТУУГА КАРАТА МАМИЛЕЛЕРДИН КӨБҮРӨӨК МҮНӨЗДҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

### үч-беш жашта

Үч-беш жаш куракта баланы изилдөөлөргө, жаңы аракеттерди аткарууга, маселелерди чечүүгө түртө турган туура уюштурулган өнүктүрүүчү чөйрө өтө маанилүү. Бул анын дилгирлигин улам көбүрөөк арттырып, аны жаңы суроолорду берүүгө жана алар жагынан ой жүгүртүүгө шыктандырат. Мындай учурда бала ишмердиктин жана оюндун жаңы түрлөрүн ойлоп таба баштайт, анда ар кандай идеялар пайда болот, элестетүү өнүгөт.

### беш-жети жашта

Беш-жети жаштагы баланы ийгиликтүү окутуу үчүн анын билимдерге, жаңы тажрыйбаларга ээ болууга умтулуусу өтө маанилүү. Бул курактагы балада эрксиз көңүл буруу басымдуулук кылат (б.а. көңүл буруусун али башкара элек), ошондуктан оюн бир жерге жыйноо жөндөмдүүлүгү аткарылып жаткан иш ага канчалык кызыктуу экендиги менен байланыштуу. Бала ишке канчалык жигердүү тартылса, анын көңүл буруусу ошончолук туруктуу. Беш-жети жаштагы бала көйгөйлөрдү чечүүнүн ар кандай ыкмаларын байкап көрө жана ва-

Баланын жаңы сөздөрдү, ырларды, аңгемелерди чыгарууну эч айныбай калап турушу ушул курактын мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп саналат. Ал өзүнүн оюн, көңүлдөгүсүн сүрөт, конструктор менен ойноо, кыймыл-аракет же музыка аркылуу билдирет, элесинде жараткан оюнга катышат.

Бул курактык категориядагы балдар сандардын маанисин дайым эле түшүнө бербесе дагы, эсептик сан атоочторду колдонушат, көп суроолорго жооп беришет, өздөрү да көп суроолорду беришет, сүйлөмдөр менен сүйлөшөт, башка балдар менен ойношот, достошот, жөнөкөй тапшырмаларды аягына чейин аткарышат.



рианттардын бирин тандай алат же бул көйгөйдү чечүү үчүн башка баладан же чоң кишиден жардам сурай алат.

Баланын курдаштары менен баарлашуусу, башкалар менен бирге аракеттенүүсү, зарылдыкка карай макул болуусу, баш ийүүсү — бул анын жаңы социалдык чөйрөгө оңой ыңгайлашуусун камсыз кылуучу сапаттар. Бул анын андан ары мектепте окушу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө өбөлгө болот.

Бул курактык категориядагы балдар активдүү көңүл буруусу 10 мүнөттөн ашыксактайалбайт,демек,ушулубакыттын аралыгында ишмердиктин түрүн алмаштыруу зарыл. Монолог (педагог), башкача айтканда, балдардын маалыматты пассивдүү кабылдоосунун учурунда алардын кунт коюусун кармап туруу баарынан татаал. Бул учурда убакыттын чеги 5 мүнөткө чейин азаят жана монологду диалогго айландыруу менен бул мезгилди көбөйтүүгө болот. Ошондой эле беш-жети жаштагы балдар үчүн тапшырмаларды түзүүдө алардын көңүл буруусунун көлөмү өтө аз — болгону 2-3 объект экенин эске алуу зарыл.

Мектепке чейинки курактагы бала жети жашка чыгар мезгилде өзүнүн дарегин, өзү жашаган шаардын, өлкөнүн, анын борборунун аталышын жакшы билүүгө тийиш. Өзүнүн ата-энесинин аты-жөнүн ал эми өзүнүн чоң атасы, таятасы кимдин (атасынын, апасынын) атасы экенин да билиши керек. Жыл мезгилдерин айырмалай алышы, алардын ыраатын жана негизги белгилерин, ошондой эле айлардын, аптанын күндөрүнүн аталыштарын, өтүп жаткан жылды билиши зарыл. Бактардын, гүлдөрдүн негизги түрлөрүн билип, үй жаныбарлары менен жапайы жаныбарларды айырмалай алышы кажет.

# ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАНА ЭСТЕТИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ

Эстетикалык тарбия — баланы тарбиялоонун эң маанилүү жагы. Ал сезимдик тажрыйбанын, инсандын эмоциялык чөйрөсүнүн байышына өбөлгө болот, болмуштун адеп-ахлактык жагын таанып-билишине таасир тийгизет (мектепке чейинки курактагы бала үчүн "сулуу" жана "мээримдүү" деген түшүнүктөр бирдей, окшош экендиги белгилүү), таанымдык активдүүлүгүн жогорулатат, атүгүл дене бой жагынан өнүгүшүнө да таасир этет. Эстетикалык тарбиянын натыйжасы эстетикалык өнүгүү болуп саналат.

Эстетикалык тарбия ар тараптан өнүккөн инсандын калыптанышынын негизи болуп эсептелет. Дал ушул компонент инсандын адеп-ахлактык жана акыл-эс жактан өнүгүшүн аныктоо боюнча негизги критерий болуп саналат. Эстетикалык тарбия биринчи кезекте баланын музыкалык, көркөм, театрдык, конструкциялык билим берүүнү камтыган чыгармачыл өнүгүшүн карайт.

Үй-бүлө, педагогдор, айлана-чөйрө балдарга музыканы, ырдоону, сүрөт тартууну, бийлөөнү жана искусствонун башка түрлөрүн жактырууга үйрөтө алышат.

Чыгармачылык балдарга өз эмоцияларын, өзгөчөлүктөрүн билдирүүгө, айлана-чөйрөнү түшүнүүгө, өзүндө ишенимдүүлүктү, өзүндө көрсөтүүгө умтулууну жана кызматташууга жөндөмдүүлүктү иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Оюн аркылуу чыгармачылык ишмердик баланы искусствого тартуу, аны кызыктыруу үчүн эң жетимдүү жана оптималдуу ыкма болуп саналат.

Ар кандай таанымдын, анын ичинде эстетикалык таанымдын негизинде ишмердик жатат. Бала демилгесиз угуучу же байкоочу болбостон, өзүндөгү чыгармачыл дараметти өнүктүрүүгө тийиш.

Үч-жети жаштагы балдарда айлана-чөйрөнү, жаратылышты, көркөм сүрөт өнөрүнүн, музыка чыгармаларын, бийди эстетикалык кабылдоо калыптанат, көркөм образдардын таасирине эмоциялуу жооп кайтаруу билгичтиги өнүгөт. Балдар көркөм чыгармаларды окууга, ырларды жаттоого, кайра айтып берүүгө, аңгеме түзүүгө кызыгат, ошондуктан педагог балага өзүн көрсөтө алуусуна көмөк көрсөтүү үчүн аларга дайыма байкоо жүргүзүүгө, кызыкчылыктарын көңүл коюп иликтөөгө тийиш.

## БАЛДАРДЫ ЭСТЕТИКАЛЫК ӨНУКТҮРҮҮНҮН АЛДА КАНЧА МҮНӨЗДҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

### үч-беш жашта

Үч-беш жаштагы балдарга көркөм сүрөт ишмердиги — боёк менен сүрөт тартуу, ийлеп жасоо (лепка), кесип чаптоо (аппликация), конструкциялоо менен алектенүү өзгөчө жагат. Ушунун бардыгы чыгармачыл жөндөмдүүлүктү өнүктүрөт жана сенсордук-моторикалык көндүмдөрүн калыптандырат.

Үч-беш жаштагы баланын материалдар (боёк, пластилин, кагаз ж.б.) өз алдынча иштеши балдарга өз иш-аракетин пландаштырууга, түстү, форманы жана материалды түзүлүшүнө (текстурасына) карап тандоодо эркин болууга мүмкүндүк берет, ошондой эле баланын эстетикалык өнүгүшүнө өбөлгө болот.

Бул куракта ал кооз, көркөм нерселерге тандап көңүл бура баштайт, аларга карата өзүнүн ой-пикири болот, өзүн курчап турган айлана-чөйрөнү көрүү билгичтиги менен бизди, чоңдорду, таң калтыруу, кубантуу, сүйүнтүү үчүн өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша кооздук “жаратат”.

### беш-жети жашта

Беш-жети жаштагы балдар өзүнүн чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн жана сүрөт тартуу көндүмдөрүн өркүндөтөт. Алар ойлонулган сюжетти (нерсени) сүрөт менен кыйла так берет, сүрөттөлүштү деталдарына чейин көрсөтөт. Бул курактагы балдардын сүрөт тартуу иш-аракетиндеги кооз, көркөм көрсөтүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп түс саналат, алар түскө жана түстөрдүн айкалышына көңүл бурат, ошондой эле боёкторду аралаштыруу менен жаңы түстөрдү алат. Көркөм сүрөт ишмердигинин ар кандай түрлөрүнө — сүрөт тартууга, ийлеп жасоого (лепка), кесип чаптоого (аппликация) кунт коёт, тайт, алардын сүрөттөрүнүн тематикасы кеңийт. Беш-жети жаштагы балдар алардын маданий, эстетикалык жана руханий өнүгүшүнүн булагы болуп саналган көркөм өнөр чыгармаларына кызыгат.

Бул куракта чыгармачылыктын бүчүрлөрү пайда болот, ал ой (замысел) жаратуу жана аны ишке ашыруу жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүшүнөн, өзүнүн билимдерин, түшүнүктөрүн айкалыштыруу билгичтигинен, өзүнүн ойлорун, сезимдерин, башынан өткөндөрүн чын дилинен айтып берүүсүнөн көрүнөт. Ошентсе да, балдардын көркөм-чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн аларды тийиштүү окутуп-үйрөтүү зарыл, окуу процессинде алар образдуу сүйлөөнүн жана ойлорун сөз менен берүүнүн, ырдоо-



нун, сүрөт тартуунун, драмалаштыруунун ыкмаларына ээ болушат. Окутуп-үйрөтүү баланы аң-сезимдүү көркөм көрүнүштөргө түртөт, оң эмоция жаратат, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт.

Балдардын руханий дүйнөсүнүн калыптанышынын алмаштырылгыс каражаты искусство: адабият, скульптура, живопись жана эл чыгармачылыгы болуп саналат. Беш-жети жаштагы балдарда искусство эмоциялык-чыгармачылык башталышты ойготот. Ошондой эле ал адеп-ахлактык тарбиялоо менен да тыгыз байланышта, анткени көркөмдүк (коздук, сулуулук) адамдар ортосундагы мамилелердин өзгөчө бир жөнгө салгычы катары чыгат.

3 БӨЛҮК

# АТА-ЭНЕЛЕР ЖАНА ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР
- ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР



# АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

Өз жашоосунун көп бөлүгүндө бала үй-бүлө шартында окуйт жана өнүгөт. Ошондуктан ата-энелер анын турмушундагы биринчи мугалимдери болуп саналат жана аны коомдун компетенттүү жана жигердүү мүчөсү кылып даярдоодо маанилүү роль ойнойт. Үй-бүлөдө баланын окууга мамилеси жана анын айлана-чөйрөнү түшүнүүсү калыптанат. Бала үй-бүлөдөн окуу чөйрөсүнө өзү менен кошо алып келүүчү ата-эненин жүрүм-туруму, тили жана маданияты бала үчүн айлана-чөйрөнү, келип жаткан маалыматтарды кабылдоодо жана үйрөнүүдө баарын өзү аркылуу өткөрүүчү призма болуп саналат.

Анткени менен Кыргызстанда үч-жети жаштагы балдардын 88%дан ашыгы окутуу программаларына жетпейт, ошондуктан бул стандарттарды пайдалануу ата-энелер жана жалпысынан жамаат үчүн да өтө маанилүү.

Ушул окуу куралын колуна алган ата-энелер балдарын окутуу жана өнүктүрүү иш-аракетин жүргүзүүдө төмөнкү стратегияларды колдонуу максатка ылайык экендигин унутпоого тийиш:

- Баласына өзүнүн чыныгы сезимдерин: мээримин, камкордугун, көңүл бурuусун, колдоосун, түшүнүүсүн, анын инсандыгын урматоосун көрсөтүү маанилүү. Бала менен ар күндөгү баарлашууда анын аракеттерине, кызыкчылыктарына, сезимдеринин көрүнүшүнө, муктаждыктарына, керектөөлөрүнө байкоо жүргүзүү, аларды колдоо жана көңүл буруусуз калтырбоо зарыл.

- Ар бир баланын инсандыгынын маанилүүлүгүн жана кайталангыстыгын эске алуу, анын жөндөмүн, талантын, шыгын, кызыкчылыктарын өнүктүрүү, бул үчүн жагымдуу шарттарды түзүү менен колдоо көрсөтүү жана түшүнүү кажет.

- Баланын ден соолугу жана коопсуздугу жөнүндө камкордук көрүү, жашоонун сергек мүнөзүнө көңүл буруу менен, жаман адаттарды (тамеки чегүү) көрсөтпөө, дене бойдун саламаттыгына жана туура тамактанууга басым жасоо, баланын жүрүм-турумундагы жана өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөргө көз салуу, оорунун белгилерин учурунда аныктоо жана жардам алуу үчүн адистерге убагында кайрылуу маанилүү.

- Баланы багуу жана аны өнүктүрүү боюнча көндүмдөрдү үзгүлтүксүз жакшыртуу, маалыматтын ар кандай булактарын (адабият, аудио/видео ресурстар, интернет ресурстары, башка ата-энелердин жана жамааттардын мыкты тажрыйбалары, адистердин консультациялары) пайдалануу менен баланы

нариcте кезинен өнүктүрүү жана окутуу жаатындагы билимдерди өркүндөтүү жана кеңейтүү.

- Баланы тарбиялоого, окутууга жана өнүктүрүүгө мамилени жана усулдарды тандоодо үй-бүлөлүк салттарды, өз элинин жана коомдоштукта жашаган башка элдердин тилин, маданиятын, дөөлөттөрүн, туткан динин эске алуу зарыл.

- Бала бир эле учурда социалдык, эмоциялык, дене бой, когнитивдик жана эстетикалык жактан өнүгө тургандыгын эске тутуу зарыл, ошондуктан бир жагына гана (мисалы, дене бой жактан өнүгүүгө гана) артыкчылык бербестен, ар тараптан өнүктүрүүгө көңүл бөлүү маанилүү.

- Баланы ар тараптан өнүктүрүү жана окутуу үчүн жагымдуу жана ыңгайлуу шарттарды түзүү, анын окуу жана чыгармачыл иш-аракеттери үчүн керектүү материалдар, оюнчуктар, өнүктүрүүчү окуу куралдары, спорттук буюмдар менен камсыз кылуу зарыл; баланын жеке мейкиндиги (оюн бурчу, сабак окуу үчүн орун) болгону дурус.

- Баланын баарлашуу, социалдашуу жана коомго ийгиликтүү ыңгайлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн анын теңтуштары, башка балдар, жамааттын мүчөлөрү менен баарлашуу муктаждыгын канааттандыруу керек.

- Баланын өзүнүн жашаган жери (айылы), кыргыз элинин маданияты жана салттары жөнүндө түшүнүгүн өнүктүрүү, жаратылышка жана айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого үйрөтүү маанилүү.

- Балада бардык адамдар — ар түрдүү жана дене боюнун саламаттыгына, жынысына, кайсы улутка таандыктыгына карабастан, ар бир адам кайталангыс жана урматтоого, көңүл бурууга татыктуу экендиги жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу; сабырдуулукту жана мультимаданияттуулукту өнүктүрүү зарыл.

- Баланын социалдык өнүгүүсүндө мектепке баруу, башка социалдык чөйрөгө өтүү, жаңы адамдар, теңтуштары менен таанышуу жана алар менен өз ара мамилелерди түзүү маанилүү этап болуп саналат, ошондуктан ата-эне баланы мектепке даярдоо процессин күн мурунтан баштоого, анын эрктүүлүк сапаттарын, баарлашуу көндүмүндөрүн калыптандырууга жана мектепте окууга жүйөлөштүрүүгө тийиш.

- Балдары мектеп программаларына барган ата-энелер мугалимдер менен эриш-аркак аракеттенүүгө, алардан баланы даярдоонун ыкмалары жөнүндө маалымат алууга, анын ийгиликтерине жана өнүгүү динамикасына көз салууга, окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишүү үчүн кызматташууга, баланын жеке мүмкүнчүлүктөрүн, муктаждыктарын жана таламдарын талкуулоого тийиш.



- Эгер ата-эне баласын мектепке өз алдынча даярдаса, анда аны теңтуштары менен конструкциялык мамиле курууга үйрөтүү керек, үйдө бала өзүн ишенимдүү алып жүргөндөй жана мектепке барууну каалагандай шарт түзүү зарыл. Эгер баланы мектепке даярдоодо олуттуу көйгөйлөр келип чыкса, жардам сурап, адистерге кайрылуу же кандайдыр бир мезгил бала менен бирге балдарды мектепке даярдоо курсуна катышуу максатка ылайык.

- Мектеп программаларына тартылган балдардын ата-энелер мугалимдер менен эриш-аркак аракеттенүүгө, алардан баланы даярдоонун ыкмалары жөнүндө маалымат алууга, анын ийгиликтерине жана өнүгүү динамикасына көз салууга, окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишүү үчүн кызматташууга, баланын жеке мүмкүнчүлүктөрүн, керектөөлөрүн, муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын талкуулоого тийиш.

- Башкысы — баланын өз алдынчалыгын чектебөө. Анын идеяларды жана аларды жүзөгө ашыруунун каражаттарын өз алдынча издешине түрткү берүү керек.

- Баланы мектепке эң жакшы даярдоо — бул берилген темадагы олуттуу сабак эмес, баланын табиятына таандык ойногонду каалагандык. Анын кызыгуусун өчүрбөгүлө!

# ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

Кенже курактагы балдарды окутуу жана өнүктүрүү боюнча өзөктүү адистер педагогдор болуп эсептелет,бирок мугалимдер үчүн иштелип чыккан стратегиялар ушул колдонмодо ошондой эле кенже курактагы балдарды өнүктүрүү жаатында (балага камкордук көрүү жана багуу, саламаттыгын сактоо, социалдык коргоо, коопсуздугун камсыз кылуу, укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо ж.б.) иштеген бардык адистерге да сунушталат. Стандарттар ченемдик документке — Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-октябрындагы №742 токтому менен бекитилген «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына кеңейтилген толуктоо болуп санала тургандыгын жана сунуш мүнөзүндө экенин белгилей кетүү маанилүү. Ошого карабастан, алар нористе балалык жаатындагы алдыңкы изилдөөлөргө негизделгенин жана Кыргызстандын адистеринин кеңири кесиптик жана жеке тажрыйбасы интеграцияланганын эске тутуу маанилүү.

Таблицада келтирилген, баланы натыйжалуу окутуу процессин жана толук өнүктүрүүнү караган сунуштар төмөнкүдөй мамилелерге (подход) жана принциптерге негизделген:

- **Жекече ыкма:** бардык балдар таанып-билүүнүн (окутуунун) жекече стилдерине ээ, алардын ар бири — жеке адам. Бир топтогу балдарда таанып-билүүнүн жана окутуунун ар кандай стилдери айкалыштырылышы мүмкүн, педагог муну окуу процессин пландаштырууда жана уюштурууда эске алууга жана бардык балдар жекече мамилеге муктаж экендигин унутпоого тийиш.

- **Интеграцияланган ыкма:** педагог баланы окутуу процессинде өнүгүүнүн бардык жактарынын (социалдык-эмоциялык, дене бой жактан, когнитивдик, эстетикалык) жана предметтик жактардын (мисалы, сүрөт тартуу, кепти өнүктүрүү, дене тарбия) ортосундагы өз ара байланышты эске алат жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишүү үчүн ар түрдүү ыкмаларды колдонот.

- **Ата-энелер жана жамааттар менен эриш-аркак аракеттенишүү:** окутуу процессинин натыйжалуулугу ата-энелердин, үй-бүлөнүн, жамааттын эриш-аркак аракеттенүүсүнүн жана билим берүү процессине тартылуу деңгээлине байланыштуу. Ошондуктан педагогдун баланын ата-энеси менен өнөктөштүк өз ара мамиле түзүүсү, үй-бүлөлүк салттарга жана маданиятка урматтоо менен мамиле кылуусу, өз ара достук мамилелерди колдоосу, баланын жетишкендиктери жана өнүгүүсүнүн динамикасы жөнүндө ата-энесине маалымдап турушу, өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтүүсү жана квалификациялуу консультациялык жардам берүүсү маанилүү.

- **Чөйрө жана ресурстар:** баланы өнүктүрүүгө жана окутууга чөйрөнүн тийгизген таасири өтө маанилүү, ошондуктан педагог бала үчүн жагымдуу — өнүктүрүүчү, коопсуз, чыгармачыл, ыңгайлуу чөйрөнү түзүшү зарыл. Чөйрө ишмердиктин ар кандай түрлөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө болот жана балдардын ар түрдүү материалдар (оюндар, оюнчуктар, өнүктүрүүчү окуу куралдары, китептер, сүрөт материалдары, музыкалык аспаптар, спорттук буюмдар ж.б.) менен изилдөө жана эксперимент жүргүзүү жөндөмдүүлүгүнө дем берет. Окутуу процессин уюштурууда айлана-чөйрөнүн, материалдардын жана жабдуулардын коопсуздугун, коопсуз жүрүм-турумду камсыз кылуу зарыл.

- **Балага багытталган окутуу:** балага окутуу процессинде тандоо эркиндиги берилет: материалдарды, сабактын түрүн, сабактардын түрүн жана өзүн көрсөтүү ыкмаларын тандай алат. Бул педагогдун калыптанган окутуу стилине бала ыңгайланышууга тийиш эмес, баланын керектөөлөрүн (муктаждыктарын) жана кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн педагог өзүнүн иш ыкмаларын жана усулдарын окутуунун таанымдык стилине жана баланын жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык келтирүүгө тийиш дегенди билдирет. Педагогдор баланы окутууга жана өнүктүрүүгө бүтүндүк мамилени колдонот.

- **Мектеп менен бирге жолун жолдоочулук:** ушул окуу куралынын материалдары жана стратегиялары кенже курактагы баланы өнүктүрүүгө жана окутууга, аны мектепке ар тараптан (социалдык, дене бой жактан, эмоциялык, когнитивдик) даярдоого, жаңы шарттарда социалдаштырууга, теңтуштары жана чоң кишилер менен өз ара мамиле түзө билүүгө, өзү таандык болгон өлкө, эл, маданият жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандырууга багытталган.

- **Кесиптик деңгээлин жогорулатуу:** балдарды өнүктүрүү жана окутуу боюнча стандарттарды жана стратегияларды колдонуу менен, педагогдор өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма жогорулатууга, ийгиликтүү улуттук жана эл аралык программалардын заманбап концепцияларын пайдалануу жана башка педагогдор менен билим берүү уюмдарынын алдыңкы тажрыйбаларын иликтеп үйрөнүү менен кенже курактагы балдардын өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрүн кеңейтүүгө, окутуунун усулдарын жана окутууга мамилени өркүндөтүүгө тийиш. Педагог баланы наристе кезинен өнүктүрүү жаатындагы мамлекеттик саясат менен тааныш болууга жана балалыктын маселелери боюнча учурдагы улуттук жана эл аралык демилгелерди жакшы билүүгө тийиш.

- **Оюн окутуу ыкмасы катары:** айлана-чөйрөнү таанып-билүүнүн жөнөкөй жана адамга жакын ыкмасы болуу менен, оюн тигил же бул билимге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болуунун эң табигый жана жетимдүү жолу болууга тийиш. Кенже курактагы баланын турмушунда оюн маанилүү роль ойнойт, ошондуктан окутуу процессинде оюн көнүгүүлөрүн, дидактикалык оюндарды окутуу программаларынын тематикасы жана милдеттери менен байланыштырывп колдонуу маанилүү.



- **Мониторинг жана баа берүү:** окутуу ишинин процессинде педагог баланын жетишкендиктерине көз салууга жана аларды эске алуу менен баланы андан ары өнүктүрүүгө багытталган кийинки сабактарды түзүүгө тийиш. Баланын ийгилигинин мониторингинин жана баасынын предмети болуп анын жетишкендиктери саналат, андыктан аларды башка балдардын жетишкендиктери менен салыштырууга болбойт.



4 БӨЛҮК

# ҮЧ ЖАШТАН ЖЕТИ ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ОКУТУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КОЛДОНМО



# ДЕНЕ БОЙДУН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИ ӨНҮКТҮРҮҮ

**ЧАКАН ЖАК** ИРИ ЖАНА МАЙДА КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИ ӨНҮКТҮРҮҮ

**КОМПОНЕНТ** ИРИ КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИ ӨНҮКТҮРҮҮ

**1 СТАНДАРТ** БАЛА КООРДИНАЦИЯНЫ КӨРСӨТӨТ ЖАНА ӨНҮККӨН ИРИ КЫЙМЫЛ-АРАКЕТИ БАР

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- 10-15 см бийиктиктеги бөгөттөн өтө алат
- Бийиктиги 40 см отургучтун алдынан өтүп кетет
- Тең салмактуулукту сактап, туурасы 30 см, узундугу 3 м түз линия же такта боюнча басат
- Чоң топту эки колу менен тосуп алат
- Ордунда туруп эки буттап 4-5 жолу секирет
- 2 мүнөт тынымсыз чуркайт

### Беш-жети жаштагы бала

- Дөңгөч боюнча басканда же 5 м түз линия боюнча басканда тең салмакты сактайт
- Топту бутага 3-4 м аралыкка ыргытат
- Беш-алты кадамдан ыргытылган топту тосот

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Шарттарды түзгүлө жана музыка астында бардык балдар менен ар күнкү эртең мененки гимнастиканы өткөргүлө (таза абада)
- Жумасына кеминде эки жолу 25-30 мүнөттөн дене тарбия сабагын уюштургула
- Дене тарбия боюнча сабактарда балдар тааныган ар кандай кейипкерлердин кыймылын туураган көнүгүүлөрдү колдонгула, мисалы, "Чымчыктай учабыз, көпөлөктөй канат кагабыз, топтой секиребиз, буттарыбызды так көтөрүп кулундардай чуркайбыз"
- Балдар үчүн дене тарбия сабактарын жана спорт иш-чараларын жылына эки-үч жолу ата-энелери менен бирге өткөргүлө. Мисалы, "Атам, апам, мен — спортту сүйгөн үй-бүлөбүз"
- Балдар менен маектешкиле, спорттун кышкы жана жайкы түрлөрүнө арналган сүрөттөрдү, иллюстрацияларды көргүлө
- Ар кандай кыймылдарды колдонуу менен кейипкерлерди табууга пантомима оюнда-

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Баланын дене боюнун өнүгүшүнө көз салгыла жана ал негизги кыймылдардын кайсыларын артык көрүп, кайсыларын аткара албастыгын аныктагыла (жөө басуу, топту тосуу, чуркоо, секирүү, бир нерсеге чыгуу). Балага ал үчүн кыймыл-аракеттин татаал түрлөрүн өздөштүрүүгө жардам бергиле. Балада кыймылдын негизги түрлөрүн өнүктүрүү үчүн жагымдуу чөйрөнү түзгүлө (топ менен ар кандай оюндар, кубалашып ойноо, жашынмак, велосипед тебүү, тепкичке чыгуу, секиргич менен секирүү ж.б.
- Балдарга сергек жашоо ыңгайынын жеке мисалын көрсөткүлө, дени сак болуу канчалык маанилүү жана бул үчүн эмне кылуу керектиги жөнүндө маектешкиле
- Бала менен жаратылышта, стадиондо, бассейнде, спорт аянтчасында көп убакыт өткөргүлө, бирге жөө сейилдегиле ж.б.
- Бала менен маектешкиле жана анын аракеттерине комментарий бергиле, мисалы:

- 3-4 мүнөт тынымсыз чуркайт
- Буттун учу менен чуркайт
- Секиргич менен 10 жолу секирет

рын, жаныбарлардын кыймылын туураган оюндарды балдарга сунуш кылгыла

- Денени ар кайсы тарапка бурулууга көндүрүү үчүн балдар менен бий кыймылдарын жасагыла
- Бир да баланы көңүл буруусуз калтырбагыла жана дене көнүгүүлөрүн аткаруу учурунда балдардын коопсуздугу жөнүндө камкордук көргүлө
- Балдарды дене тарбия сабактарында алардын кыймылдоо жигерин машыктыруу үчүн зарыл болгон материалдар жана жабдуулар менен камсыз кылгыла (топ, гимнастикалык отургуч, дого, секиргич ж.б.)

"Кел, экөөбүз бирге секиребиз", "Топту алып кел", "Сен эмне алып келдиң? Туура, топту"

- Баланын кыймылын ашыкча кийим менен чектебегиле. Сабактардын узак статистикалык түрлөрү, кыймылдабагандык да дене бойдун гана эмес, ошондой эле психикалык өнүгүүнү кечеңдетет
- Баланы үйдө жөнөкөй тапшырмаларды аткарууга тарткыла (кургак жалбырактарды чогултуу, солдорду сугаруу, үйдү тазалоого, тамак жасоого жардам ж.б.)

**КОМПОНЕНТ** **МАЙДА-БАРАТ КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИ ӨНҮКТҮРҮҮ**

**2 СТАНДАРТ** **БАЛА КООРДИНАЦИЯЛООНУ КӨРСӨТӨТ ЖАНА МАЙДА-БАРАТ КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИ ӨНҮКТҮРҮҮСҮ БАР**

### ИНДИКАТОРЛОР

Үч-беш жаштагы бала

- Карандашты, кашыкты жана башкаларды туура (уучу менен эмес, манжалары менен) кармайт
- Китепти бирден барактайт
- Чоң (өлчөмү жаңгактай) шуруга тасманы, жипти өткөрөт
- Чоң топчуларды топчулайт

### ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Иштин түрүн күн сайын майда-барат кыймыл-аракетти өнүктүрүүгө буруп, күндөлүк кырдаалды колдонгула: оюнчуктарды ордуна коюу, сабактарга материалдарды даярдоо, столду жасалгалоого катышуу ж.б.
- Боону байлоого жана сыдырманы, жабышкакты, топчуну топчулоого (чечүүгө) шыгын калыптандырууга көңүл жана убакыт бөлгүлө — ар күндөгү ушул машыгуулар бал-

### АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Колдун кыймылынын өнүгүшүнө (майда-барат кыймыл-аракет менен) көз салгыла, кармоо рефлексин өнүктүргүлө, буюмду тартууга, түртүүгө, мыкчууга, кагазды (фольганы) бырыштырууга, кашыкты, карандашты, сапты кармоого баланын умтулуусун колдогула
- Баланы топчуну, сыдырманы, жабышкакты өз алдынча топчулоого, чач өрүүгө

- Сыдырманы сыдырат
- Ири бөлүктөрдөн бүтүн нерсени чогултат (аппликацияны чаптайт)
- Пластилинден, топурактан, туздуу камырдан фигураларды жасайт
- Сүрөттөрдү боейт, кээде контурдун чегинен чыгуу менен боейт
- Кагазды белгиленген линия боюнча айрыйт

### Беш-жети жаштагы бала

- Боону байлайт
- Майда топчуларды топчулайт
- Өзүнө белгилүү объекттерди: үйдү, адамдарды, автомобилдерди, гүлдү тартат
- Ар кандай түрдөгү (түз, толкундуу, үзүк) сызыктарды тартат
- Адамды башын, бетин, колдорун, буттарын майда-бараттары менен тартат
- Сүрөттүн майда-бараттарын чагылдырып, үлгү боюнча тартат
- Контурдун чегинен чыкпастан, сүрөттөрдү, тамгаларды боейт жана белгилейт
- Камырды, топуракты, пластилинди колдонуп, эки-үч бөлүктөн турган буюмдарды жасайт
- Сайма саят, ийне менен тигет
- Көрсөтүлгөн контур боюнча кайчы менен кесет

дардын колунун жана манжаларынын майда-барат кыймыл-аракеттерин өркүндөтөт

- Манжаларды машыктыруу үчүн кум жана суу менен ойноону колдонгула
- Балдарды өз алдынча тейлөө жөндөмүнө көндүргүлө, алар майда-барат кыймыл-аракетти өнүктүрүү боюнча көп сандаган элементтерди камтыйт (таракты, самынды, тиш щетканы, кашыкты туура кармап жана аларды колдоно билүү керек)
- Сабак учурунда манжалардын гимнастикасын өткөргүлө, манжа оюнун ойногула, балдарды майда объекттерди кармоого, боону бармагы жана сөөмөйү (пинцет) менен байлоону үйрөткүлө
- Балдарда манжалардын жана колдун майда-барат кыймыл-аракетин өнүктүрүү үчүн "чыгармачылыктын чордонунда" жана "каттын борборунда" болгон (сүрөт тартуу, мыкчып жасоо, аппликация, басып чыгаруу, штрих, боо өткөрүү, конструкциялоо, моделдөө үчүн) материалдарды, ошондой эле мозаиканы, пазлдарды, ири жана майда шуруларды колдонгула
- Сабак учурунда майда-барат кыймыл-аракетти өнүктүрүүчү оюндарды колдонгула. Мисалы, "кар" оюну: балдар кагаздын барагын бырыштырып, аны тоголоктойт, андан соң бир ууч кар сыяктуу бири-бирине ыргыта алат
- Сүрөт сабактарында ар кандай линияларды, оюуларды, тетиктерди колдонуп, сүрөттүн бардык түрлөрүн (сюжеттик, предметтик, декоративдик) колдонгула
- Сүрөт тартуу жана графикалык жөндөмдү калыптандыруу сабагында кыргыз оюуласын (жиптен өрсө болот), мозаиканы чогултууга үйрөткүлө; камырдан тоголокторду жасоого, түстүү зымды таякчага ороого үйрөткүлө — бир караганда оңой көрүнгөн бардык ушул сабактар майда-барат кыймыл-аракеттерди өнүктүрөт жана бекемдейт
- Балага контурдан чыкпастан сүрөттү боеого, аларды ар кандай сызыктар менен белгилөөгө мүмкүндүк бергиле
- Балага убакыт бөлгүлө, алар менен майда-барат кыймыл-аракетти өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасагыла. Мисалы, столдо бала менен чогуу олтуруп, ага буурчакты алууну сунуш кылгыла, мында ал сөөмөйү менен бармагын колдоно тургандыгына же жоктугуна байкоо жүргүзгүлө. Макаронго жүн жипти өткөрүүнү сунуш кылгыла. Баланы сөзсүз мактап жана шыктандыргыла.

рынын элементтерин колдонуп, майда-барат кыймыл-аракет жөндөмүн өркүндөткүлө

**ЧАКАН ЖАК** СЕНСОРДУК ӨНҮКТҮРҮҮ

**КОМПОНЕНТ** СЕНСОРДУК КЫЙМЫЛ-АРАКЕТ ЖӨНДӨМДӨРҮ

**3 СТАНДАРТ** БАЛА КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮ ЖАКШЫ ТҮШҮНҮҮ ҮЧҮН ӨЗҮНҮН СЕЗҮҮ ОРГАНДАРЫН (КӨРҮҮСҮН, УГУУСУН, АҢДООСУН, ЖЫТ АЛУУСУН, СЕЗҮҮСҮН) ПАЙДАЛАНАТ

## ИНДИКАТОРЛОР

Үч-беш жаштагы бала

- Муздак-ысык нерселерди (чектерди) сыйпалап айырмалайт
- Көзүн жумуп алып буюмдарды сыйпалап аныктайт жана аларды сүрөттөйт (жылмакай, бүдүр, жумшак)
- Тамактын таттуу же туздуу даамын айырмалайт
- Бий кыймылдарын аткарат же музыка менен буттарын кыймылдатат
- Ар кандай материалдардан (кубик, жыгач, ширеңкенин коробкасы ж.б.) мунара тургузат
- Жыттарды айырмалайт (нан, алма, сүт, бадыраң канчалык даамдуу жыттанат)
- Үн чыгарган объекттерди айырмалайт

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Сабак учурунда, оюндарда, эркин иште балдарда анализаторлорун (көрүүсүн, угуусун, аңдоосун, жыт алуусун, сезүүсүн) өнүктүрүүгө көңүл бургула; алардын көңүлүн буюмдардын түсүнө жана көлөмүнө, үндүн бийиктигине жана жапыздыгына, жытка бургула
- Балдарга бардык сезүү органдары үчүн таасир алуу мүмкүнчүлүгүн бергиле
- Баланын изилдөөгө умтулуусуна оң өңүттө комментарий бергиле
- Тосколдуктарга карабастан оюндарды ойногула (столдун астына сойлоп кир, коробкадан секирип өт, стулду сол жагынан айланып өт ж.б.)
- Балдарды тар жол менен өйдө карай чыгууга же төмөн түшүүгө үйрөткүлө
- Сүрөттөрдү, окуу куралдарын, жер тө-

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балаңардын өзгөчөлүктөрүн эске алгыла (мисалы, музыка менен бийлегенди жакшы көрөт); бул муктаждыктарды турмушка ашыруу үчүн шарттарды түзгүлө
- Бала менен бирге анализаторлорду өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасагыла. Мисалы, тамак жасап жатканда баладан көздү жумууну жана ага кандай мөмө же жашылча (сабиз, алма) берилгенин даамынан билүүнү сурангыла. Баланы мактап, алма бергиле.
- Баланын бардык сезүү органдарынын абалына көз салгыла, эгерде зарылчылык болсо, адистерден консультация алгыла
- Балага көбүрөөк кыймылдоого, айлана-чөйрөнү иликтөөгө, сүйгөн ишин жасоого мүмкүндүк бергиле
- Балага тактилдик сезимдер, жыт, көрүү,

(үндүн булагы — самолет учуп баратат, трактор өтүп кетти, үйдөгү жаныбарлар үн чыгарууда)

- Угуусу боюнча үн кайдан чыгып жатканын аныктайт (жакындан, алыстан, арттан, алдыдан)
- Угуусу боюнча үндүн күчүн аныктайт (акырын-катуу)
- Негизги түстөрдү айырмалайт (кызыл, сары, жашыл, көк, күрөң, кара, ак)

### Беш-жети жаштагы бала

- Негизги түстөрдү айырмалайт (кызыл, кызгылт-сары, сары, жашыл, көк, кочкул көк, кызгылт көк)
- “Жылуу”, “муздак”, “ысык” түшүнүктөрүн айырмалайт
- Тамак-аш азыктарын даамы боюнча айырмалайт (таттуу, кычкыл, ачкыл, майлуу)
- Музыкага кошулуу менен бийлейт

шөктөрдү, куурчактын буюмдарын жана башкаларды жасоо үчүн ар кандай фактырадагы түркүн түстүү кездемелердин (тукаба, баркыт, шайы, драп, ситец, дермантин, джинсы кездемеси ж.б.) үзүктөрүн балдар менен бирге кылдат тандагыла. Балдардан алар ушул буюмдарды кармаганда эмне сезгенин айтып берүүнү өтүнгүлө

- Балдар менен куурчак театрын ойногула. Бул оюн ар кандай окутуу жана өнүктүрүү тапшырмаларын аткарууга: драмалык жөндөмдү (ырдоо, декламация айтуу, өзгөрүү, импровизация), чыгармачыл жөндөмдү (костюмду, декорацияны, ар кандай атрибуттарды жана башкаларды жасоо) өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Бул аракеттердин учурунда баланын бардык анализаторлору иштейт
- Музыкалык жана дене тарбия сабактарынын учурунда сигнал боюнча (музыканын ритмине ылайык, кыймылдын багыты жана ылдамдыгы боюнча; музыка астында эсептөө жана угуу) кыймылды колдонгон оюндарды көбүрөөк пайдалангыла

угуу аркылуу маалымат алууга мүмкүндүк бергиле. Классикалык жана улуттук музыканы бирге уккула, оюн материалдарын түрлөнткүлө (пластмассадан башка оюнчуктарды да колдонгула)



**КОМПОНЕНТ** ТАМАК-АШ

**4 СТАНДАРТ** БАЛА ТАМАК-АШКА ӨЗҮНҮН МАМИЛЕСИН КӨРСӨТӨТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Тамакка өзүнүн муктаждыгын билдирет (качан ачка, качан ток экенин айтат)
- Тигил же бул тамакты артык көрөт. Тамак ичип жатканда алаксыбайт (жеп бүтмөйүнчө столдон турбайт, башка ишке алаксыбайт)
- Ачык булактардагы суу коркунучтуу экенин билет

### Беш-жети жаштагы бала

- Пайдалуу жана зыяндуу тамак бар экенин билет (газдалган суусундук, майлуу, ачуу тамак — бул зыяндуу)
- Тышкы көрүнүшү жана жыты боюнча жаңы жана эски (таза жана кир) тамакты айырмалайт
- Ден соолук үчүн коопсуз сууну ичет
- Азыктардын түрлөрүн айырмалайт: эт, сүт жана ун азыктары, жашылчалар жана мөмөлөр
- Айрым тамактардын курамын билет жана аларды жасоого жардам берет
- Тамак-аш азыктарына аяр мамиле кылат (мисалы, нанды ыргытпайт)

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Пайдалуу жана зыяндуу тамак бар экени жөнүндө маектешкиле, балдардан аларга тамактын тааныш түрүн атоону өтүнгүлө. Мисалы, эмне үчүн тигил же бул тамак пайдалуу же зыяндуу деген суроону бергиле
- Витаминдер эмне экенин жана алар эмнеси менен ден соолук үчүн пайдалуу экенин түшүндүргүлө
- Алардын тилинде "жашылча", "мөмө", "сүт азыктары" сыяктуу жана башка жалпы түшүнүктөрдү бекемдегиле
- Балдар менен бирге бир нече салат жасагыла. Колдонулуучу ар бир азыкты талкуулагыла, ошондой эле тамактын гигиенасынын жана мыкты тамак-аштын маанилүүлүгү жөнүндө сүйлөшкүлө
- Сюжеттик оюндарды байытып, аларды жашылчалардын, мөмөлөрдүн муляждары жана башкалар менен толуктагыла
- Балдарга тамак ичүүнүн маданиятын каныктыргыла жана аларды столдогу иш-аракеттин эрежелерине үйрөткүлө
- Балдардын туура олтурушуна жана алардын ашкана буюмдарын, салфеткаларды пайдалана билүүсүнө көз салгыла

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Баланы тамак жасоо процессине (мисалы, ага камырдын үзүктөрүн жаюуга бергиле), столду жасалгалоого тарткыла, ага татаал эмес тапшырмаларды бергиле
- Балада улуттук тамак-ашты урматтоону жана ага кызыгууну тарбиялагыла, ар түрдүү тамак, аларды жасоо ыкмалары жөнүндө айтып бергиле
- Үй-бүлөлүк салтанаттардын учурунда тамак ичүү маданиятына өзгөчө маани бергиле, тигил же бул тамак кандай азыктардан тураары жөнүндө бала менен маектешкиле
- Балага "Тамак даамдуу бекен?" же "Сага кайсы тамак көбүрөөк жакты жана эмне үчүн?" деген сыяктуу суроолорду бергиле

# СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ

**ЧАКАН ЖАК** СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ

**КОМПОНЕНТ** ТУРМУШТУК ЖӨНДӨМДӨР ЖАНА СОЦИАЛДЫК РОЛДОРДУ ЖАНА ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЧЕНЕМДЕРИН ӨЗДӨШТҮРҮҮ

**5 СТАНДАРТ** БАЛА ӨЗ АЛДЫНЧА ТЕЙЛӨӨ ШЫКТАРЫН ЖАНА ЖӨНДӨМДӨРҮН КӨРСӨТӨТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Дасторкондо ашкана буюмдарын колдонуп, тамакты өзү жейт
- Чоң кишинин жардамы менен кийинет жана чечинет
- Топчуларды, сыдырмаларды топчулайт
- Бут кийимди өз алдынча киет жана чечет
- Кийимди аба ырайына ылайык тандайт

### Беш-жети жаштагы бала

- Өз алдынча кийинет жана чечинет
- Боону байлайт
- Идишке суюктукту өз алдынча куят
- Үйдөгү тиричилик техникасын уруна билет (телефон чалуу, телевизорду иштетүү ж.б.)
- Өз бөлмөсүндө (бурчунда) тазалыкты

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдарда өзүн-өзү тейлөө жөндөмүн жана маданияттын эталондоруна кызыгуусун калыптандыруу үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү жана аны зарыл материалдар: идиш-аяк (чайдыкы, ашкананыкы), ашкана буюмдары, дасторкон, салфетка салгыч, нан салгыч жана башкалар менен камсыз кылуу керек
- Бардык буюмдар жана ашкана буюмдары коопсуз болууга тийиш
- Балдарды ашкана буюмдары жана аларды пайдалануу эрежелери менен тааныштырып (мисалы, суюк тамакты кашык менен жейт, аны оң колдо уучтабастан, үч манжа менен кармайт ж.б.), сабактарда жана оюндарда өзүн тейлөө жөндөмүн бекемдегиле
- Ролдук жана дидактикалык "Куурчакка тамак беребиз", "Пилдин баласынын туулган күнү "деген жана ушул сыяктуу оюндарды колдонгула

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балада өзүн-өзү тейлөө боюнча шыкты жана жөндөмдү өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн аны менен баарлашуунун ар кандай учурун пайдалангыла (бөлмөнү тазалоо, оюнчуктарды кийинтүү ж.б.)
- Эгерде бала бир нерсени өзү жасай албай жатса, каалаган учурда жардамга келүү үчүн анын кыймыл-аракетине дайыма байкоо жүргүзгүлө жана көз жаздымдан чыгарбагыла. Мисалы, топчуну топчулоо же боону байлоо
- Бала өтө муктаж болгон жекече жардам жөнүндө унутпагыла
- Балага жеке тыкандыктын жана өз алдынчалыктын үлгүсүн көрсөткүлө, бала силерге дайыма байкоо жүргүзүп жана силердин жүрүш-турушуңар менен адаттарыңарды туурай тургандыгын унутпагыла
- Бала оорчулуктарды өзү жеңээрине ишене турганыңарды көрсөткүлө, бул аны өз

жана тартипти сактайт, кийимди кылдат бүктөйт же илет

- Тематикалык көркөм чыгармаларды, мисалы, “Федориндин азабы“ жана башка чыгармаларды балдарга окуп бергиле
- Балдардын билимин кеңейтүү жана өзүн-өзү тейлөө жөндөмүн калыптандыруу үчүн “Куурчакты сейилдөөгө кийинтебиз“, “Мамалак коенго меймманга барат“ сыяктуу жана башка дидактикалык оюндарды колдонгула
- Ар кандай боолорду, сыдырмаларды, топчуларды пайдаланып, майда-барат кыймыл-аракет жөндөмүн калыптандырууга балдарды көндүрүү керек
- Топтун жайында ар бир буюмдун өз орду болушуна көз салгыла
- Буюмду өз оруна коюуга балдарды үйрөтүү үчүн таза бөлмөдө (бурчта) шалаакы жана тыкан эмес ойноо жагымсыз экенине аларды күн сайын ынандыруу зарыл
- Тыкандык, тазалык жөнүндө сабак болуучу окуяларды балдарга айтып бергиле, ролдук оюндарды колдонгула же оюнчуктар бар окуяны ойногула (театр ойноо)
- Жеке үлгүңөрдү көрсөткүлө
- Балдардын жетишкендиктерине дайыма көз салгыла, аларды белгилеп жана кубаттагыла

алдынчалыгын дагы көбүрөөк көрсөтүүгө шыктандырат (мисалы, “Сен азаматсың. Сенин колуңан келет“ деген сөздөр менен шыктандыргыла



**КОМПОНЕНТ** ТУРМУШТУК ЖӨНДӨМДӨР ЖАНА СОЦИАЛДЫК РОЛДОРДУ ЖАНА ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЧЕНЕМДЕРИН ӨЗДӨШТҮРҮҮ

**6 СТАНДАРТ** БАЛА КОРКУНУЧТУУ БУЮМДАР ЖЕ КЫРДААЛДАР ЖӨНҮНДӨ БИЛГЕНДЕРИН КӨРСӨТӨТ ЖАНА АЛАРДАН ООЛАК БОЛУУГА УМТУЛАТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Көчөдөн өтүп жатып (чоң киши коштоп баратса да) солго, андан соң оңго кароо керек экенин билет
- Бейтааныш адамдарга, жаныбарларга жана курт-кумурскаларга жолукканда этият болот (аларга жакын барбайт)
- Үйдөгү жана көчөдөгү айрым жерлер же буюмдар коркунучту билдирээрин билет (мисалы, ачык күйүп жаткан от, розетка, көлмө, жолдун машина жүрүүчү бөлүгү ж.б.)
- Өзүн коркунучка дуушарландым деп сезгенде чоң кишиге кайрылат
- Ичүүчү таза сууну гана колдонот

### Беш-жети жаштагы бала

- Жолдон өтөөрдөн мурда анын эки жагын карайт
- Бейтааныш адамдарга адекваттуу мамиле кылат: бейтааныш чоң кишини коштоп кетүүгө болбостугун билет, анын сөздөрүнө да, сунуш кылган сыйына да көңүл бурбайт ж.б.

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Сабактарда, оюнда жана эркин иште балдарды көчөдөгү жана үйдөгү жүрүш-туруштун эрежелери менен тааныштыргыла
- Балдардын тилине: "тротуар, машина жүрүүчү бөлүк, жөө киши өтүүчү жер, жөө киши, светофор, өрт ж.б." сөздөрдү киргизгиле
- Окуу процессине дидактикалык, сюжеттик-ролдук жана кыймыл оюндарын кошкула. Мисалы: "Светофор", "Жол белгилери", "Зебра", "Конокко машина менен барабыз"
- Оюн бурчунда (өнүктүрүү борборунда) балдар менен бирге коопсуз жүрүш-туруш эрежелери боюнча оюндарга атрибуттарды символдоштурган кичине китептерди, оюнчук китептерди түзгүлө (светофор, жезл, транспорттун түрлөрү, коркунучтуу буюмдардын, кесиптердин түрлөрү ж.б.)
- Көчөдөгү коопсуз жүрүш-туруш эрежелери жөнүндө, светофордун түстөрү эмнени билдире тургандыгы жөнүндө; турмуш-тиричиликтеги коопсуз жүрүш-туруш жөнүндө таяныч сүрөттөрдү тандагыла
- Балдарга жол коопсуздугу жөнүндө, оттун, көлмөлөрдүн коркунучтуулугу жана башкалар жөнүндө көркөм чыгармаларды

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Баланы кароосуз калтырбагыла, өзгөчө анын ден соолугу жана өмүрү үчүн коркунуч бар жерлерде калтырбагыла
- Баланы ага жеткиликтүү тиричилик буюмдарын (розетка, өчүргүч, пульттар ж.б.) колдонууга үйрөткүлө
- Балага көчөдө, турмуш-тиричиликте жүрүш-туруштун ченемдерин жана эрежелерин сактоонун, отко мамиле кылуунун жеке үлгүсүн дайыма көрсөткүлө
- Коопсуздук эрежелеринин жана алардын адамдын ден соолугу менен тикелей байланышынын темасына өз бала кезиңердеги кырдаалды бала менен талкуулагыла
- Баланын үрөйүн учурбоо үчүн өзгөчө кырдаал учурунда бейпилдикти жана бейкапар жүрүш-турушту сактоого аракеттенгиле
- Балага "светофор", "зебра", "өрт" деген жана башка сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө
- Баланы коркунуч болгон учурда туура аракеттенүүгө үйрөткүлө

- Өзгөчө кырдаалдар (өрт, суу ташкындоо, сел, жер титиөө) бар экендиги жана алар келип чыкканда жүрүш-туруштун негизги эрежелери жөнүндө билет
- Ойноо үчүн коопсуз жерлерди тандайт (көлмөдөн, жолдун машина жүрүүчү бөлүгүнөн, жогорку чыңалуудагы линиялардан алыс)
- Жүрүш-туруштун айрым формалары (мисалы: тамеки чегүү) ден соолукка зыяндуу экенин түшүнөт

окуп бергиле
- Балдарды өзгөчө кырдаалдарда адамдарга жардам бере турган кесиптер менен тааныштыргыла – өрт өчүрүүчү, милиционер, врач жана башкалар
- Коркунучтуу кубулуштар жана буюмдар (от, электр, суу, уу өсүмдүктөр, курт-кумурскалар жана башкалар) жөнүндө балдардын түшүнүгүн калыптандырган тематикалык жана комплекстүү сабактарды, экскурсияларды өткөргүлө
- Балага коопсуздук кызматтарынын номерлери жөнүндө маалымдагыла

**КОМПОНЕНТ** ТУРМУШТУК ЖӨНДӨМДӨР ЖАНА СОЦИАЛДЫК РОЛДОРДУ ЖАНА ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЧЕНЕМДЕРИН ӨЗДӨШТҮРҮҮ

**7 СТАНДАРТ** БАЛА ЖҮРҮШ-ТУРУШТУН НЕГИЗГИ ЭРЕЖЕЛЕРИН БИЛЕТ ЖАНА АЛАРДЫ САКТАЙТ

### ИНДИКАТОРЛОР

Үч-беш жаштагы бала

- “Болот”, “болбойт”, “жакшы”, “жаман”, “керек“ деген сөздөрдүн маанисин түшүнөт
- Эскерткенден кийин өз буюмдарын жана оюнчуктарын жыйнайт
- Тыюу салынган аракеттерди жасабайт (теңтуштарынан же кичүүлөрдөн оюнчугун тартып албайт)

### ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдарды жүрүш-туруш эрежелери жана ченемдери менен дайыма тааныштыргыла жана жетишкендиктерине көз салгыла
- Оюндарды, анын ичинде алардагы айрым эрежелерди колдонгула, балдарды алар менен тааныштыргыла
- Балдар бакчасында балдардын жашоосунун ритмин: күндүн режимин, сабак өтүүнүн, сейилдөөнүн, оюн-зооктун жана башкалар-

### АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдар менен өзүңөрдүн жана анын иштери, же бакалардын аракеттери жана иштери жагынан таасирлерди алмашкыла
- Кээде балдар өзүнө көңүл бурдуруу үчүн жаман иш кылат, ошондуктан баланын терс жүрүш-турушуна көңүл буруунун кереги жок. Кээде бул ага ата-эненин көңүл буруусу жетишпей тургандыгы жөнүндө күбөлөп турат
- Жүрүш-туруш эрежелерин жана ченем-

- Столдо отурганда, сабак учурунда, сейилдеп жүргөндө жана башка учурларда жүрүш-туруш эрежелерин сактайт
- Оюндун эрежелерин билет жана аларды сактайт

### Беш-жети жаштагы бала

- Салтка айланган меймандостук эрежелерин билгенин көрсөтөт: саламдашат, коштошот, улууларга орун берет, "ыракмат", "кечирип коюңуз" деп айтат
- Улууларга сый мамиле кылат
- Балдар бакчасында, мейманда жана коомдук жерлерде жалпы кабыл алынган жүрүш-туруш эрежелерин сактайт
- Бөтөн буюмду, оюнчукту алаар алдында уруксат сурайт
- Оюнда кезектүүлүктү сактоо эрежесин түшүнөт

дын циклдүүлүгүн белгилегиле жана так сактагыла. Мисалы: күнүгө эртең менен гимнастика; сабак учурунда дене тарбия мүнөтү; сабактан кийин сейилдөө ж.б.
- Көркөм чыгармалардын, аңгемелердин каармандарынын жүрүш-туруш ченемдерин жана эрежелерин тууроо үчүн мисалдарды; маектешүүлөрдү; байкоо жүргүзүүлөрдү жана башкаларды колдонгула
- Көркөм чыгармалардын каармандарынын мисалында жакшылык жана жамандык жөнүндө балдардын түшүнүгүн (эталонду) калыптандыргыла
- Балдарда (сабактын жана оюндун жардамы менен) жаратылыш объекттерин, адамдарды, башка балдарды аяр кабылдоого жөндөмдү өнүктүргүлө. Балдардын аракеттерине түшүндүрүү аркылуу багыт бергиле
- Балдарды каармандары үйдө жана коомдо жүрүш-туруш ченемдерине жана эрежелерине ылайык аракеттенген же тескерисинче кылган көркөм чыгармалар, мультфильмдер менен тааныштыргыла
- "Кандай мамиле кылуу керек эле?", "Каарман жакшы кылдыбы же жаман кылдыбы?" деген жана башка дидактикалык оюндарды (сюжеттик сүрөттөрдү пайдалануу менен) колдонгула
- Балдарга эмгектик жана коомдук турмуштун тажрыйбасын (оюн формасында) өздөштүрүүгө жардам бергиле (жөнөкөй тапшырмаларды бергиле, сюжеттик оюндарды, драмаларды жана башкаларды уюштургула)

дерин белгилегиле. Бала "болот", "болбойт" деген сөздөрдү билүүгө жана аларды колдонууну унутпоого тийиш. Баланы буга үйрөтүп, сөздөрдү жеке үлгү менен бекемдегиле
- Баланын оң жактарын белгилегиле жана жакшы аракеттерин кубаттагыла
- Балага татаал эмес тапшырмаларды бергиле, кубаттаган тактиканы жана оптимизмди колдонгула
- Тикелей тыюу салууга барбагыла жана ченемдер менен эрежелерди аткарууга баланы күч менен мажбурлабагыла (күч колдонуп тарбиялоого болбойт!)
- Тыкандыкка жана буюмдарга аяр мамиле кылууга тарбиялагыла, муну жакшы жүрүш-туруш менен жүйөлөштүргүлө
- Баланын өтүнүчүн көңүл буруусуз калтырбагыла, анын демилгесин колдогула
- Бала үчүн бардыгы өз ордунда турган жана ал эрежелерге ылайык аракеттене турган өз мейкиндигин түзгүлө (мисалы: столдо отуруп сүрөт тартуу жана китеп окуу, бурчта ойноо ж.б.)
- Балада сүйүктүү ишке (кесип, хобби, кызыгуу) кызыгууну калыптандыргыла
- Кала берсе эң жөнөкөй оюнда да эрежелер бар экенин эсиңерге туткула, алар баланын жүрүш-турушунун эркиндигин чектейт
- Эгерде ата-энелер өздөрү алга илгерилебесе, балага таасир эте албай тургандыгын эске

- Балдарга жакшы маанайда мамиле кылгыла, алар сылыктыгын билдиргенде мактагыла
- Балдарды жүрүш-туруш эрежелерине жана ченемдерине ырааттуу жана дайыма үйрөткүлө
- Туура жүрүш-туруштун үлгүсү зор күчкө ээ деген эрежени жолдогула

**КОМПОНЕНТ** ТУРМУШТУК ЖӨНДӨМДӨР ЖАНА СОЦИАЛДЫК РОЛДОРДУ ЖАНА ЖҮРҮШ-ТУРУШ ЧЕНЕМДЕРИН ӨЗДӨШТҮРҮҮ

**8 СТАНДАРТ** БАЛА ГИГИЕНАЛЫК ЖӨНДӨМДӨРДҮ КӨРСӨТӨТ

## ИНДИКАТОРЛОР

Үч-беш жаштагы бала

- Гигиеналык буюмдарды пайдалана билет (сүлгү, салфетка, бет аачы, тарак)
- Чоң киши эске салганда тишин тазалайт, колун самын менен жууйт (ажатканадан кийин жана тамак ичээр алдында)
- Чүчкүргөндө жана жөтөлгөндө оозун колу менен жабат
- Ажатканага өз учурунда барууну унутпайт
- Эгерде бир жери ооруса, чоң кишилерге айтат

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Гигиеналык жөндөмдөрдү жана маданий өнүгүүнү калыптандыруу үчүн балдарга жагымдуу жана жайлуу чөйрөнү камсыз кылгыла. Алардын ичинен жеке гигиена буюмдарын бөлгүлө: тиш щетка, оозду чайкоо үчүн стакан, салфетка, сүлгү, тарак, алар кынтыксыз таза болууга тийиш
- Балдарды ушул буюмдарды пайдалануу эрежелерине үйрөткүлө
- Балдарга адамдын ден соолугу үчүн ушул процедуралардын мааниси жөнүндө айтып бергиле
- Көңүл бургула! Сууну жөнгө салуучулардын коопсуздугун камсыз кылгыла

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Баланын жетишкендиктерине дайыма көз салгыла, аларды белгилеп жана кубаттагыла
- Тиш щетка сыяктуу "маанилүү" буюмду сатып алуу үчүн бала менен бирге дүкөнгө баргыла, анын маанисин балдарга түшүндүргүлө
- Бетиңерди жуугула, тишиңерди тазалагыла, гигиеналык буюмдарды пайдалангыла, бул процедуралар ден соолукка кандай пайда алып келээрин түшүндүргүлө
- Бала муктаж болгон кубаттоолор жана жекече жардам жөнүндө унутпагыла

### Беш-жети жаштагы бала

- Эскертпестен колун самындап жууйт (ажатканадан кийин жана тамак ичээр алдында), колун сүлгү менен кургак сүртөт
- Өзүнүн тышкы көрүнүшү тыкан жана таза экенине өзү көз салат
- Таза идишти жана гигиенанын жекече каражаттарын гана пайдаланат (тиш щетка, сүлгү, тарак)
- Коопсуздук кызматтарынын телефон номерлерин билет (101, 102, 103)
- Таза сууну гана ичүү керектигин билет

- Балдарды өз мисалыңар — тышкы турпатыңар жана жүрүш-туруш маданиятыңар менен тарбиялагыла
- Тазалыкты сактоого жана тыкан болууга жигерин жана ниетин көрсөткөн балдарды мактоо менен кубаттагыла
- Алынган маданий жана гигиеналык жөндөмдөрдү тазалыкка, тыкандыкка карата оң мамилени, жыйнактуу болууга адатты калыптандырууга багытталган оюндарда бекемдегиле. Балдарга өзүн кароо боюнча ар кандай тапшырмаларды аткарууну сунуш кылгыла
- Өнүктүрүүчү чөйрөнү маданий-гигиеналык жөндөмдү чыңдоого жана алар жөнүндө маалымат алууга мүмкүндүк берген оюндар жана материалдар менен жабдыгыла: “Дүкөн“ (андан самын, шампунь, тиш паста, мочалка ж.б. сатып алууга болот) “Аптека“, “Поликлиника“
- Маданий-гигиеналык жөндөмдү каныктыруу үчүн К.Чуковскийдин “Мойдодыр” жана ушул сыяктуу тематикалык чыгармаларын окууну пайдалангыла
- Сабак болуучу окуяларды айтып бергиле, ролдук оюндарды ойногула же оюнчуктар менен окуяларды ойноп бергиле
- Балдар турган бөлмөлөрдү өтө таза кармагыла, топтук бөлмөдө ар бир буюмдун өз орду болушуна көз салгыла

- Балага өз тыкандыгыңардын мисалын көрсөткүлө
- Гигиеналык жөндөмдөрдү алар балада адатка айланганга чейин дайыма калыптандыргыла жана өнүктүргүлө, анткени жөндөм тез эле унутулуп калат



**КОМПОНЕНТ** ЧОҢ КИШИЛЕР МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР

**9 СТАНДАРТ** БАЛА ТААНЫШ ЧОҢ КИШИЛЕРГЕ ИШЕНИМ АРТАТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Жакындарды жакшы көрө тургандыгын көрсөтөт, жардам сунуш кылат (мисалы: столго тамактарды коюу)
- Тааныш чоң кишиге бирге ойноону сунуш кылат
- Кандайдыр-бир жаңы нерсени билүү үчүн чоң кишилерге көп учурда суроо берет
- Чоң кишилерге өзүнүн аракеттери, сезими, ниети жөнүндө айтып берет
- Ишенүүгө боло турган жана болбой турган чоң кишилерди айырмалоо кудуретин көрсөтөт
- Эмоциялык колдоо үчүн жакындарга кайрылат

### Беш-жети жаштагы бала

- Жардам сурап жакындарга гана эмес, ошондой эле тааныш чоң кишилерге (тарбиячыга, коңшуларга, туугандарга) кайрылат
- Чоң кишилер менен баарлашууда урмат-сыйын көрсөтөт (алар сүйлөп жатканда

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР


- Балдарды мээримдүү тосуп алгыла, жакшы көргөнүңөрдү жана түшүнгөнүңөрдү билдиргиле, алар үчүн кызыктуу темаларга суроо бергиле жана маектешкиле
- Ишеничтүү мамилени өнүктүрүү үчүн бала эртең менен балдар бакчасына алып келген оюнчукка көңүл бургула, аны мактагыла
- Чоң кишилерге карата жакшы сезимдери билдиргени үчүн балдарды кубаттагыла, алар (няня, музыкалык кызматкер, медайым, ашпозчу ж.б.) менен урматтаган өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүгү үчүн шарттарды түзгүлө
- Өз сезимин билдирүү мүмкүнчүлүгү балдарда да, кыздарда да бирдей даражада болушу жөнүндө камкордук көргүлө
- Балада чоң киши менен баарлашуунун моделин иштеп чыгуу үчүн ар кандай ыкмаларды колдонгула (чыгармаларды окуу, ролдук оюндар, сүрөт тартуу ишмердиги)
- Балдарга сабак учурунда жардамга келүү ниетиңерди дайыма көрсөткүлө жана ар кандай ишинде көмөк көрсөткүлө
- Баланы кунт коюп уккула, ишенимди жо-

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Силер өз балаңардан күткөн жүрүш-турушту көрсөткүлө
- Балада улууга урматтоону, кичүүлөргө жана башкаларга жардам берүүгө даярдыкты тарбиялагыла
- Балдар жакын чоң кишилер тарабынан мээримге, жакшы көрүүгө жана эмоциялык колдоого дайыма муктаж экенин эсиңерге туткула
- Баланын силерге кызыгуусу жана ишеними пайда болгонун көңүл буруусуз калтырбагыла
- Биргелешкен оюнду тандоодо баланын артыкчылыгын эске алгыла
- Оюнда бала кандай ролду тандаганына байкоо салгыла. Эгерде ролдор жаман, каардуу болсо, демек, бала ага карата чоң кишилердин терс мамилесине каршылык билдирип жатат
- “Ары турчу, сен мага тоскоол болуп жатасың“, “Чоңойгондо түшүнөсүң“ деген жана башка сөздөрдү айтпаңыз
- Баланы коопсуз жүрүш-туруш эрежелерине үйрөткүлө, анткени 3 -7 жашта ар нерсеге ынтызар, ашкере үйүр жана ишенчээк

сөзүн бузбайт, "сиз" деп кайрылат ж.б.)

- Көйгөйлөрүн жакын чоң кишилер менен бөлүшөт
- Өз алдынча аракеттерди аткаруу үчүн кеңеш сурап чоң кишиге кайрылат (столго тамактарды коюу, буюм жасоо ж.б.)
- Чоң кишилердин көрсөтмөлөрүн жасайт, чоң кишинин (мугалимдин, тарбиячынын ж.б.) айткандарына баш иет



готпоо үчүн сөзүн бузбагыла жана аны токтотпогула

- Зарылчылык болгон учурда балага стресстен арылууга жана өз сезимин башкарууга жардам бергиле
- Балдар менен маектешип, бир нерсе жөнүндө айтып берип же китепти окуп жатып, аларга туугандар жана жакын адамдар менен ишеничтүү мамилелердин маанилүүлүгүн түшүндүргүлө
- Алда канча ишенимдүү мамилелерди түзүү үчүн балдар менен иштөөдө юморду көп пайдалангыла, алар менен мамилелерде көбүрөөк оң эмоцияларды билдиргиле
- Күн сайын ар бир бала менен жекече баарлашууга убакыт (жок дегенде бир нече мүнөт) бөлгүлө
- Балдарга (аңгеме, сүрөт, оюн ж.б.) аркылуу өз сезимин, кооптонуусун жана ниетин билдирүү мүмкүнчүлүгүн бергиле

болуп калат. Балага бейтааныш кишилер менен сүйлөшүүгө, анын бергенин алууга, аларга өз дарегин, телефонун жана башкаларды айтууга болбойт деп эскерткиле

- Бала менен бирге көп ойногула, оюн бала үчүн социалдык институт болуп саналат
- Балдарга китептерди окуп, өз турмушуңардан окуяларды айтып бергиле. Бала силер кичинекей болгонуңар жөнүндө окуяны кызыгуу менен угат, бул ишеничти жана түшүнүүнү бекемдейт
- Бала менен анын сезимдери жана таасирленүүлөрү, өзгөчө ишеним менен байланышкан таасирленүүлөрү жөнүндө сүйлөшкүлө
- Улуу (улгайган) жана кичүү адамдарга камкордукту, сый мамилени өз мисалыңарда көрсөткүлө, түшүндүргүлө жана кубаттагыла

**КОМПОНЕНТ** ТЕҢТУШТАР МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР

**10 СТАНДАРТ** БАЛА ТЕҢТУШТАРЫ МЕНЕН ДОСТУК МАМИЛЕЛЕРДИ ӨНУКТҮРӨТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Башка балдар менен ойногонду билет
- Материалдарды жана оюнчуктарды (чоң кишинин айтуусу боюнча) башка балдар менен бөлүшкөндү билет
- Бери болгондо бир досу бар
- Башка балдардын жакшы жүрүш-турушун аңдап-түшүнөт
- Социалдык ролдорду иликтөө, машыгуу жана түшүнүү үчүн оюнду пайдаланат

### Беш-жети жаштагы бала

- Башка балдар менен ишмердикти (оюнду, эмгекти) уюштура билет, материалдарын жана оюнчуктарын бөлүшөт
- Балдар менен ойноодо ар кандай ролдорду кабыл алат (лидер, экинчи даражадагы роль)
- Теңтуштардын өзүнө мамилесин баалайт (кубанат, наразы болот, кыйналат)
- Милдеттерди чечүү үчүн теңтуштары менен биригет, жардам сурап аларга кайрылат

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдардын теңтуштары менен биргелешкен оюндары жана сабактары үчүн шарттарды жана жагдайларды түзгүлө (таза абадагы мелдеш оюндар, драма оюндары, ролдук оюндар, кыймыл оюндары ж.б.)
- Эгерде бала теңтуштардын тобундагы оюнга кошулуудан кыйналып жатса, ага жардам бергиле. Ар бир балага башка балдар менен ойноого мүмкүнчүлүк бергиле
- Балдардын достук баарлашуусун жана өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүүгө көмөктөшкүлө; башка балдар менен кантип туура баарлашуу керектигин айтып бергиле; көйгөйлөрдү кантип чечүүгө же биргелешип натыйжага кантип жетишүүгө боло тургандыгын талкуулагыла жана көрсөткүлө
- Балдар үчүн башкаларга жардам берүүгө (тапшырманы аткарууга же башкалар үчүн буюмдарды жасоого), кезек менен ойноого (белгилүү учурда) үйрөнүүгө мүмкүнчүлүктү камсыз кылгыла
- Балага өз пикирин айтууга жана теңтуштарынын пикирин угууга мүмкүнчүлүк бергиле
- Өзгөчө муктаждыктары бар балдар жө-

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Өз балаңарды балдар майрамдарына, сейилбакка, мейманга, куурчак театрына барууга аралаштыргыла, ал жерде балдар теңтуштары менен баарлашууга өз муктаждыктарын турмушка ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот
- Балдардын бардыгы индивидуалдуу жана алардын өнүгүү темптери ар башка экенин эсиңерге туткула. Теңтуштар менен мамилелер да ар башкача түзүлүшү мүмкүн. Мисалы, айрым балдар теңтуштары менен баарлашып, катуу кыйкырууга, чоектоого же тынбай күлүүгө аракеттенет, бул болсо алардын өзгөчөлүгү
- Өз балаңардын теңтуштар менен оюнун уюштуруп, теңтушу билгенди ал жасай албагандыгы үчүн аны жемелебегиле. Бул балада жетилбегендик сезимин, теңтуштарына терс мамилени өөрчүтөт
- Башка балдар менен өз ара аракеттенүүсүнүн оң моделин кубаттагыла (бала жардам берип, оюнчуктарын бөлүшө алат ж.б.)
- Бала эң жакшы жана сүйүктүү экенине ага ишенич бергиле

- Башка балдар менен мамилелерде каталарды мойнуна алат жана аларды оңдоого аракет кылат (кечирим сурайт, башка чечимдерди сунуш кылат ж.б.)

нүндө айтып бергиле жана аларга жардам берүүгө жана алар менен бирге ойноого үйрөткүлө

- Баланы өзүнө жана башкаларга карата сый менен мамиле кылууга үйрөткүлө (балдар бири-биринин кыжырына тийишине, бири-бирин маскаралашына жана башкаларга жол бербегиле)
- Балдардын биргелешкен иши үчүн эрежелери бар оюндарды уюштургула
- Балдар башка балдардын идеяларын жана сунуштарын кабылдаганда, аларды куттагыла жана мактагыла

**КОМПОНЕНТ** ҮЙ-БҮЛӨ ЖАНА КООМ

**11 СТАНДАРТ** БАЛА ҮЙ-БҮЛӨ, ЖАМААТ, АДАМДАРДЫН ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШТАР ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮККӨ ЭЭ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Үй-бүлөнү жакындардын чөйрөсүндө өзүн жакшы сезген социалдык чөйрө катары түшүнөт
- Өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрү менен мамилелерин түзөт
- Адамдарды курагы боюнча айырмалайт
- "Туугандар", "коңшулар", "достор" деген

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдарды алардын айлана-чөйрөсүнүн көп түрдүүлүгү менен тааныштыргыла, үй-бүлөнүн, мектептин, дүкөндүн, почтанын сүрөттөрүн карап чыккыла
- Оюнда ролдорду бөлүштүрүүдө гендердик тең укуктуулукту моделдегиле (ата кир жууйт, апа машина айдайт ж.б.)
- Сабактарда дидактикалык окуу куралдарын, таяныч жана тематикалык сүрөттөрдү,

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Баланын үй-бүлөлүк альбомду карап чыгуу ниетин кубаттагыла
- Үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү жөнүндө бала менен маектешкиле
- Кенже бала менен бирге оюндарга улуу балдарды тарткыла. Дөөлөттөр бир муундан башка муунга берилет
- Ар кандай кесиптер жөнүндө айтылган чыгармаларды бирге окууга болот

жана башка сөздөрдүн маанисин түшүнөт

- Балдардын тобу менен оюндарга муктаждыгын көрсөтөт, бирге ойноо үчүн башка балдардын чөйрөсүн издейт

## Беш-жети жаштагы бала

- Өзү туулган өлкөнү (шаар, айыл, көчө) билет
- Өлкөдө ар кандай улуттагы жана маданияттагы адамдар жашай тургандыгын билет (кийим, музыкалык аспаптар, ашкана, салттар, майрамдар)
- Ата-энесинин жана өзү жашаган региондогу башка чоң кишилердин кесибинин милдетин билет жана атайт (чабан, мурап, бүркүтчү ж.б.)
- Коомдук жерлердин багыты жана алардын айырмаланган белгилери жөнүндө билет (балдар бакчасы, поликлиника, мектеп, дүкөн, китепкана, кинотеатр ж.б.)
- Ролдук оюндарда социалдык ролдорду өзүнүн түшүнгөнүн, курчап турган чөйрөгө, жамаатка мамилесин чагылдырат

портфолиону, слайддарды пайдалангыла. Мисалы, "кесип", "өлкөнүн элдеринин музыкалык аспаптары", "ар кандай элдердин майрамдары"

- Балдардын ар кандай социалдык ролдордогу оюндарына дем бергиле: кардар – сатуучу; пациент – врач; жүргүнчү – айдоочу; бала – үй-бүлө ж.б. Мындай оюндар өз ара байланыштардын ар түрдүүлүгүн чагылдырат жана балдардын курчап турган чөйрө жөнүндө түшүнүгүн калыптандырат
- Сабактардын учурунда балдарга өзүнүн үй-бүлөсүн, коңшулардын үй-бүлөсүн, туугандардын үй-бүлөсүн сүрөттөө мүмкүнчүлүгүн бергиле. Бала айырмаларды жана ар түрдүүлүктү билгенин кубаттагыла (мисалы, коңшунун үй-бүлөсүндө беш бала бар, ал эми биздин үй-бүлөдө бир бала; менин апам иштейт, ал эми Даниярдын апасы үй кызматчысы ж.б.)
- Курчап турган жамааттын көп түрдүүлүгү жөнүндө балдардын маалымдар болушунун деңгээлин аныктоо үчүн алар менен маектешкиле
- Сабактарды уюштургула, алардын жүрүшүндө балдар ар түрдүү критерийлер менен таанышат (жынысы, курагы, кесиби ж.б.)
- Балдарда бир адам бир нече социалдык ролдордо болушу мүмкүн экендиги жөнүндө түшүнүктү калыптандыргыла (мисалы, эне – кыз – ашпозчу – айдоочу – сатып алуучу – студент ж.б.)

- Үй-бүлөдөгү гендердик тең укуктуулукту кубаттагыла, муну өзүңөрдүн мисалыңарда көрсөткүлө (мисалы, атасы баланы окутуу жана өнүктүрүү менен алектенет)
- Сейилдөө учурунда баланын көңүлүн башка адамдардын дене боюнун ар түрдүүлүгүнө бургула (чачынын түсү, көздөрүнүн түсү, бою ж.б.)
- Балдардын башка үй-бүлөлөрдөгү балдар менен ойноого ниетин кубаттагыла



**ЧАКАН ЖАК** ЭМОЦИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ

**КОМПОНЕНТ** "МЕН – КОНЦЕПЦИЯЛАРДЫ" ӨНҮКТҮРҮҮ (ӨЗ АЛДЫНЧА АНЫКТОО)

**12 СТАНДАРТ** БАЛА ӨЗҮН ИНСАН КАТАРЫ КАБЫЛДАЙТ

## ИНДИКАТОРЛОР

Үч-беш жаштагы бала

- Өзүнүн атын жана фамилиясын билет жана атайт
- Өзүн ойлонгон инсан катары идентификациялайт ("мен... эсептейм"); өзүнүн сезимдерин айтат ("мен капаланып жатам", "кубанычтамын");
- Тиешелүү ат атоочторду колдонуу менен өзү жөнүндө айтат (мен, мага, мени), өзүнө үчүнчү жакта шилтеме жасайт
- Бала жөнөкөй аракеттер жагынан өз алдынча аракеттенүүгө ниетин билдирет (мен өзүм алам, мен өзүм барам ж.б.)
- Эмне кылгысы келгенин билип тандайт (сүрөт тартуу, китеп окуу, конструкциялоо ж.б.)

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балага ысмы боюнча гана кайрылгыла жана балдар бири-бирине ысмы боюнча кайрылышына көз салгыла, бири-биринин ысмын эстеп калышына балдарга жардам берүү үчүн оюндарды пайдалангыла
- Бала аткарган бардык иштерге анын ысмын жана аткарган датасын жазгыла
- Бала өзү жөнүндө, башкалар жөнүндө айта ала турган жагдайды түзүп, сүрөттөрдөгү окшоштуктарды жана айырмачылыктарды белгилегиле (жашаган жери, маданияты, тили, кийими ж.б.)
- Балдарга силер кийлигишпестен өз алдынча ойноосуна жана аракеттенүүсүнө мүмкүндүк бергиле
- Балага силердин жардамыңар керек болгондо алар үчүн жеткиликтүү болгула
- Иш-аракеттин түрүн тандоодо баланын артыкчылыгын урматтагыла, анын колунан эмне жакшы келээрин эске алып, артыкчылыктар жөнүндө жекече маектешкиле
- Балдарга байкоо жүргүзгүлө жана өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө ишенбегендерди колдо-

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балага өз аракеттерин/ишин сүрөттөөнү сунуш кылгыла жана ал дагы эмне жасай ала тургандыгы жөнүндө айткыла (мисалы, мындан да бийик секирүү ж.б.)
- Баланын оң аң-сезимин бекемдегиле, жакшы иштерди жана аракеттерди кубаттагыла, мактоону колдонгула
- Бала менен кыздын инсанына урматтоо жана түшүнүү менен мамиле кылгыла
- Бала менен баарлашууда төмөнкүдөй эрежелерди сактагыла:
  - балага мүмкүн болушунча жакын тургула же олтургула жана башыңарды ийкеп же "жакшы, азаматсың" деген сөздөрдү айтып, маектешүүнү кубаттагыла;
  - жакшы маанайыңарды көрсөткүлө;
  - сөзүңөрдү эмоция менен коштогула;
  - бала сүйлөп жатканда аны бузбагыла;
  - юмор сезими жөнүндө унутпагыла;
  - өтө катуу сүйлөбөгүлө
- Баланын өз билгендерин жана жетишкендиктерин көрсөтүү ниетин кубаттагыла (ыр айтып берүү, сүрөт тартуу, ырдоо, бий ат-

### Беш-жети жаштагы бала

- Өзүнүн маанайынын себебин түшүндүрөт (мен таарындым, анткени...), өзүнүн пикирин негиздейт
- Өзүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн атайт (менин боюм бийик, мен уялып жатам, мен жакшымын ж.б.)
- Өзүнүн дене боюнун абалы жөнүндө билдирет, "мен чарчадым", "мен али чуркай алам" деп айта алат
- Сабак жана эс алуу үчүн өзүнүн мейкиндиги болсо деп каалайт

гула; аларга оюндарда, майрамдарда ыр окууда алдыңкы ролдорду бергиле ж.б.)

- Сүрөт тартуу ишмердиги аркылуу балдарга өзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн бергиле, мисалы, "Сүйгөн оюнуңду тарт", "Менин жакшы көргөн иштерим" ж.б. темаларын колдонгула
- Балдардын изилдөөлөргө жана эксперименттерге ниетине дем бергиле (коопсуздукту камсыз кылгыла)
- Бардык балдардын көзүнчө балага кала берсе болор-болбос эскертүү жасабоого аракеттенгиле, ал баланын көңүлүн ооруту-шу мүмкүн, аны бала көпкө чейин унутпайт жана кыйналат

каруу, кандайдыр-бир тапшырманы аткаруу, бир нерсени өз алдынча жасоо ж.б.)

- Баланын туулган күнүн ага өзүнүн жакшы көрүүсүн көрсөтүү, анын жекечелиги жана анын инсанынын кайталангыстыгын баса белгилөө, ал чоң жана акылдуу болуп калганы, ал көп нерселерди өзү жасап жана башкаларга жардам бере ала тургандыгы жагынан майрамдык жана салтанаттуу жагдайды түзүү мүмкүнчүлүгү катары пайдалангыла
- Өз алдынча болууга баланын муктаждыктарын урматтагыла (бөлмөдө ал жалгыз боло ала турган бурчу болгону дурус)
- Бала өзүнүн көзкарандысыздыгын жана жекечелигин көрсөтүп, каршылыгын билдире алаарын эске туткула

**КОМПОНЕНТ** "МЕН – КОНЦЕПЦИЯЛАРДЫ" ӨНҮКТҮРҮҮ (ӨЗ АЛДЫНЧА АНЫКТОО)

**13 СТАНДАРТ** БАЛА ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛООНУ КӨРСӨТӨТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Өзүнүн билгендерин көрсөтөт ("Мен муну өзүм жасадым")
- Өзүнүн идеялары жөнүндө айтып берет жана өз пикирин айтат
- Өзүнүн ийгилигинин же жолу болбой ка-

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Сабак учурунда балдарда социалдык жетиктиктин көрсөткүчү катары өзүн-өзү баалай билүүнүн негиздерин түзгүлө
- Бала менен бирдикте жаңы иштер менен толуктап, анын жетишкендиктеринин портфолиосун түзгүлө
- Балага ар түрдүү иштер үчүн мүмкүн-

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Ар кандай (баланын курагына ылайыктуу) оюнчуктар жана материалдар менен толтурулган жагымдуу өнүктүрүүчү чөйрөнү түзгүлө
- Бала өзүнө-өзү баа берүүгө муктаждыгын турмушка ашыра ала турган оюнду өнүктүргүлө. Мисалы, сүрөт тартуу жана

луунун учурунда эмоциялуу мамиле кылат (пазлды чогултканда же кубиктерден үй курганда секирет, алаканын чабат; бир нерсени жасай албай жатса, капаланат)

### Беш-жети жаштагы бала

- Өзүнүн оюнун же оюндун эрежелерин ойлоп табат, алып баруучунун ролун өзүнө алат
- Теңтуштарынын жана чоң кишилердин балоосуна сезимталдык менен мамиле кылат
- Өзүнүн жөндөмдөрү жөнүндө ой жүгүртөт (мен жакшы ырдайм, сүрөт тартам, футбол ойнойм ж.б.); өзүнүн ишмердигин (мен сонун тарттым), өзүнүн аракетин (мен азаматмын, мен апама жардам бердим) баалайт
- Кырдаалга жараша кебетесин жана өзүнүн жүрүш-турушун өзгөртөт
- Жаңы тапшырмаларга тартынбай киришет

чүлүктү камсыз кылгыла (сүрөт тартуу, чаптап жабыштыруу, конструкциялоо)

- Балдарга бир нече варианттарды сунуш кылып, каалаган тапшырманы аткаруу мүмкүнчүлүгүн бергиле (жигердүүлүк борборун түзгүлө)
- Ар бир сабактан кийин балдардын ишин көрсөтмө такталарга, бурчтарга жайгаштыргыла
- Балдар менен сабактарды уюштуруп, аларын көңүлүн натыйжага буруу жана эмне колунан келгенин, ал эми эмне колунан келбей калганын жана эмне үчүн андай болгонун талдап жана баа бере билүүнү өнүктүрүү керек
- Сабактарды жана иштерди талдоо сыяктуу усулдук ыкманы колдонгула. Сүрөттөрдү, жасаган буюмдарды талдоодо, ырларды окууда балдарды өзүнүн, ошондой эле теңтуштарынын иштери менен аракеттерине баа берүүгө тарткыла
- Баланын жаңы, алда канча татаал тапшырмаларга киришүүгө ниетин кубаттагыла, анын ийгилигине күн мурунтан ишенгениңерге ынандыргыла
- Эгерде бала өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө ишенбесе же мугалимдин жекече жардамына жана колдоосуна муктаж болсо, аны көңүл буруусуз калтырбагыла
- Балдарга алардын куррактык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык тапшырмаларды берип, аларды бара-бара татаалданткыла (жөнөкөйдөн татаалга карата)

өзүнүн сүрөттөрүн илүү, күзгүнүн алдына туруп музыка менен бийлөө ж.б.

- Баланы башка балдардын же чоң кишилердин адилетсиз мамилесинен жана агрессиясынан коргогула
- Баланын ийгиликтерине чын дилиңерден суктангыла
- Эгерде бала бир нерсени туура эмес жасаса, шашса же кылдат эмес болсо, ага анын каталары сыпайы түрдө түшүндүргүлө жана сөздү милдеттүү түрдө мактоодон баштагыла, андан соң гана кемчиликтерге өткүлө. Силердин сөзүңөр эгерде ал аракеттенсе, анын колунан баары келе тургандыгына ишеничти билдирүүгө тийиш
- Баланын табигый ритми чоң кишиге караганда алда канча жай экенин, бала шаштырганды жактырбастыгын эсиңерге туткула
- Балага ката кетирүү — табигый иш экенин жана бул окуу учурунда сөзсүз боло тургандыгын түшүнүүгө жардам бергиле
- Баланын аракеттеринен жана мүнөздөмөлөрүнөн дайыма жакшы жактарын тапкыла жана аны кубаттагыла
- Баладан айланадагы жана өзүнүн аракеттери жөнүндө пикирин сурагыла, өзүнүн аракеттерин жана теңтуштарынын аракеттерин сүрөттөөгө жана баа берүүгө үйрөткүлө

**КОМПОНЕНТ** ЭМОЦИЯЛЫК КӨРҮНҮШТӨР

**14 СТАНДАРТ** БАЛА ӨЗҮНҮН СЕЗИМДЕРИН ЖАНА ЭМОЦИЯЛАРЫН БИЛДИРИП ЖАНА ЖӨНГӨ САЛА АЛАТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Өз сезимдерин жана эмоцияларын (таңдануусун, коркуусун, кооптонуусун, сүйүнүчүн) сөздөр, интонация, кыймылдары жана кебетеси менен билдирет
- Эгерде чоң кишилер анын ийгиликтерин байкаса, ыраазы
- Чоң кишилердин жардамы менен өзүнүн импульстарын контролдойт

### Беш-жети жаштагы бала

- Иштиктүү сынды туура кабылдайт
- Айлана-чөйрөгө жана жагдайга жараша өзүнүн жүрүш-турушун жана эмоцияларын өзгөртөт
- Өзүнүн сезимдерин (кубанычын, толкундануусун) теңтуштары жана чоң кишилер менен бөлүшөт
- Эгерде кандайдыр-бир себептен улам капаланса, болуп өткөн нерсеге иштиктүү мамиле кылат; урушуп-талашпайт; оюндарда же мелдештерде уттурса, тынч бойдон калат
- Өзүнүн үмүтүн (түңүлүүсүн) сөз менен билдирет

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдарда эмоциялардын пайда болушуна байкоо жүргүзгүлө, чыр-чатактарды чечүүгө жардам бергиле
- Баланын колунан келбей калганда аны колдогула жана кийинки жолу ал тапшырманы мыкты аткараарына ишеничи билдиргиле
- Балдар өз эмоцияларын контролдой алганда кандай жакшы жана алар муну жасай албаганда кандай жаман экендиги жөнүндө көркөм адабияттан, мультфильмдерден мисалдарды колдонгула жана талкуулагыла
- Балдардын сабактарын, оюн жана эркин иштерин уюштурууда жана пландаштырууда бул курактагы балдардын өз билгенин жасоого (декламация айтууга, ырдоого, бийлөөгө, майрамды же оюнду алып баруучунун ролунда болууга ж.б.) бекем ниетин эске алгыла
- Эмоциялык абалды билдирген жана аталган сөздөрдү колдонууга балдардын ниетин кубаттагыла. Алар менен тилдик оюндарды ойногула, мисалы, "Жакшы маанай жөнүндө сөздөрдү ким көп айтат?"

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Бири-бирңерге жана башка адамдарга жакшы, урматтоо жана чыдамдуулук менен мамиле кылгыла
- Баланын мүнөзүнүн көрүнүшүнө, өзүнүн эмоцияларын тигиндей же мындай түрдө билдире алышына байкоо жүргүзгүлө жана бул белгилерди үй-бүлөнүн салтына жараша түзгүлө
- Үй-бүлөдө жакшы жагдайды түзгүлө жана өз эмоцияларын башкарууга жана бири-бирине жана бардык үй-бүлө мүчөлөрүнө карата эмоцияларын билдирүүгө шыкты балага күн сайын көрсөткүлө
- Баланын суроолоруна болгонундай жана жөнөкөй жооп бергиле, бул өтө маанилүү, сөз майда-чүйдөлөр жөнүндө болсо да маанилүү
- Бала — мыкты экенине жана силер аны жакшы көрө турганыңарга аны ишендиргиле
- Баланын жүрүш-турушун жана бир нерсеге анын эмоциялык мамилесин аны менен талкуулагыла, эгерде зарылчылык бар болсо, башкача да кылууга боло тургандыгын түшүндүргүлө (мисалы, кыйкыргандын ордуна акырын айтуу)

**КОМПОНЕНТ** ЭМОЦИЯЛЫК КӨРҮНҮШТӨР

**15 СТАНДАРТ** БАЛА САНААЛАШТЫГЫН БИЛДИРЕТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Башка адамдардын ал-акыбалына (ыйлоо, күлүү ж.б.) тиешелүү мамиле кылат
- Баарлашууда жана оюн жагдайларында тең бөлүшө билет (теңтуштарын жана чоң кишилерди аяйт, жакшы көргөн оюнчугун жана башкаларды калкалайт)
- Оюндарда кичинекейлерге камкор мамиле кылат (куурчак — кыз, аюу — кичине бала ж.б.), аларды багат, тамак берет, уктатат, ырдайт ж.б.
- Китептердин жана мультфильмдердин каармандарынын жүрүш-турушунун мүнөзүнө жараша алар үчүн санааркайт

### Беш-жети жаштагы бала

- Айланадагылардын (теңтуштардын жана чоң кишилердин) мүнөзүн жана маанайын аныктай алаарын көрсөтөт
- Кыйналып турган же жардамга муктаж адамдарга, мисалы, оорулуу балдарга, улгайган адамдарга жана башка-

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Турмуштагы мисалдарды, оюндарды чыгармаларды (мисалы, К.Чуковскийдин “Доктор Айболитин” жана башкаларды) окуп берүүнү колдонуу менен балдарды адамдарды, жаныбарларды, куштарды аёого жана кайгыны тең бөлүшүүгө үйрөткүлө. Жеке үлгү болууга жана, эгерде балдар ыйлап жатса, апасын сагынса, аларды, бир жери ооругандарды же бир нерсеге тынчсызданғандарды көңүл буруусуз калтырбагыла
- Балдар менен бирге аракеттерди, кырдаалды талдагыла. Жардам берүүгө балдардын ниетин колдогула
- Драмалык оюндарды үйрөтүп, ар кандай театр оюндарын уюштуруп, балдарды жакшылык жана сезимталдык жөнүндө гумандуу сезимдерге жана түшүнүктөргө үйрөткүлө
- Топто жандуу жаратылыш бурчун түзгүлө, ал жерде идиште өсүмдүктөр өсөт, аларды балдар жыл бою багып, аларга суу куюп жана алар жөнүндө камкордук көрө алат
- Балдары башка балдарга, өсүмдүктөргө, жаныбарларга карата катаал мамиле кыл-

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Үй-бүлөлүк ченемдерди жана дөөлөттөрдү колдогула жана буга балдарды үйрөткүлө (оорулуулар жөнүндө камкордук көрүү, үй-бүлөнүн улгайган мүчөлөрүнө, ңарыстелерге жардам ж.б.)
- Адамдардын аёосун же санааркоосун пайда кылган тигил же бул окуялар жөнүндө бала менен маектешкиле
- Башкаларды аёо жана аларга жардам берүү жөнүндө айтылган китептердин же мультфильмдердин каармандарынын аракеттери жөнүндө аларды көрүп жатканда балага суроо бергиле
- Үйдөгү жаныбарлар (балык, куш ж.б.) баланын аёо кудуретине оң таасир эте алат, балдар жаныбарларга көз салып жана аларды бага алат
- Баланын кимдир-бирөө жөнүндө камкордук көрүүгө ниетин кубаттагыла, баланы мактагыла. Мисалы, “Сен азаматсың, сен чоң энеңе телефон чалып, анын ден соолугун сурап туура кылдың“

ларга колдоосун билдирет

- Өсүмдүктөр жана жаныбарлар жөнүндө камкордук көрөт (бутактарды сындырбайт, жаныбарларга катаал мамиле кылбайт)
- Жомоктордун, мультфильмдердин оң жана терс каармандарын айырмалайт
- Оюн жана сүрөт иштери аркылуу айланадагыларга өзүнүн эмоцияларын жана мамилесин билдирет

ган ата-энелер менен жекече маектешүү өткөргүлө

- Чоң кишинин бир нерсеге же кимдир бирөөнө мамилесинин эталонун көрсөтүү үчүн оюн учурунда балдар менен өз ара аракеттенгиле (мисалы, “Китепкана“, ролдор: окурман — китепканачы)



# КОГНИТИВДИК ӨНҮКТҮРҮҮ

**ЧАКАН ЖАК** ЛОГИКАЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

**КОМПОНЕНТ** СЕБЕПТИК-НАТЫЙЖАЛЫК БАЙЛАНЫШ

**16 СТАНДАРТ** БАЛА СЕБЕП МЕНЕН НАТЫЙЖАНЫН ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШТЫ ТҮШҮНӨТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Өз ара байланыштардын жөнөкөй түшүндүрмөлөрүн берет ("Шамал болуп жатат, ошондуктан бактар ийилип жатат, күн ысык, ошондуктан кар эрип жатат")
- "Эмне үчүн?" деген суроону берет, себептик мамилелерди түзүүгө кызыгат

### Беш-жети жаштагы бала

- Өзгөртүү болуп өткөн себептерди түшүндүрөт (адам уктап жатат, анткени ал чарчады; эгерде көпкө чейин жаан жаабаса, чөп куурап калат)
- Себеп менен натыйжанын ортосундагы өз ара байланышты табуу үчүн тажрыйба жасайт (температуранын сууга таасири)

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдарды изилдөө ишине, айрым буюмдарды иликтөөгө шыктандыргыла. Суроолордун жардамы менен баланы өз алдынча тыянак чыгарууга жана акыл калчоого жеткиргиле
- Көз караштуу өнүктүрүү жана курчап турган чөйрө жөнүндө таасирлерди байытуу үчүн балдар менен сейилбакка, көлмөгө, курулуп жаткан объекттерге экскурсияларды пландаштыргыла
- Сейилдин учурунда балдарды буюмдар менен кубулуштардын мүнөздүү белгилерин байкоого, ажыратууга, алардын ортосундагы себептик-натыйжалык байланышты белгилөөгө үйрөткүлө (күзүндө бактардын жалбырактары түшөт, куштар түштүккө учуп кетет, адамдар жаандан колчатырдын астына жашынат жана башка)
- Жаратылыштагы өзгөрүүлөрдүн циклдүүлүгү жана ырааттуулугу жөнүндө балдар-

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балада логикалык ойлонуунун жана буюмдар менен курчап турган дүйнөнүн ортосунда өз ара байланышты түзө билүү элементтерин өнүктүрүү, ата-энелер бир объектиге, ошондой эле бүтүндөй алганда кубулуштарга жөнөкөй байкоо жүргүзүүнү уюштуруусу керек
- Баланы себептик-натыйжалык байланыштар жагынан өз байкоолорун силердики менен салыштырууга үйрөткүлө
- Бул куракта балдар алда канча көп түрдүү оюндарга катыша баштай тургандыгын эске туткула (курулуш, сюжеттик, хор менен ырдоо, спорттук оюндар, эксперимент оюндар) ошондуктан оюн ишмердигин ар түрдүү материалдар, оюндар жана оюнчуктар менен байытуу керек. Бирок аларды баланын бөлмөсүнө толтуруп салбастан, мезгил-мезгили менен кезектештиргиле (оюнчуктардын бир бөлүгүн балдар

да түшүнүктү иретке келтиргиле, байланышты, мисалы, суунун күчөшү менен өсүмдүктөрдүн абалынын ортосундагы байланышты түшүнүүнү калыптандыргыла
- Тажрыйбанын жана эксперименттин жардамы менен балдарда кубулуштардын ортосундагы себептик-натыйжалык байланышты белгилей билүүнү өнүктүргүлө (заттын катуу абалдан суюк, газ түрүндөгү абалга/бууга айланышы жана тескерисинче
- Сабактын учурунда балдарга жомоктун, аңгеменин же повесттин аягын ойлоп табуу тапшырмасын бергиле
- Балдардын суроо берүү ниетин кубаттагыла

жетпей турган жерге алып койгула)
- Балага табышмак айткыла, мисалы, “Тий-тий десе — тийбейт, тийбе-тийбе десе — тиет“, “Токсон кабат тону бар“. Бул ойлонуу жана тыянак чыгаруу жөндөмүн калыптандырат
- Ата-энелер кызыктуу эксперимент оюндарды уюштура алат, мисалы, жарык жана нурлардын чагылуусу менен (дубалга тийген күн нуру), шам менен тартуу, магнит, чоңойтуучу айнек, кагаз чимирик (шамалдын касиети), көмүскө театр жана башкалар менен тажрыйба

**КОМПОНЕНТ** **КЫРДААЛГА БАА БЕРҮҮ ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЧЕЧҮҮ**

**17 СТАНДАРТ** **БАЛА КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЧЕЧҮҮ ЖОЛДОРУН ТАБАТ**

## ИНДИКАТОРЛОР

Үч-беш жаштагы бала

- Оюндарда, баарлашууда жана күндөлүк иштерде чечимдерди өз алдынча кабыл алат (эгерде ушул калса, көйнөк киет)
- Көйгөйлөрдү жана чыр-чатактарды чечүү үчүн айланадагылардын көңүлүн бурат

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдардын демилгесин, өз алдынчалыгын колдогула, аларды багыт берүүчү суроолордун жардамы менен ой жүгүртүүгө түрткүлө
- Сабактардын учурунда чакан топтор үчүн көйгөйлөрдү чечүүнү жана бүткүл топ менен талкуулоону талап кылган тапшырмаларды колдонгула

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Баланын иш-аракеттерине адилет жана жакшы баа бергиле
- Бала кандайдыр бир көйгөйдүн чечилишин табууга аракеттенип жатканда анын жанында болгула
- Багыт берүүчү мисалы, “Эмне үчүн сен ушундай чечимге келдиң? Сен муну кантип

Беш-жети жаштагы бала

- Ар кандай чыр-чатактарды жолго салат жана көйгөйлөрдү чечет (эрежелердин, турмуштук көндүмдөрдүн жардамы менен)
- Өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө ой жүгүртөт (мен секирип, тез жүгүрө алам)
- Өзүнүн аракеттеринин натыйжалары жөнүндө ой жүгүртөт (эгерде мен мындай кылганда, ... болуп өтмөк, ал эми мен тигиндей кылсам, ... болуп өтмөк)
- Башканын ыгына макул болот



- Тандалган чечимдин артыкчылыктарын жана кемчиликтерин балдар менен бирге талкуулагыла, алда канча мыкты чечимди тандоого балдардын ой жүгүртүүлөрүнө жардам жана багыт бергиле
- Жеке жана биргелешкен иште балдарга оң натыйжага жетишүүгө умтулууну үйрөткүлө (кеңеш бергиле, мисал келтиргиле)
- Кандайдыр бир көйгөйлөрдү чечүүнүн жүрүшүндө балдар менен сүйлөшкүлө, колдонууга аракет кылууга боло турган чечимдин ар кандай варианттарын айткыла жана биротоло чечимди тандагыла
- Балдарга өзүнүн пикирин билдирүү үчүн мүмкүнчүлүк бергиле, жаңы элементтерди жана көйгөйлүү кырдаалдарды кошкула
- Балага кырдаалга өз баасын берүүгө мүмкүндүк түзүп, жекече маектешүү жүргүзгүлө
- Баланын өз алдынча чечим кабыл алууга багытталган ишин уюштургула жасадың? Эмне үчүн мындай болуп жатат, сен кандай деп ойлойсуң?" деген суроолор аркылуу баланын ойлонуусуна дем бергиле
- Бала менен маектешкиле жана ал эмне үчүн мындай кылганын түшүндүрүүнү андан өтүнгүлө
- Зарылчылык болгон учурда, кандайдыр бир өз алдынча аракеттерди аткаруу процессинде балага жардам бергиле
- Баланын аракеттеринин натыйжасына көңүл буруу жана зарылчылык болгон учурда: "Дагы бир жолу жасап көрчү, сенин колуңан келет" деп айтып, аны колдоо керек
- Көйгөйдү чечүү менен байланышкан болжолдорду көрсөтүүгө баланын демилгесин кубаттагыла

**ЧАКАН ЖАК** ЖӨНӨКӨЙ МАТЕМАТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРДҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ

**КОМПОНЕНТ** САНДАР, ЦИФРАЛАР, ФОРМАЛАР, ЧОҢДУКТАР

**18 СТАНДАРТ** БАЛАДА САН ЖАНА ЭСЕП ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК БАР

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Онго чейин санайт
- Сүйлөгөндө: көп, жалгыз, бири да, канча, тең деген түшүнүктөрдү колдонот
- Бештин чегинде бирден кошот (алат)
- Бештин чегинде айрым цифраларды таанайт
- Бештин чегинде сандардын курамын билет (5 — бул 2 жана 3; 1 жана 4)

### Беш-жети жаштагы бала

- 20га чейин эсептейт
- 10дун чегинде артка карай тартипте эсептейт жана логикалык тапшырмаларды чечет
- 10дун чегинде сандардын аныктайт
- 10го чейинки сандарды билет
- 10дун чегинде сандардын курамын билет (айрым бирдиктерден жана эки аз сандан)
- "+", "-", "=", "<",">"белгилеринин маанисин түшүнөт

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Математиканы балдардын күндөлүк тажрыйбасына киргизгиле жана аларды оюндардын, сейилдөөнүн, продуктивдүү иштин, дене тарбия көнүгүүлөрүнүн жана башкалардын учурунда эсептөөнүн (түз, артка карай), кемитүүнүн, өлчөөнүн жөндөмдөрүнө машыктыргыла
- Сабактарды пландаштырууда балдардын көп эмес (бир түшүнүктөн ашык эмес) сандагы математикалык терминдерди, элементтерди, фигураларды гана өздөштүрүүгө кудуретин эске алгыла
- Бир темадан башкасына өткөндө, балдар жаңы билимдерди мурда өздөштүрүлгөндөр менен байланыштыра алышы үчүн өтүлгөн материалдарды сөзсүз бекемдегиле
- Тапшырмаларды ар кандай варианттарда бир нече жолу кайталагыла (үч-жети жаштагы балдар үчүн — сегиз жолуга чейин кайталоо)
- Окутуунун оюн ыкмаларын колдонгула, анын ичинде цифралар жөнүндө кызыктуу ырларды жаттоо, тамашалуу тапшырмалар-

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Үй-бүлөнүн шартында оюн формасында баланын математикалык түшүнүктөрүн өнүктүргүлө
- Сейилдөө учурунда баланын көңүлүн айлана-чөйрөнүн сан тарабына бургула
- Балдарга эсептөөгө жөнөкөй тапшырмаларды бергиле, мисалы, "манжаларыңды (момпосуйду, кашыкты жана башкаларды) сана"
- Балага логикалык ойлонуу элементтерин өнүктүрүүгө багытталган суроолорду бергиле ("Сен кандай деп ойлойсуң?", "Эгерде бир нерсени өзгөртсөчү?", "Бул туура аткарылдыбы?" ж.б.)
- Окутуунун формасы, чоңдугу боюнча ("чоңураак", "кичине", "бирдей" түшүнүктөрү менен тааныштыруу), ошондой эле "шарттуу өлчөөнүн" жардамы менен (мисалы, өлчөө, эсептөө жана салыштыруу, куурчактын столунун, стулунун, машинканын узундугу боюнча канча карандаш батат ж.б.) жөнөкөй ыкмаларын колдонуу керек
- Баланы математиканын негиздерине

ды, ыр тапшырмаларды чечүү ж.б.)

- Окуу процессинде математикалык жөндөмдү өнүктүрүүгө оюндарды жана оюн тапшырмаларын колдонгула, мисалы, ким андан ары эсептейт, математикалык диктант, цифраны жандандыр, бул бөлмөдөн бир санына окшош буюмдарды тапкыла ж.б.
- Көрсөтмө материалдардын, таяныч сүрөттөрүнүн, карточкалардын, оюнчуктардын, жаратылыш материалынын жана башкалардын мисалында балдарды "көп сандаган" жана "бирдиктердин ичинен көп сандаган курам" түшүнүктөрүн калыптандырууга машыктыргыла
- Балдарда жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү өнүктүрүү боюнча сабактарда дидактикалык оюндарды, логикалык гимнастиканы, викторина сабактарды жана башкаларды колдонгула
- Окуу процессин сюрпризде, мисалы, балдар үчүн "жооптуу тапшырмалары" бар жомоктордун жана мультфильмдердин каармандарынын пайда болушу жана укмуштуу саякаттар менен коштогула




окутуу үчүн ошондой эле үйдүн чөйрөсүн чагылдырган жана табигый кырдаалдарда курулган имараттарды колдонгула. Мисалы, "Меймандар канча киши болорун жана чай үчүн канча чыны коюу керектигин эсепте", "Столдо кандай жемиштер бар?" (аз); "Токочту баарына бирдей бөл"; "Ар бир табактын жанына бирден кашык кой" ж.б.

- Балдар өзүнүн ишинин ар кандай түрлөрүндө (оюн, сүрөт тартуу, дене тарбиясы, чоң кишилерге жардам ж.б.) математикалык курамдын билимдерин жана жөндөмдөрүн колдонгондо аларды кубаттагыла
- Балдар менен ойноо учурунда математикалык терминдерди колдонгула, мисалы, "Сен көп упай алдың", "Менде аз фишка калды"; "Байкем менен эжемдин топтору окшош" ж.б.

**КОМПОНЕНТ** САНДАР, ЦИФРАЛАР, ФОРМАЛАР, ЧОҢДУКТАР

**19 СТАНДАРТ** БАЛАДА ТҮС, ФОРМА, ЧОҢДУК ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК БАР

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Геометриялык фигураларды айырмалайт жана атайт (айлана, үч бурчтук, чарчы)
- Буюмдарды чоңдугу боюнча айырмалайт (менин тобум сеникине караганда чоң; бак — бийик, жапыз)
- Салмакты айырмалайт (менин сумкам оор)
- Буюмдарды узундугу, бийиктиги, туурасы, калыңдыгы боюнча өсүүчү же кемүүчү тартипте жайгаштырат (эң тууралжын тилке, кууш, дагы кууш жана өтө кууш)
- Буюмдарды жалпы белгиси боюнча топтойт (түсү, чоңдугу, формасы)

### Беш-жети жаштагы бала

- "Чоң — кичине" түшүнүктөрүн айырмалайт
- Бүтүн нерсе кайда, ал эми бир бөлүгү кайда экенин аныктайт
- Геометриялык формаларды (тик бурчтук, сүйрү) атайт жана аларды айланадагы

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Математикалык түшүнүктөр жөнүндө суроолордун жана ой жүгүртүүлөрдүн жардамы менен балдарды талдоого жана синтезге кызыктыргыла. Мисалы, балдардын көңүлүн курулуш мезгилинин ичинде алардын өскөнүнө бургула
- Формалардын көп түрдүүлүгү жөнүндө математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн (өзгөчө үч-беш жаштагы балдарда) жакшы көрсөтүү үчүн кум менен ойноону жана кум үчүн формаларды колдонгула
- Экспериментке жана изилдөөгө балдардын демилгелерин кубаттагыла. Ал-сак, чоңдукту, көлөмдү, форманы аныктоо үчүн көрсөтмө ыкмаларын сунуш кылгыла — "үстүнө бастыруу", "тиркөө", "шарттуу чөнем" ж.б.
- Балдарды көрсөтмө куралга таянуу менен белгилер боюнча буюмдарды классификациялоого үйрөткүлө
- "Чоң", "кичине", "бирдей" түшүнүктөрүн аныктоо үчүн балдарга "тиркөө" жана "үстүнө бастыруу" ыкмаларын көрсөткүлө жана аларды колдонууга жардам бергиле
- Буюмдардын өсүүчү (кемүүчү) тартипте

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Баланы жалпы белгилери бар ар кандай буюмдар жана материалдар менен камсыз кылгыла
- Балага бир нерсени салыштыруу үчүн мүмкүнчүлүк бергиле
- Колдо болгон материалдарга таянуу менен балага жөнөкөй тапшырмаларды бергиле. Мисалы, "Жыгачтан жасалган үч кызыл кубикти танда".
- Бала өзүнүн тилинде математикалык терминдерди (сан, фигура, барабар, аз) дайыма эле колдоно албастыгын эске алгыла, ал ушул сөздөрдүн маанисин түшүнөөрүнө ынангыла
- Сейилдөө жана бирге ойноо учурунда бала менен дайыма сүйлөшкүлө, ага математикалык маанидеги суроолорду бергиле ("Бутакта канча чымчык олтурат?", "Кайсы үй бийик?", "Светофордо кайсы түс күйдү?" ж.б.)
- Баланы жандуу заттар менен өсүмдүктөрдүн ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды табууга үйрөткүлө (мисалы, жашоо чөйрөсү боюнча: үйдөгү — жапайы жаныбарлар, деңизде жа-

буюмдар менен салыштырат
- “Чекит, түз сызык“ түшүнүктөрүн айырмалайт жана аларды тартат

жайгашуусун талап кылган оюндарды жана оюнчутарды колдонгула (матрешкалар, пирамидалар, кубиктер ж.б.)
- Балдарды математикалык түшүнүктөрдүн негиздерине үйрөтүүдө кызматташтык жана өнөктөштүк ыкмаларын колдонгула. Балага “Сеники туура эмес“ деп кесе айтууга болбойт, “дагы ойлонуп көр“ деп айтуу керек
- Сабактар үчүн экологиялык, эстетикалык жактан кызыктуу (ачык түс, кызыктуу түр) жана коопсуз материалдарды колдонгула
- Буюмдарды белгилери боюнча классификациялоо көрсөтмөлүү куралга таянуу менен аткарылууга тийиш

шагандар ж.б.). Мисалы, “Бактагы алмалар тоголок, сары жана кичинекей“
- Балдар “чекит“, “түз сызык“, “сүйрү“, “айлана“ жана башка түшүнүктөрдү жакшы өздөштүрүшү үчүн боекторду пайдалангыла

**КОМПОНЕНТ** **МЕЙКИНДИКТЕ ЖАНА УБАКЫТТА БАГЫТ ТАБУУ**

**20 СТАНДАРТ** **БАЛА МЕЙКИНДИКТЕ ЖАНА УБАКЫТТА БАГЫТ ТАБАТ**

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Буюмдардын жайгашуусун аныктайт (ылдый жакта, өйдө жакта, үстүндө, астында)
- Аракеттерди түшүнөт жана аткарат: алга, артка, ылдый, өйдө
- Оң жана сол колду жана бутту айырмалайт жана атайт

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдарды сол жана оң колду так таанууга жана көрсөтүүгө үйрөткүлө
- Балдарды өзүнүн денесине карата мейкиндикте багытты табууну үйрөтө баштагыла, анткени балдар багыттарды “алдыны“ — өздөрүнүн бети, ал эми артты — “далысы“ менен байланыштырат
- Динамикалык сабактар — эртең менен-

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Кенже курактагы бала убактысынын көбүн үйдө өткөрөт, ошондуктан ата-энелер анын өнүгүшүнө жана окуусуна көңүл буруусу маанилүү
- Балдар менен мейкиндикте багыт табуу боюнча сабактарды өткөрүп, оюндарды колдонгула, мисалы, “Коңгуроо кайсы тараптан шыңгырап жатат?“ (баланын оң жагынан,

- Аралыкты аныктайт "алыс — жакын"
- Сутканын мезгилин атайт: түн, күн
- Убакытты айырмалайт: өткөн, учурдагы, келечектеги ("бүгүн", "эртең", "эчак" деген сөздөрдү колдонот)
- Жылдын эки мезгилин билет: кыш жана жай. Аларды белгилери боюнча аныктайт: кышкысын кар, суук; жайкысын сууга түшүшөт, гүлдөр гүлдөйт

### Беш-жети жаштагы бала

- Мейкиндикте багыт таба алат: оңдо, солдо, астыда, үстүдө, ортосунда, башка буюмдарга карата ортосунда
- Бaрактын бетинин оң жана сол тарабын, үстүн жана астын, бурчтарын, ортосун аныктайт
- Жылдын төрт мезгилин аныктайт
- Сутканын мезгилин атайт: эртең менен, күндүз, кеч
- Жуманын күндөрүн аныктайт
- Сөздөрдү туура колдонот: кечээ, бүгүн, эртең, мурда, жакында, эчак
- Убакытты сааттар боюнча аныктай алат: туура 5, 6 ж.б.

ки гимнастика, дене тарбиясы, ритмика, бий кыймылдары мейкиндикте багыт табууга балдардын жөндөмдөрүн калыптандырууда алда канча натыйжалуу болуп саналат

- Алар ар кандай көнүгүүлөрдүн жана кыймылдардын учурунда колдонулуучу бардык зарыл "математикалык" түшүнүктөрдү камтыйт. Тизүүдө: бири-биринин артына, артта турган, алдыда турган; кайра тизүү учурунда: жармашып чыгуу, астына кирүү (алдына, үстүнө); капталга бурулган учурда (солго, оңго, алдыга, артка); басып же чуркап баратканда (алга, артка); топ тээп баратканда (төмөнтөн, жогортодон берүү) ж.б.
- Балдарды тегиздикте багыт таба билүүгө жана анда тапшырылган буюмдардын, сүрөттөрдүн, фишкалардын, оюнчуктардын жана башкалардын жайгашкан ордун аныктай билүүгө үйрөтүү үчүн сабактардын учурунда ар кандай нерселердин бетин (альбом барагын, столду, окуу тактасын) колдонгула
- Сүрөт ишинин сабактарында балдарды кагаздын барагында багыт табууга жана ортодо, төмөндө, өйдөдө, жогорку оң же төмөнкү сол бурчта деген сөздөрдү колдонуу менен сүрөттөрдү жана буюмдарды жайгаштырууга үйрөткүлө
- Балдар бул түшүнүктөрдү канчалык өздөштүргөнүн тактоо үчүн убакыт түшүнүктөрү жөнүндө балдар менен маектешкиле
- Сүйлөп жатканда дайыма: бүгүн, эртең, кечээ деген сөздөрдү колдонгула, анткени бул түшүнүктөр салыштырма мүнөздө бо-

анын сол жагынан, үстүдөн, столдун астынан ж.б.)

- Эртең мененки гимнастиканын учурунда балага анын оң колу, сол буту, кулагы, көздөрү кайда экенин аныктоо тапшырмасын бергиле. Бул ага өзүнүн денесин жакшы билүүгө жардам берет
- Күндөлүк турмушта балага жакын жана түшүнүктүү болгон мисалдар менен анын математикалык түшүнүктөрүн дайыма калыптандыргыла (стулду терезенин оң жагына кой, столдун астынан топту алып чык, байкеңдин жанына тур ж.б.)
- Балага мейкиндикте багыт табууга жардам берип жана ага багыт көрсөтүп анын аракеттерине дайыма комментарий бергиле, мисалы, "Столдун жанына кел", "Табакты ашканага алып бар", "оюнчуктарды текчеге алып кой"
- Столдун үстүндөгү басылма оюну багытты табууну өнүктүрүүнүн жакшы ыкмасы болуп саналат, мында бала фишкалардын жардамы менен оюн талаасы боюнча ар кандай багыттарда "жылат" жана өзүнүн аракеттерине комментарий берет: "Мен талаанын бүткүл узундугу боюнча өйдө-ылдый басам" ж.б.
- Бала менен сабактар үчүн жөө сейилдөөнү колдонуп, аны менен ар кандай буюмдар: мисалы, чоң эне канчалык алыс жашай тургандыгы жөнүндө, же үйдүн үстүнкү кабатын куруп бүтүрүп жаткан курулушчулар жөнүндө; көчөдөн өтүп жатып адегенде — сол жакты, андан соң оң жакты кароо керектиги жана

лот жана балдар аларды кыйындык менен өздөштүрөт
- Балада сутканын мезгили жөнүндө түшүнүктү калыптандырып, бул аталыштарды балдар жана аларга жакын чоң кишилер эртең менен, күндүз, кечинде, түнкүсүн жасаган нерселер менен байланыштыргыла
- Убакытты өлчөө үчүн атайын түзүлүш — (дубалга тагылган кол) саат бар экенин түшүндүргүлө. Алар цифралары бар циферблат, чоң (саат) жана кичине (мүнөт) жебелер менен жабдылган, алар так убакытты көрсөтөт
- Балдардын сааттагы убакытты аныктоого демилгесин кубаттагыла

башкалар жөнүндө маектешкиле
- Үй-бүлөлүк альбомдун жардамы менен балдардын убактылуу түшүнүктөрүн өнүктүргүлө. Бала менен бирге: апасы кичинекей болгон, ал эми чоң атасы айылдагы мыкты жигит болгон жана башка фотосүрөттөрдү көргүлө

**ЧАКАН ЖАК** — **КУРЧАП ТУРГАН ДҮЙНӨ МЕНЕН ТААНЫШУУ**

**КОМПОНЕНТ** — **КИТЕПТЕРГЕ КЫЗЫКЧЫЛЫК**

**21 СТАНДАРТ** — **БАЛА КИТЕПТЕРГЕ КЫЗЫГУУСУН КӨРСӨТӨТ**

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Китепке аяр мамиле кылат
- Сүрөтү бар китептерди көрөт
- Өзүнүн жакшы көргөн китебин көрүп таанып айтат

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдарга китепти сүйүүнү жана урматтоонун каныктыргыла, аларга китепти пайдалануу эрежелерин көрсөткүлө, мисалы, китептин өз орду болууга тийиш, китепти бирден барактоо керек, солдон оңго жана жогортодон төмөн карай окуу керек. Китепке

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Бала үчүн китептерди сатып алгыла жана аларга кызыгуусун арттыргыла
- Китеп сатып алууну бала үчүн салтанаттуу жана ардактуу окуя кылгыла
- Баланын курагына ылайык келген китептерди сатып алгыла

- Чоң кишилерден китеп окууну өтүнөт
- Китепти алат жана окуп жаткандай түр көрсөтөт
- Ага окуп берген окуянын жүрүшүнө (сюжеттин өнүгүшүнө) көз салат

### Беш-жети жаштагы бала

- Китептерге кызыгуусун билдирет, жакшы көргөн китеби бар
- Китепте курчап турган дүйнө жөнүндө маалыматтар камтылганын билет
- Китептин аталышы, автору, сүрөтчүсү бар экенин билет
- Кейипкерлердин аракеттерин талдап, уккан тексти жөнүндө ой жүгүртөт
- Табышмактарды, макалдарды билет



аяр жана кылдат мамиле кылуу зарыл
- Топтук жайда "китеп жана окуу борборун" уюштургула, ал жерде мазмуну жана жасалгасы боюнча ар башка китептерди жана басылмаларды жайгаштыргыла (бүктөлмө китептер, оюнчук китептер, наристелердин китептери, балдардын колунан чыккан китептер, ачык түстүү чоң сүрөттөрү бар календарлар, Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө открыткалардын топтому, жомоктордун жыйнактары, жаныбарларга, өсүмдүктөргө арналган энциклопедиялар, географиялык карталар жана атластар, глобус ж.б.)
- Балдар бакчасында "Китепти оңдоо күнүн" уюштургула, бул ишке балдарды жана алардын ата-энелерин тарткыла
- Сабактарда жана бош убакта китеп окууга жана кайра айтып берүүгө кызыгууну өнүктүргүлө
- Тилди өнүктүрүү боюнча сабактарда балдарга программалык  чыгармаларды окуп бергиле (курагы боюнча), окулуп чыккан текстти маселелер боюнча бөлүштүргүлө, андан соң, балдарга аны кайра айтып берүүнү (текстке жакын) сунуш кылгыла. Бул окулуп чыккандарды балдар канчалык өздөштүргөнүн аныктоо үчүн зарыл
- Сабактардын учурунда көркөм сөздүн коостугуна жана сонундугуна көңүл бургула, кайгылуу жана шайыр учурларды интонация менен бөлгүлө. Балдарга тааныш эмес сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө
- Балдарга китепти алар мындан маалымат гана эмес, андан канагат алгыдай кылып окугула

- Баланын китепти сүрөттөр боюнча окууга же кайра айтып берүүгө ниетинин демилгесин колдогула (окуп жаткан түр көрсөтүү)
- Кенже курактагы балдар силерден бир эле китепти кайра-кайра окууну сураныши мүмкүн экенин эске алгыла, бул курак үчүн таанып-билүүнүн мүнөздүү өзгөчөлүгү ушундай, сабырдуу болгула жана баланын өтүнүчүнө баш тартпагыла
- Балдарды түшүндүрүү жана суроолорду берүү, баланы китептеги сүрөттөр менен тексттин ортосундагы өз ара байланышты табууга кызыктыруу менен окуткула
- Бала китептерди канааттануу менен окушу үчүн ата-эне китепти кол менен биргелешин жасоо ыкмасын колдоно алат. Мындай китептеги сүрөттөр ачык түстүү жана кызыктуу болууга тийиш, бул үчүн үй-бүлөлүк альбомдогу сүрөттү колдонууга болот
- Китепке кызыгууну өнүктүрүү үчүн наристеге мен бир нерселерин билбейт экенмин, анын жообун китептен гана табууга болот деп айтуудан коркпогула. Жоопту бала менен бирге издегиле, зарыл маалыматты кантип издөө керектигин ага көрсөткүлө
- Китепти силер өзүңөр окуп жатканыңарды бала көрүүгө тийиш. Силерге кандай китептер жагаары жөнүндө аны менен сүйлөшкүлө

**КОМПОНЕНТ** ЭКОНОМИКАЛЫК ЭЛЕСТЕТҮҮЛӨР

**22 СТАНДАРТ** БАЛА ЖӨНӨКӨЙ ЭКОНОМИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨР ЖӨНҮНДӨ КАБАРДАР ЭКЕНДИГИН БИЛДИРЕТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Сюжеттик-ролдук оюндарда "сатуу-сатып алуу" иш-аракеттерди чагылдырат ("дүкөнгө" ойнойт)
- Тигил же бул буюмду сатып алуу ыкмалары жөнүндө ой жүгүртөт (Апасы же атасы бир нерсени сатып алышты ж.б.)

### Беш-жети жаштагы бала

- Сууну, электр энергияны үнөмдөйт (суу үчүн акча төлөш керек экендигин билет)
- Чоң адамдын уруксаты менен майда буюм сатып келе алат.
- "Баасы канча?", "Бул акчага эмнени сатып алууга болот?" деген суроолорду берет
- Сүйлөгөн сөзүндө экономикалык терминдерди колдонот (валютанын аталышы, "кымбат", "акчанын калдыгын кайрып берүү", "канча турат" ж.б.)
- Дүкөнгө ойногондо "акчаны" пайдаланат, анын – сатып алуу, төлөө деген негизги функциясын билет

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдарда сууга, электр жарыкка үнөмдөө мамиле кылууну тарбиялагыла
- Экономикалык тарбиянын элементтерин "Дүкөн", "Монополия", "Үй-бүлө – үй" ж.б. сюжеттик-ролдук оюндардын жардамы аркылуу сиңиргиле
- Айрым экономикалык элестетүүлөр менен балдарды тааныштыруу үчүн: таза сууну, электр энергияны үнөмдөгүлө, жаратылыш ресурстарга этияттуу мамиле кылгыла, токойлорду, тоолорду, абаны жана көлмөлөрдү таза сактагыла деген таянычы бар сүрөттөрдү колдонгула.
- Балдар менен китеп окуп жатканда, мультфилмдерди көрүүдө балдарды социалдык-экономикалык көйгөйлөрдүн жана адамдын иш- аракетинин курчап турган чөйрөгө тийгизген таасири дүйнөсүнө киргизгиле

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Үй-бүлө – баланын экономикалык элестетүүлөрүн өнүктүрүү үчүн эң эле ыңгайлуу чөйрө, бул жерде ал күн сайын экономикалык түшүнүктөр жана көйгөйлөр менен кезигет. Бала бардык нерсе акчага сатып алынат жана тигил же бул буюмду алуу үчүн акча керек, акча табуу үчүн иштеши керек, ар кандай кызмат көрсөтүүлөр бар жана алар төлөм аркылуу көрсөтүлөт экендиги ж.б. жөнүндө угат.
- Бала менен жеткиликтүү формада бир нерсени сатып алуу жөнүндө ниетти талкулагыла, сатып алуулар кымбат жана арзан болгондугун түшүндүргүлө.
- Балага чакан бир нерсени өз алдынча сатып келүүнү сунуштагыла (сиздин катышууңузда) Экономикалык түшүнүктөрдү жана терминдерди балага түшүндүрүү үчүн кыргыз элдик макал-лакаптарды, салттарды колдонгула

- Оюнчуктарды, буюмдарды алар бат эле эскирип кетпегендиги жана жаңыларды сатып албагандыгы үчүн үнөмдөп колдонот

**КОМПОНЕНТ** САБАТТУУЛУККА ОКУТУУ

**23 СТАНДАРТ** БАЛАНЫН ТЫБЫШТАР ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮГҮ БАР ЖАНА ТИЛДИК ТҮЗҮМДҮ АҢДАП ТҮШҮНӨТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Эне тилинин бардык тыбыштарын туура айтат
- Кат жазууну туурайт (ар кандай чиймелерди чийет)
- Курчап турган чөйрөдөгү үндөрдү туурайт (жаныбарлардын, курт-кумурскалардын, машиналардын)

### Беш-жети жаштагы бала

- Сөздөрдү муундарга бөлөт
- Сөздөрдөгү белгилүү тыбыштарды айырмалай алат
- Сөздөрдөгү тыбыштарды айырмалай алат (сөздүн башында, ортосунда, аяк жагында)

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдарды сөздөрдөгү тыбыштарды интонация аркылуу айырмалоону үйрөткүлө
- Баланын өз ысымында камтылган тыбыштарды таанууга болгон ниетин/эптүүлүгүн кубаттагыла
- Татаал түшүнүктөр үчүн балага кабыл алуунун ассоциациялык ыкмаларын колдонгула
- Сөздүн тыбыштык анализи (үндүү – үнсүз) боюнча сабактардын учурунда балдарга ар түстүү фишкаларды сунуштагыла, бул балдарга алардын айырмачылыктарын түшүнүүгө жана эсине сактап калуусуна жардам берет. Кызыл фишка үндүү тыбыш, ал эми көк фишка – үнсүз фишка деп белгилеп койгула
- Үндүү тыбыштарды ырдаса болот "а-а-а", ал эми үнсүз тыбыштарды ырдаса болбойт "б-б-б", бир нерсе аны ырдап коюуга тоскоолдук кылгандыгына

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Бала кайсы тыбыштарды жакшы айткандыгына жана кайсыларын жакшы эмес айткандыгына көңүл буруңуздар
- Бала "тыбыш" түшүнүгүн билгендигин текшергиле
- Тыбыштарды туура айтуу көйгөйлөрүн түзөтүү боюнча адис менен убагында кеңешкиле (төрт жаштан беш жашка чейин)
- "Сенин ысымың кайсы тамгадан башталат?" (апаңдын, атаңдын, байкеңдин ж.б.) деген оюнду бала менен чогуу ойногула
- Китептерди окууда сөздөгү басымды интонация аркылуу туура белгилегиле
- Балага керектүү шарттарды түзүп бергиле жана өнүктүрүүчү материалдарды бергиле, мисалы, "Көңүл бурган азбука", тамгалар жана цифралар ж.б.у.с. нерселери бар магниттүү доска
- Бала менен "тамганы умачтап жаса",

- Алфавиттин айрым тамгаларын билет
- Карандашты туура кармай алат



балдардын көңүлүн бургула

- Балдардын эне тилинин бардык тыбыштарын туура айткандыгына жетишиңиз, аларды өзүңүз туура айтыңыз
- "Тыбыш-үн-тамга" түшүнүктөр менен балдарды тааныштыруу боюнча сабактарда көрмө материалдарды, дидактикалык оюндарды, өнүктүрүү окуу куралдарды (көрсөтмө жана таркатуу) көп колдонуңуз
- Сабактардын, оюндардын, эркин иш-аракеттердин учурунда төмөнкүлөрдү аныктоого сөздүк оюндарды уюштурула: (1) сөздүн башында, ортосунда, аягында кедешүүчү тыбыштар; (2) сөздөгү үндөрдүн саны
- Оюндагы бурчтарды төмөнкү символдор жана жазуулар менен белгилеп койгула: "Оорукана", "Ашкана", "Автобустун аялдамасы", "Мектеп" ж.б.
- Эне тилинде жазылган ырларды чогуу угуу үчүн укма-материалдарды колдонгула, бул тыбыштарды жана сөздөрдү туура айтууга үйрөтүүнүн жакшы ыкмасы.
- Эне тилде жазылган китептерди окуу үчүн кам көргүлө — бул тилдин тыбыштар тутумун окууга ыңгайлуу ыкма
- Тамгалардын жана сандардын графикалык сүрөтүн түшүрүү ниетин кубаттагыла
- Балдарга тыбыштар жөнүндө элестетүүлөрдү өнүктүрүү боюнча ишиңизде жаңылмачтарды, табышмактарды, эсептегичтерди, макалдарды, ырларды колдонгула
- Сүрөт тартуу сабактарда калемсапты, карандашты туура кармоо жөндөмүн калыптагыла

"цифраны сүрөткө тарт", "кумда жалгыз", "ар түрдүү үндөгү ырды ырда" деген оюндарды ойногула

- Бала менен сейилдеп басып жүргөндө тамгалар, тыбыштар, цифралар жөнүндө билимин бекитүү үчүн анын көңүлүн илинип турган жарнактарга, көрсөтмөлөргө, символдорго бургула
- Жаныбарлардын балдарынын аталышы колдонулган китептерди окуп бергиле. Мисалы: "Түлкүнүкү — бачики; уйдуку — музоо, аттыкы — кулун, чочконуку — торопой, тооктуку — балапан, иттики — күчүк" ж.б.
- Балага улуттук фольклордон алынган ырлар колдонулган аңгемелерди айтып бергиле, бул ага тыбыштардын тутумун жакшыраак өздөштүрүп алуусуна жардам берет.

**ЧАКАН ЖАК** ТИЛДИ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА САБАТТУУЛУККА ОКУТУУ

**КОМПОНЕНТ** ТИЛДИ ӨНҮКТҮРҮҮ

**24 СТАНДАРТ** БАЛА УГУП, СҮЙЛӨГӨН СӨЗДҮ КАБЫЛ АЛАТ ЖАНА АНЫ АР КАНДАЙ МАКСАТТАРЫ МЕНЕН КОЛДОНОТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Чоң адамдардын сөздөрүн кайталап, аларды туурайт
- Сүрөттөр, оюнчуктар аркылуу аңгеме түзөт
- Өзү, үй-бүлөсү жөнүндө чоң адамдардын кошумча суроолорунун жардамы аркылуу айтып бере алат

### Беш-жети жаштагы бала

- Өз алдынча аңгеме түзөт
- Таанымал сөздөрдүн маанисин сурайт
- Тема боюнча сүйлөйт жана өз оюн так айтып бере алат
- Сүйлөгөн сөзүндө сүйлөшүүнүн вербалдык эмес каражаттарды колдонот (мимика, шилтөө)
- Сүйлөгөн сөзүндө сүйлөшүүнүн белгилүү этикетин колдонот (аңгемелешип отурган адамдын курагын эске алуу менен

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР


- Балдарды үнүн чыгарып кандайдыр бир идеяларын айтууга, көйгөйлөрдү чечүүгө, сүрөт же обонду сүрөттөөгө, алар өзүлөр окуган же аларга окуп берген китепке сынпикир берүүгө козгогула. Оюндарда, сабактарда, жемиштүү иш-аракеттерде тил формалардын ар кандай түрлөрүн колдонгула (ырлар, жаңылмачтар, телефон менен сүйлөшүүлөр ж.б.)
- Балдарды кубаттап тургула, аларды кызыктырган ар кандай темалардагы топтук аңгемелешүүлөргө катышуусуна мүмкүнчүлүк бергиле
- Балага күн сайын өз курдаштарына жашоосунда болгон окуяларды жана сахнада коюлган оюндарды, буга чейин ага окуп берилген жомокторду, уламыштарды кайталап айтып берүү мүмкүнчүлүгүн түзүп бергиле
- Баланын монолог жана диалог сүйлөшүү практикасын колдонуу демилгесин колдогула
- Балдар менен тил этикети сабагын уюштургула (сылык тон, учурашкандын, кечирим

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Баланы жакшы көргөн оюнчугун сүрөттөп берүүгө ниетин козгогула, түрткү болуучу суроолор менен жардам бергиле.
- Бала менен чогуу ырларды жаттагыла, өз окуяларын айтып берүү ниетин кубаттагыла
- Бала суранып жатканда, анын сөзүн көңүл буруп угуңуз, кызыгыңызды жана достук мамилеңизди билдириңиз
- Фольклор жана бешик ырларды колдонуңуз, бала менен эне тилинде сүйлөшүңүз
- Тилдин, сезимдердин, сыпайы сөздөрдүн сулуулугун берүү үчүн тил практиканын үлгүлөрүн кеңейткиле. Мисалы: "Күчүгүм, алтыным, кулунум" ж.б.
- Балдар тилди колдонуунун функционалдык пайдасын көрүү үчүн күнүмдүк жашоодогу тилдин ар кандай колдонуу моделдерин пайдалангыла
- Бала менен эртеден кечке чейин сүйлөшө бергиле –сиз үй жумуштарын аткарып жатканда жаныңызда болгондо, тамактанып жатканда, сейилдеп басып жүргөндө ж.б.

учурашат, коштошот)

- Сөздөрдү туура санда, роддо жана жөндөмдө колдонот



сурагандын, шыбырап сүйлөгөндүн ж.б. ыкмасы)

- Татаал сөздөрдү колдонгула жана балдарга алардын маанисин түшүндүрүп бергиле
- Балдарга сөздөрдү туура санда, роддо, жөндөмдө колдонууга тапшырмаларды бергиле
- Классикалык жана ойлорунан чыгарган жомокторду сахнага коюу каалоосун кубаттагыла
- Балдарга китеп окуп берип жатканда манжаларга кийиле турган ар кандай марионеткаларды, кол курчактарды колдонгула, ал аркылуу балдар вербалдык эмес тилди түшүнүүгө жана пайдаланууга үйрөнөт.
- Ар кандай маданияттар жана алардагы саламдашуулар жөнүндө китептерди окуп бергиле: күн сайын ар кандай саламдашууну колдонуп тургула

- Балага идеяны сөздөрдү, мимиканы, шилтөөлөрдү, символдорду колдонуу менен айтып берүүнү сунуштагыла
- Баланын өз сезимдерин сөз менен чагылдыруу аракетин кубаттагыла (сүйүнүчүн, кайгысын, коркунучун ж.б.у.с.) аларды чагылдыруу үчүн сөздөрдү тандап алууга жардам бергиле



# ОКУТУУНУН ЫКМАЛАРЫ

**ЧАКАН ЖАК** ОКУУГА КЫЗЫКЧЫЛЫК

**КОМПОНЕНТ** ДЕМИЛГЕ

**25 СТАНДАРТ** БАЛА ИШ-АРАКЕТТИН АР КАНДАЙ ТҮРЛӨРҮНӨ ДЕМИЛГЕ КӨРСӨТӨТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Китепти, оюнчукту жана аларга карата иш-аракеттин түрүн өз алдынча тандайт
- Иш-аракеттин бир түрүнөн башка түрүнө өтөт
- Оюндагыны ишке ашыруу үчүн материалдарды тандайт жана колдонот (оюнчуктар, боектор, карандаштар, кубиктер, таштар ж.б.)

### Беш-жети жаштагы бала

- Жекеден чыгып кызыкчылык менен иш-аракеттин бир түрүн же сабакты тандайт
- Өз аракеттерин пландаштырат ("мен кубиктерден үй жасап, короого барып ойноймˮ
- Натыйжага багытталган жигердүү ишмердүүлүктү уюштурууну билет

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдарга оюнчуктарды, окуу китептерди, сүрөт тартуу жана куруу үчүн материалдарды өз алдынча тандап алуу мүмкүнчүлүктү бергиле. Балдардын көтөргөн демилгесин колдогула
- Балдардын жаңы иш-аракетке болгон демилгесин көтөрүү үчүн ыңгайлуу чөйрө түзүп бергиле
- Тапшырмаларды аткаруу ыкмаларында балдар менен чогуу эксперименттерди жасагыла, алардын алдына жаңы тапшырмаларды койгула жана аларды сүрөттөп бергиле
- Балдар менен сүйлөшкөндө, талкуолордун жүрүшүндө алардын демилгесин аркалагыла. Сабакта балдарга байкоо жүргүзүп, аларга байкоолордун негизинде суроолорду бергиле.
- Балдардын пландары жана ойлору жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн суроолорду берип тургула

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Өз алдынча ишмердүүлүккө жана өнүгүүгө багытталган баланын демилгесин кубаттагыла. Зарыл учурларда ага сөз же практика аркылуу жардам бергиле (өзү топчулангысы, столдун үстүн жыйнагысы, байкеси менен ойноогусу ж.б. келгенде)
- Күн сайын балага анын каалоосу боюнча оюндар үчүн убакыт бөлүп бергиле
- Бала менен иштеп жатканда "Жөнөкөйдөн татаалга" деген негизги эрежени колдонгула
- Мектепке чейинки жаш куракты "эрежелердин курагы" деп аталаарын эсиңизге салыңыз, башкача айтканда, баланын көңүлүнүн туруктуулугун өнүктүрүү үчүн бала чоң адамдар андан эмнени күтүп жаткандыгын билиш керек. Так эрежелерди билбеген бала көңүлү бош, өзүнө ишенбегей баштайт..
- Баланын күнүмдүк иш-аракеттердин кандайдыр бир түрүн тандап алгандыгын кубаттагыла (окуу, оюн, сүрөт тартуу ж.б.)

- Жаңы буюмдардын жасалышын изилдөөгө кызыкчылыгын көрсөтөт



- Балдарга пландарды түзүү, ойлоп чыгаруу, ишке ашырууга жана иш-аракеттерди кылуу үчүн мүмкүнчүлүк бергиле
- Ар бир балага өз алдынча жана башка балдар менен чогуу ойноо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылгыла
- Сабактарды уюштуруунун ар кандай формаларын колдонгула: топто, чакан топто, түгөйдө.
- Балдардын кызыкчылыктарын жана каалоолорун эске алуу менен кыймылдуу жана сюжеттик-ролдук оюндарды уюштургула
- Кол алдындагы жана "ыргытыла" турган материалдарды (бошогон коробкалар, кездемелердин кесиндилерин, пачкаларды, табигый матриалдарды ж.б.) колдонуп, кызыккан иши, оюн менен алектенүүсүн кубаттагыла
- Атайын муктаждыктары бар балдарды оюнга тарткыла
- Баланын оюндун сюжетин өнүктүрүү жана баштаган оюнду кийинки күнү улантууга болгон ниетин кубаттагыла
- Бардык балдар менен эмне болуп жаткандыгына көңүл бургула: алардын идеяларына, сезимдерине, пикирлерине
- Бала бир нерсени өз алдынча кылууга даяр болгуча ага көмөк көрсөткүлө
- Баланын күнүмдүк жашоодо, шаардан сырткары сейилдеп басып жүрүүдө жана бирге өткөргөн башка иш чаралардын учурунда байкоо жүргүзүүнү өнүктүргүлө.
- Балдар белгисиз нерсени ачууга багытталган өз "тажрыйбаларына" таянып, көпчүлүк суроолорго өзүлөр жооп бергенге аракет жасашат, мындай учурларда ата-энелер балдарга көйгөйдү чечүүгө жана чөйрөнү коопсуз кылууга жардам бериши керек
- Балага демилгени көрсөтүү үчүн жана ар кандай адамдар менен өз ара аракеттенүүсүнө мүмкүнчүлүк бергиле (курдаштары, чоң адамдар, сатуучулар, кошуналар ж.б. менен)
- Балага көз салып турган ата-энелер, ал иш-аракеттин бир түрүнөн башкасына бат эле өтүп кеткендигин байкашат. Көңүлдүн боштугу бул жаш курактагыларга мүнөздүү нерсе.
- Иш-аракеттин ар кандай түрлөрүнө баланын кызыгуусун жаратуу үчүн өзүңүз үлгү болуп таасир этиңиз (кол эмгек, музыкалык аспаптарда ойноо, спортко кызыгуу, китептерди окуу ж.б.)
- Эгерде өнүгүүнүн кандайдыр бир чөйрөсүндө сиздин балаңыз жетишпей жатса, тынчыңызды кетирбеңиз. Ал жекече өнүгөт.

**КОМПОНЕНТ** НАТЫЙЖАГА ЖЕТҮҮДӨГҮ КУЖУРМӨНДҮҮЛҮК

**26 СТАНДАРТ** ТААНЫП БИЛҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ БАЛА ТЫРЫШЧААКТЫКТЫ ЖАНА МАКСАТЫНА ЖЕТҮҮНҮ КААЛООСУН КӨРСӨТӨТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Жакшы көргөн иш-аракеттерин кайталайт
- Белгилүү бир максатка жетүү үчүн чоңдордун жардамы менен аракет кылат
- Ага кызыктуу болгон иш-аракеттерге токтолот
- Тапшырмаларга 10-15 мүнөт көңүлүн коёт
- Эгер тапшырманы аткара албаса "билбейм" деп айтат

### Беш-жети жаштагы бала

- Алаксытуучу факторлордо (телевизор, башка ойноп жаткан балдар) аны кызыктырган ишинин түрү менен алектенет
- Максатына жетүү үчүн кыйынчылыктардан өтүүгө умтулат (оюнчукка жетүү үчүн отургучту коет)
- Кайсы бир ишти өздөштүрүүдө тырышчаактык көрсөтөт (тоңкочук атуу, тосколдон секирүү)

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Балдардын өз кызыгуулары менен аракеттенүү ниетине дем бергиле
- "Бул жакты кара", "Мен көңүл бурууну күтүп жатам", "Оюнду топто" ж.б көрсөтмөлөрдү берүү менен иш аракет учурунда баланын оюн топтоого жардам бергиле
- Көйгөйдү чечүүдө балдарга жардам сунуш кылгыла, ийгиликке ишенимдүүлүк билгизгиле
- Балдарды тапшырманын үстүнөн ойлонууга түрткү бергиле, биргеликте мүмкүн болгон жолдорун караштыргыла зарыл болгон учурда тапшырманы жеке талкуулагыла
- Тематикасы узак убакытты талап кылган иш-аракеттерди пландагыла (бир нече күн, жума, ай). Мисалы: урук тигүү, өсүшү, өсүмдүктүн гүлдөөсү
- Узак жана кыймылсыз абалды талап кылган иш аракеттер (сүрөт тартуу, математика, конструкциялоо) учурунда "дене тарбия мүнөтүн" өткөрүүнү унутпагыла
- Сценарий колдонуу менен ар бир балага ыр же роль берип балдар майрамдарын уюштургула (жаттоого жүйө — майрамда ай-

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Эсиңиздерде болсун, мектеп жашына чейинки курагына балдар жашоосунун көпчүлүк бөлүгүн үйдө уй-бүлөсү менен өткөрөт, ошондуктан ата-энелерге анын таанып билүүгө болгон кызыкчылыгын өөрчүтүүгө тийиш. Эгер ата-энелер өзүнүн кесиби жөнүндө кызыктуу кылып, анын коомго кандай пайдалуулугу жөнүндө айтып беришсе, бала көңүл коюп угат жана суроо берет, ишмердүүлүктүн ар кандай түрүнө кызыкчылыгы артат
- Баланын көңүлүн белгилүү бир иш-аракетке топтоого жардам берүү үчүн баланын көңүлүн алаксытуучу факторлорду чектегиле (бала бөлмөдө ойноп жаткан маалда телевизорду өчүрүп койгула)
- Качан: "Бул эмнеге керек" деген жүйө болгондо балдар оңой жана көшөрүп үйрөнүшөт Мисалы: туулган күндө бир тууғандардын алдына чыгып бир нерсени аткаруу
- "Сөздөн — ишке" ыраатуулугун балага көрсөткүлө
- Оюн — айлана чөйрөнү таануунун эң жакшы жолу болгондуктан, бала менен тез-тез ойноп тургула

- Мурда ойноп жүргөн оюндун (иш аракеттин) сюжетин кыйындатат
- Иш-аракеттерге 20-25 мүнөт көңүлүн коет

тып берүү ниети)

- Балдарда тырышчаактыкты өнүктүрүү үчүн аз кыймылдагы оюндарды колдонгула, мисалы: стол – басма оюндары, мозаика, лото)
- Балдарга так көрсөтмө бергиле, тапшырманын аткаруу эрежесин жана максатын түшүндүргүлө, көңүлүн күтүлүүчү натыйжага багыттагыла

- Оюнду же тапшырманы бүтүрүү үчүн балага жетишээрлик убакыт бөлгүлө

**КОМПОНЕНТ** **АЙЛАНА ЧӨЙРӨНҮ ТААНУУНУН ЖҮЙӨСҮ**

**27 СТАНДАРТ** **БАЛА АЙЛАНА ЧӨЙРӨНҮ ТААНУУГА КЫЗЫГЫН АРТТЫРАТ**

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Өзү кабылып жүргөн жаңы буюмдарга же көрүнүштөргө кызыгат, жаңыны билүү үчүн суроолорду берет
- Билимдин булагына кызыгуусун арттырат (китептер, сүрөт тартуу, музыка ж.б.)
- Буюмдардын жана көрүнүштөрдүн физикалык мүнөзүн сүрөттөйт (кар муздак, муз эрийт ж.б.)
- Айлана чөйрөдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдү талкуулайт (өсүмдүктүн өсүшү, жалбырактардын өңү, курттун көпөлөккө айланышы)

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Айлана чөйрөнү коопсуз кылган соң, аны изилдөөгө балдарга дем бергиле
- Топтук бөлмөдө "илим борборун" уюштургула, аларды керектүү материалдар, изилдөө үчүн көптөгөн коопсуз жана кызыктуу буюмдар менен жабдыгыла
- Сабак учурунда балдарга кыйын жооп талап кылбаган ачык түрдөгү жана багыт берүүчү суроолорду бергиле, мисалы: "Сен кандай ойлойсуң, эмнеге бул мындай болуп калды?", "Сен муну кандай кылып өзгөртмөксүң?", "Биз дагы кандай кыла алмакпыз?"

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Баланын таанып-билүү кызыкчылыгын өөрчүткүлө, эсиңерде болсун, мектепке чейинки курак – бул таанып-билүүнүн жана изилдөөлөрдүн курагы
- Баланын кызыкчылыктарына көңүл буруу менен мамиле кылгыла жана ар түрдүү иш аракеттери үчүн шарттарды түзүп бергиле, оюнчуктарды жана китептерди баланын жашына жараша тандагыла
- "Изилдөө" мезгили бала үчүн коопсуз эместигин эске туткула. Кээ бир буюмдардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн билбегендиктен бала жаракат алып калышы мүмкүн

- Жаныбарларга жана курт-кумурскаларга мүнөздүү болгон белгилерге кызыгат, алардын жашоо чөйрөсун билет
- Аба ырайынын жана сезондун өзгөрүшүн байкайт жана айырмалайт

### Беш-жети жаштагы бала

- Ар кандай кубулуштарды байкоо үчүн жөнөкөй шаймандарды колдонот (сызгыч, тараза, термометр, лупа жана шарттуу ченемдер ж.б.)
- Китептерге жана окуу куралдарына кызыгы артат
- Өз мекени, республикасы жана башка өлкөлөр тууралуу маалыматтарга кызыгат
- Айланада болуп жаткан өзгөрүүлөр тууралуу суроолорду берет: "Эмнеге?", "Эмне?", "Кайда?" "Эмне үчүн" ("Эмнеге жылдыздар кулабайт", "Эмнеге жаан жаайт", "Оюнчуктун телевизордун ичинде эмне бар")
- Ой жүгүртөт жана талдайт. Мисалы, өсүмдүктөр, алардын айырмасы, жаныбарлардын жана чымчыктардын жашоосу аны кызыктырат
- Дүйнө түшүнүү суроолору кызыктырат (жашоонун, жылдыздардын пайда болушу, асман, Күн, Жер жана башка планеталар жөнүндө сурайт)
- Эгер силерди бир нерсе таң калтырса аны жашырбагыла, кайсы бир жаңылык же табияттын кубулушу жөнүндө үнүңөрдү сыртка чыгарып ой жүгүрткүлө
- Балдарга айлана чөйрөнү изилдөөгө жана ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүн окуп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк жана убакыт бергиле
- Биргеликте изилдөө жолу менен балдарга суроолорго жооп тапканга жардам бергиле (Кызык, бул кантип иштеп жатат? Силердеги кандай ойлор бар?)
- Балдардын толук тобу менен оюн-викторинаны (суроо-жооп) уюштургула балдардын кызыкчылыгынын көбүрөөк маанилүү чөйрөсүнүн өнүгүшүн стимулдаштыргыла
- Ар бир балага суроого жооп берүү үчүн жардам бере турган ресурстарды колдонууга мүмкүнчүлүк бергиле (эгер бала жапайы жаныбарларга кызыкса, тийиштүү китебин таап бергиле, чогуу отуруп жаныбарлардын жашоосу ж.б. жөнүндө документалдык тасмаларды көргүлө)
- Баланы кыялындагы окуяны ойлоп жазууга кызыктыргыла
- Күнүмдүк окуу убагындагы материалдарды колдонууда же аларга карата кюлган талаптарга/күтүүлөргө туш болгондогу кыйынчылыктарды сүрөттөп берүүгө балдарга түрткү бергиле
- Бала менен сейилде жүргөндө айланада эмнени көрсөңөр ошо жөнүндө сүйлөшкүлө, талкуулагыла, суроолорду бергиле жана баланын суроолоруна жооп бергиле
- Балага жөн эле "ооба" же "жок" деген эмес, кыйыныраак жоопту талап кылган суроолорду бергиле
- Өзүңөрдүн кызыгууларыңарды балага көрсөткүлө, силердин кыймыл-аракетиңерди (китеп окуу, сүрөткө тартуу, өсүмдүктөрдү кароо, унаа айдоо ж.б.) байкоосуна мүмкүнчүлүк бергиле
- Айлана-чөйрөнү таанууга багытталган баланын кызыгуусун (хоббисин) аныктагыла жана өнүктүргүлө
- Кайсы бир табигый көрүнүш же окуя жөнүндө болгон чоң кишилердин сүйлөшүүсүн жана аңгемелешүүсүн угууга балага мүмкүнчүлүк бергиле

# ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖАНА ЭСТЕТИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ

**ЧАКАН ЖАК** ЧЫГАРМАЧЫЛЫК БАЛАНЫН АЙЛАНА-ЧӨЙРӨНҮ ТААНЫП БИЛҮҮЧҮ ЫКМАСЫ

**КОМПОНЕНТ** КРЕАТИВДҮҮЛҮК ЖАНА И ӨЗҮН КӨРСӨТӨ БИЛҮҮ

**28 СТАНДАРТ** БАЛА ЭЛЕСТЕТКЕНИН КӨРСӨТӨТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Окуяларды оюнан чыгарат
- Элестетүү жана апыртуу менен чындыкты жеткирет (мурун, мен жокто ж.б.)
- Элестетүү жана ойдон чыгаруу менен кыймыл аракеттерди окшоштуруп туурайт (калп эле жеп жаткан киши болуп көрүнөт, кичинекей наристени, чымчыкты туурайт)
- Оюнда жансыз буюмдарга жан берет

### Беш-жети жаштагы бала

- Жаңы сюжеттерди жана ролдорду ойлоп табат
- Тааныш материалдар жана оюнчуктар менен ойнойт
- "Түкшүмөлдүү", "атайылап" деген түшүнүктөрдү колдонуу менен реалдуулукту

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Эксперимент жүргүзүүнү жана элестетүүнү колдоно билүүгө түрткү бере турган чөйрөнү түзүп бергиле
- Балдардын фантазиясын жана чыгармачылыгын өркүндөтүү үчүн ачык суроолорду колдонгула
- Белгилүү жомоктордун башкача аяктышын ойлоп табууну балдарга сунуштагыла
- Оюндун өтүшү менен байланыштуу болгон практикада идеяларын ишке ашырууга балдарга убакыт бергиле
- Балдарга өздөрүнүн билимин жаңы жагдайларда колдонуусуна түрткү бергиле: тааныш болгон геометриялык фигуралардан ар кандай буюмдарды жасоо, окулган жомокторду сахналаштыруу ж.б.
- Ата-энелердин жана коноктордун катышуусу менен болгон майрамдарга даярданууда балдарга өз идеяларын, чечимдерин жана сунуштарын айтуусун сунуштагыла

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Бала али жакындарынын баа берүүсүнө көз каранды болгондуктан анын жетишкендиктерин жана идеяларын белгилеп тургула
- Бала даярданууда өзүнүн чыгармачылыгын жана элестетүүсүн көргөзө ала турган чоң эмес оюн-зоокту үй-бүлөдө уюштургула
- Балага сабакты тандоо укугун бергиле жана оюндун процессин чукул токтотпогула
- Чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн чөйрө түзүп бергиле
- Балдардын жаңы идеяларын жана кыймыл-аракеттерин колдоп кызыктыргыла

ойдон чыгарылган нерседен айырмалайт
- Ойноп жатып жаңы образдарды жана сюжеттерди жаратат, отургучтарды космос кемесине, ал эми бөлмөнү башка планетага айлантат
- "Жараксыз" жана жаратылыш материалдарынан ар нерсе курაштыруу сабагын уюштургула, кандайдыр бир буюмдарга же жаныбарларга окшоштугун импривизациялоону, композиция түзүүнү балдарга сунуштагыла, мисалы: тамыр (бутактын) бүркүткө окшош ж.б.
- Ар бир баланын элестетүүсүн чагылдырууларга жада калса эң кичинекей ийгиликтерин колдоп кубаттагыла

**КОМПОНЕНТ** **КРЕАТИВДҮҮЛҮК ЖАНА ӨЗҮН КӨРСӨТӨ БИЛҮҮ**

**29 СТАНДАРТ** **БАЛА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КАКЫЗЫГЫН АРТТЫРАТ**

## ИНДИКАТОРЛОР

Үч-беш жаштагы бала

- Боёктор менен эксперимент жүргүзөт: эки түстү аралаштырып үчүнчүсүн алат
- Чыгармачылык үчүн чоңдордун жардамы менен ар кыл материалдарды колдонот ("жараксыз", жаратылыш материалдары ж.б.)
- Ырда жана бийде өзүнүн маанайын тартуулайт
- Буюмдарды белгилеп көрсөтүүдө символдорду колдонот (үч тик бурчтук — поезд, айлана — күн)

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Оюндун жаңы идеяларын, анын ичинде ролдук оюндардын идеяларын балдар менен талкуулагыла, сурагыла
- Багыт берүүчү суроолорду берүү менен жаңы окуяны ойлоп табууга жардам бергиле, балдарды ойноткула
- Балдарды көркөм чыгармачылыктын ар кыл түлөрү менен тааныштыруу үчүн ар кандай материалдарды (сүрөттөр, кыргыздын кол өнөрчүлүк чыгармалары, китеп графикасы, боёк сүрөт, скульптура) тандагыла
- Топтук бөлмөдө театр бурчун жасагыла

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Баланын ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзгүлө жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн көргөзүүсүн колдоого аракеттенгиле
- Сюрприз кылгыла, баланы сүрөт тартууга, жабыштырып жасоого же башка ишмердүүлүккө кызыктыргыла. Боёк, карандаш жана башка чыгармачылыкта керектелүүчү буюмдар менен камсыз кылгыла
- Оюн кырдаалын жетишпеген буюмдар, оюнчуктар менен толуктоо аркылуу балдар-

### Беш-жети жаштагы бала

- Аппликациялардын, декоративдик сүрөттүн жардамы менен өз алдынча оюуларды курайт
- Сүрөттөн, жасалмалардан көргөнүнөн, сахналаштыруудан укканынан, эсинде калгандан алган таасирин билгизет ("Биз Ысык-Көлдө болгонбуз..."
- Сүрөт тартууда жана жасалмаларды даярдоодо элдик оюулардын элементтерин колдонот (толкун, мүйүз, гүлдөр)
- Сүрөттөрдү жана жасалмаларды көптөгөн майда-бараттары менен жасайт
- Мурда алган билимин жана тажрыйбасын колдонуп сюжеттердин жана сюжеттик-ролдук оюндардын моделин түзөт
- Оюнда, бийде, көргөзмөлөрдө ар кандай өзгөрөт, сахналаштырууда ар кандай ролдорду аткарат (жомоктон алынган сахналар, куурчак театры, концерт)
- Чыгарманын аягын өз көз карашына, фантазиясына жараша өзгөртүшү мүмкүн (гримдөө бурчу), чыгармачылыкта балдардын керектөөлөрүн ишке ашыруу үчүн ар кандай оюн материалдары менен камсыз кылгыла (моюн орогучтар, жоолуктар калпактар, кол чатырлар, көз айнектер, чоң шурулар, галстуктар ж.б.)
- Тигил же бул түстү колдонуу менен өзүнүн элесиндегидей оюну түшүрүүсү үчүн балага сүрөт тартууга, аппликациялоого кенен мүмкүнчүлүк бергиле
- Сүрөт тартууну жана буюм жасоону үлгү боюнча гана эмес баланын чечими жана тандоосу менен жүргүзгүлө
- Кыргыз эл жомокторунун жана башка элдик жомоктордун мотиви боюнча түзүлгөн театр көргөзмөлөрүнө балдарды аралаштыргыла
- Элестетүүнү өнүктүрүүгө багытталган оюндарды ойлоп тапкыла
- Элестетүүсүн жана чыгармачылык ойлонуусун өнүктүрүү үчүн балдарга суроолорду бергиле. Мисалы: "А эмне болмок, эгер..."
- Артисттердин жана балдардын катышуусу менен көрсөтмөлөрдү уюштургула
- Балдар өз тандоосун кылуусу үчүн өнүгүүчү чөйрөнү ар кандай музыкалык аспаптарга байыткыла (шакылдаган, урма, кылдуу, үйлөмө). Сүйлөө речинде ушул аталыштарды бекиткиле жана балдарга аспаптарды салыштыра билүүгө үйрөткүлө. "Музыкалык сүрөттөр" оюнун ойногула
- Конструкциялык ишмердүүлүк сабактарында чоң, үстөлдүк курулуш материалдарын, жана ошондой эле оюндар үчүн курудын тигил же бул атрибутту тандоо аракетин кызыктырып колдогула, аларды жарактуу же "жараксыз" материалдардан жасаңыз (коробкалар, кутучалар ж.б.)
- Силер өз колуңуз менен (кийиз, тери, металл, жыгач жасалгалары) эмне жасай аларыңарды балага көргөзгүлө жана аны карап турууга жана колунан келишинче жардам берүүгө чакыргыла. Эгер силер кайсы бир жасалганын кооздугуна өңүнүн байлыгына жана формасына суктансаңар, анда баланын да ал тууралуу оюн билиңиз
- Чыгармачылыкка кызыгуусунун өнүгүшүн байкоо менен болушунча көбүрөөк бош убакытты бала менен өткөргүлө. Баланы кооздоп, түстүү кагаздардан ар түрлүү оюнчуктарды жасап, костюм тигип, белектерди даярдаса болот
- Мүмкүн болушунча балаңар менен бирге көркөм көргөзмөлөргө, концерттерге, улуттук салттуу майрамдарга барып тургула. Аны менен көргөнүңөр тууралуу аңгемелешкиле жана бааңарды бергиле
- Жаш балдарга арналып жазылган фольклордук чыгармаларды (эпостор, жомоктор ж.б.) балдарга окуп берүүдө улуу муундун тажрыйбасын колдонгула

луштарды (көпүрө, жол, үй, муз тебүү) жасоодо жаратылыш материалдарын (кум, кар, суу) колдонгула

- Жаратылыш материалдарынын ар кандай бөлүктөрүн чогултуп жана бириктирип жөнөкөй буюмдарды балдар менен бирге кураштыргыла. Сабакты пландоодо балдардын чыгармачылыгына дем берүү менен элестетүүсүн өнүктүрүүгө аракет кылгыла
- Балдарды көркөм өнөрүнүн ар кандай түрлөрү менен тааныштыруу үчүн ар кыл материалдарды тандагыла (Сүрөттөр, кыргыз кол өнөрчүлүгүнүн чыгармалары, китеп графикасы, боёк сүрөт, скульптура)
- Өз мекени (шаар, айыл, Кыргызстан, Ысык-Көл) жөнүндө тематиканы тандап ата-энелер менен бирдикте балдар чыгармачылыгынын көргөзмөсүн уюштургула
- Оюндарда балдарды оюнчук-алмаштыр-гычтарды колдонууга үндөгүлө (таякча — градусник, кубик — токоч, жип — өрүлгөн чач ж.б.)



**КОМПОНЕНТ** МАДАНИЯТ

**30 СТАНДАРТ** БАЛАНЫН ӨЗҮ ТААНДЫК БОЛГОН ЭЛДИН МАДАНИЯТЫ ЖАНА БАШКА ЭЛДЕРДИН МАДАНИЯТЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮГҮ БОЛОТ

## ИНДИКАТОРЛОР

### Үч-беш жаштагы бала

- Элдик музыкалык аспаптардын аталыштарын билет (комуз, барабан)
- Ырларды, күүлөрдү, кийимдин элементтерин жана тамактарды билет

### Беш-жети жаштагы бала

- Мамлекетинин жана борборунун аталышын билет
- Мамлекеттик символикаларды (гимн, желек, герб) билет
- Көркөм өнөрдүн түрлөрү жөнүндө түшүнүгү бар (бий, музыка, сүрөт көркөм өнөрү ж.б.)
- Улуттук майрамдарга (Нооруз, Жаңы жыл, Масленица, Сабантуй ж.б.) катышат
- Кыргызстан элинин улуттарын атайт
- Кеңири таралган музыкалык аспаптарды үнүнүн чыгышы боюнча билет (барабан, комуз, гитара, пианино, баян, скрипка, чоор)

## ПЕДАГОГДОР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Тематикалык сүрөттөрдү, открыткаларды, мамлекеттик символикалар түшүрүлгөн видеоматериалдарды, улуттук костюмдарды, тиричилик буюмдарын, музыкалык аспаптарды, майрамдарды тандоодо балдар жана ата-энелер менен бирге иш алып баргыла
- Ар кыл улуттагы жана маданияттагы элдер көрсөтүлгөн китептерди окууга жана карап көрүүгө балдарга мүмкүнчүлүк бергиле. Аларды бирге талкуулагыла жана талдагыла
- Ар кандай маданияттардын айырмачылыгын көрсөткөн майрамдар, каармандар, ырлар, салттар тууралуу талкууларды жүргүзгүлө
- Чыгармачылык идеяларын ишке ашыруу үчүн сүрөт ишмердүүлүгү сабагында балдарга ар кандай материалдарды колдонууну сунуштагыла (кездеме, кийиз, чий ж.б.)
- Кыргыздын улуттук кийимдеринин тарыхы менен таанышууну жана кыргыз оюуларынын элементтерин тартууну өзүнө камтыган комплекстүү сабактарды өткүлө
- Балдардын жаңы нерсе жөнүндө билүүсү жана аны айтып берүүсү, көңүлүндө калган таасир менен бөлүшүүсү, мамлекет жана


## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШТАР

- Баланы үй бүлөнүн маданият салттары, улуттук ашканасы, майрамдары, үрп-адат, жөрөлгөлөрү менен тааныштыргыла
- Балада Кыргызстанда жашаган өз элинин жана башка элдердин маданияты жөнүндө түшүнүк калыптанышы үчүн бала менен бирге элдик ырларды угуу, концерттерге, көргөзмөлөргө баруу керек жана бүт үй мүчөлөрү менен бирге үй концертин уюштуруу зарыл
- Баланын өз элинин маданияты тууралуу өзү билгенин айтып берүү, көңүлүндөгүсүн бөлүшүү жана суроо берүү ниетин колдогула

анын символдору (герб, желек), борбору, өз элинин маданияты, Манас ким болгон, манасчылар деген кимдер ж.б. жөнүндө билүү ниетин колдогула

- Жомок саякаттарын жана "Устакердикине мейманга (чий, кийиз, керамика, металл, тери)" темасындагы экскурсияларды уюштургула. Бул балдарга элдик устачылык, кол өнөрчүлүк менен таанышууга жардам берет Аларды бирге талкуулагыла жана талдагыла
- Баланын өз элинин маданияты тууралуу өзү билгенин айтып берүү, көңүлүндөгүсүн бөлүшүү жана суроо берүү ниетин колдогула

Ар бир балага - саламаттык,
билим, теңдик, камкордук
АДАМЗАТТЫН ӨСҮШ ЖОЛУ УШУЛ



Кыргыз Республикасындагы БУУ балдар фонду (ЮНИСЕФ). БУУ Үйү

Чүй пр. 160, 720040 Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы
телефон 996 312 611 211 + ext \ 996 312 611 224 ...7
факс 996 312 611 191
bishkek@unicef.org
www.unicef.org/kyrgyzstan/ru

© The United Nations Children's Fund (UNICEF)